**Г. А. Ералиева**
**А. А. Зулпихарова**

# ОКУУ КИТЕБИ

*Жалпы орто билим берүүчү мектептердин*
*4-классы үчүн окуу китеби*

*Экинчи басылышы*

*Өзбекстан Республикасынын Элге билим берүү*
*министрлиги тарабынан бекитилген*

**«O‘zbekiston milliy ensiklopediyasi»**
Мамлекеттик илимий басма үйү
Ташкент–2017

**УЎТ 82.371.671.17=512.154 (075.2)**
**КБТ 83.5 (5ў)я71**
**Е-66**

Рецензенттер:

**З. Каххарова** – Ташкент облусу Бөкө районундагы 34-жалпы орто билим берүүчү мектептин башталгыч класс мугалими;

**Н. Пардабаева** – Ташкент облусу Бостандык районундагы 38-жалпы орто билим берүүчү мектептин кыргыз тили мугалими.

## *Шарттуу белгилер:*

– *суроо жана тапшырмалар;*

– *макалдар жана лакаптар;*

– *табышмактар;*

– *өз алдынча иштөө.*

**Ералиева Г.**

**Е-66** Окуу китеби: 4-класс үчүн окуу китеби / Г. А. Ералиева, А. А. Зулпихарова. – Ташкент: «O‘zbekiston milliy ensiklopediyasi» Мамлекеттик илимий басма үйү, 2017. – 216 б.

**УЎТ 82.371.671.17=512.154 (075.2)**
**КБТ 83.5 (5ў)я71**

**Республикалык максаттуу китеп фондунун каражаттары эсебинен басылды.**

**ISBN 978-9943-07-486-6**
© **Г. А. Ералиева, А. А. Зулпихарова,** 2015, 2017.
© **«O‘zbekiston milliy ensiklopediyasi»** Мамлекеттик илимий басма үйү, 2015, 2017.

# ЭГЕМЕНДҮҮ ӨЛКӨМ МЕНИН





## ӨЗБЕКСТАН – МЕКЕНИМ МЕНИН

Өзбекстан Республикасы 1991-жылдын 1-сентябрында эгемендүүлүккө жетишкен. Бул күн өлкөбүздө чоң майрам. Баш калаабызда, облус жана райондун борборлорунда, ошондой эле ар бир үйдө бул майрам чоң шаан-шөкөт менен белгиленет.

Мамлекетибиздин борбору Ташкент шаары, аймактардагы шаар жана айыл-кыштактар күн сайын өз түспөлүн өзгөртүп көрктөнүүдө.

Бактарыбызда алма, өрүк, шабдалы, анар, анжир жана башка мөмө-жемиштер бар. Эгин талааларында таттуу коон-дарбыздар жетиштирилет. Алар өзүнүн табигыйлыгы, таттуулугу жана пайдалуулугу менен дүйнөгө даңкы кеткен.

Журтубузда ишканалар да көп. Алар түрдүү багыттарда иш жүргүзүп, элибизге керектүү буюмдарды жана продукцияларды жеткирип берет.

Өзбекстандын эли ынтымактуу. Алар биримдикте жашашат.

1. *Эгемендүүлүк күнү дегенде эмнени түшүнөсүң?*
2. *Бул күндү элибиз кандай тосуп алат экен?*
3. *Мекен деген түшүнүктү өз сөзүң менен баяндап бер.*

## АТА ЖУРТ

Алыста жүргөн адам эңсеп-самап,
Ата журт, чөбүң дагы гүл жыттанат.
Санаамдан четтебейсиң, баркың бийик.
Сайдагы ташың алтын сыяктанат.

Булагың мүрөк суусун белендеген,
Жай алдың жүрөктөрдүн тереңинен.
Ата журт, аянбастан өзүң үчүн,
Бер десең, өмүрүмдү берет элем.

Төрөлгөн түндүгүнөн көктү карап,
Сезимдер кооздугуңа кумарланат.
Ата журт, аман болгун түбөлүккө,
Атагың кылымдарды ээрчип барат.

Алыста жүргөн адам күсөп-самап,
Ата журт, чөбүң дагы гүл жыттанат.
Санаамдан четтебейсиң, баркың бийик,
Сайдагы ташың да алтын сыяктанат.

*А. Осмонов*

*Ырды жаттап ал!*

Ата – мекен, эне – нур.

Ат тойгон жерине качат,
Азамат туулган жерине шашат.

Ата журтуң – алтын бешигиң.

## БИЗДИН АЙЫЛ

Президентибиздин демилгеси менен журтубуздун ар бир аймагында жаңы конуштар курулууда. Биздин «Эгемендүүлүк» айылыбыз ушулардын бири. Биз ага жакында көчүп өттүк. Көчөлөрдүн эки жагында кооз, көркөм үйлөр бой көтөргөн. Үйдүн бөлмөлөрү кең жана жарык, бардык шарттары бар. Алардын жанына мөмөлүү дарактар отургузулган.

Үйүбүздөн анчалык алыс эмес жерде заңгыраган мектеп, балдар бакчасы жана соода



дүкөнү курулган. Айылыбыздын врачтык пунктунда тажрыйбалуу врачтар адамдардын ден соолугуна кам көрүшөт. Айылдын четине курулган спорт аянтчасында түрдүү спорттук мелдештер, таймашуулар өткөрүлүп турулат. Ага жаш-кары дебей активдүү катышат.

Айылыбыздан райондун борборуна чейин түз жана тегиз, чоң жол түшкөн. Бул жолдун эки тарабына эгилген теректер айылга өзгөчө көрк берип турат. Мындай жолдон жүрүү адамга көтөрүңкү маанай тартуулайт. Анткени айылдан чыгаарың менен көчөнүн ар эки жагындагы аппак пахта талааларын, эгин аянттарында коон, дарбыздардын бышып жатканын көрөсүң. Фермердик чарбанын багынан терилген мөмө-жемиштерден биз сүйүп иче турган таттуу шербеттер даярдалат.

Мен өз айылымды жакшы көрөм жана ал мен үчүн ыйык мекен болуп саналат.

1. *Аңгемеде баяндалган айылды кандай элестеттиң?*
2. *Анда кандай жайлар бар экен?*
3. *Ушуга окшош жаңы курулган айылдарды билесиңби? Аларды сүрөттөп бер.*
4. *Адамга өз айлы ыйык мекен боло тургандыгын мисалдар менен түшүндүрүп бер.*

Эл жакшылыкты унутпайт.

Мекениң тынч – сен тынч.

Журту байдын өзү да бай.

## КИЧИ МЕКЕНИМ

Көргөндө кучакташкан айылымды,
Көөдөндө салмактаймын кадырыңды.
Түрлөнгөн элетиме керек болсо,
Тапшырып койгум келет тагдырымды.

Эмгектен эргип турса талааларың,
Эсимден чыгат дароо санааларым.
Чамынып айылыма келер элем,
Чын болсо кайра баштан жараларым.

Таманы жерге тийип балалыктын,
Тентек ай, булуттардай таралыпмын.
Өссөм да бийиктерге, чокуларга,
Өзгөрбөйт айырмасы аралыктын.

Таратып турмушумдун себептерин,
Термелет эркиндикте теректерим.
Айланып бүт ааламдан табалбасмын,
Айдан да, Сатурндан элет жерин.

*Мелис МАМАТЖАН уулу*

## ТАШКЕНТ

Ташкент – Өзбекстандын борбору.

Ташкентте чоң, көркөм имараттар, концерт сарайлары, музейлер, китепканалар, театр жана кинотеатрлар, стадиондор, түрдүү көргөзмө залдары, парк жана сейилбактар бар. Балдардын республикалык куурчак театры уул-кыздар үчүн бир-биринен кызыктуу оюн-зоок-



торду, жомоктордун негизинде тамашаларды көрсөтөт.

Борбор шаарда мектептер, жогорку окуу жай- лары, коллеж-лицейлер, китеп дүкөндөрү жана аларды даярдоочу басма үйлөрү бар.

Борбордогу Мустакиллик аянты шаардын көр- күнө көрк кошуп турат. Бул жерде майрамдар, элдик сейилдер өткөрүлөт.

Шаарда көп кабаттуу үйлөр барган сайын көбөйүп барууда. Алар жашоо үчүн ыңгайлуу жана кооз. Борбордук телестудияда биз жак- шы көргөн «Балажан» каналы бар жана ал аркылуу түрдүү багыттагы балдарга ылайыктуу көрсөтүүлөр берилет. Шаарда бийик телемунара курулган.

Ташкенттин көчөлөрүндө миңдеген түрдүү транспорттор каттайт. Шаар четинде аэропорттон көптөгөн мамлекеттерге самолёттор учат. Ташкент темир жол вокзалынан мамлекетибиздин жана дүйнөнүн түрдүү шаарларына поезддер тынымсыз каттап турат.

Ташкент күндөн-күнгө сулууланып жана көрктөнүп бара жатат. Борборубузга тез-тез чет мамлекеттерден саякатчылар келип турушат.

Ташкент – тынчтык жана достуктун шаары.

1. *Ташкент кандай шаар?*
2. *Ташкентте кандай имараттар бар?*
3. *Эмне үчүн Ташкентти тынчтык жана достуктун шаары дейбиз?*

## ТАШКЕНТ МЕТРОСУ

Жер асты электр темир жолу метро деп аталат. Сен өзү жүрө турган тепкич аркылуу бир заматта жер астына түшөсүң. Тынымсыз каттап турган поезддер сени каалаган метро станциясына бат эле жеткирет.

Ташкент метросу абдан кооз. Бардык станциялар түрдүү сайма, орнаменттер менен жасалгаланган. Көрктүү, таза жана жарык станциялар ар дайым элдер менен толтура. Айрыкча, «Мустакиллик» станциясы, «Новза», «Хамид Алимжан», «Чиланзар» станциялары өтө кооз. «Пахтакор» станциясынан «Өзбекстан» жолуна өтүлөт. Бул жолдон «Навоий», «Өзбекстан», «Айбек», «Ташкент» станциялары аркылуу темир



жол вокзалына барылат. Метронун тез жүрө турган поезддери эрте таңдан жарым түнгө чейин токтобостон жүрүп турат. Жакын жылдарда Ташкенттин бардык бурчтарына метро поезддери каттай турган болот. Жаңы станциялар курулат. Ошондо жүргүнчүлөрдүн алысы андан да жакын болот.

?

1. *Метро эмне?*
2. *Ташкент метросу жөнүндө сүйлөп бер.*
3. *Кайсы станциялардын атын билесиң?*
4. *Транспорттун дагы кайсы түрлөрүн көргөнсүң?*

## КАНДАЙ СӨЗ

ЫСЯУ НЫНЫРАА
Түшүнбөйм мунуңа, –
Деп айтар балдар бар.
А келсек чынына,
Табышмак бул сөздүн
Жок анча сыры да,
Окусаң табылат
Жараша ыгына.

Ушундай сөздөрдү түзүп, оңунан да, тетирисинен да окуганга тилиңди жатыктыр.

## КҮН ЖЕЛЕСИ ДЕГЕН ЭМНЕ?

Күн желеси табигаттын бир көрүнүштөрүнөн бири, адамдар анын кандай пайда болгонун билүүгө байыркы замандардан бери баш катырып келе жатышат.

Күн нуру же жөнөкөй ак нур бардык түстөрдү өзүнө камтыган. Сен жантайма турган күзгүнүн бир бурчуна же самындын көбүгүнүн бетине түшкөн нурду байкагансыңбы? Ак нур ар түрдүү түстөргө бөлүнүп кетет. Ошондо биз кызыл, кызгылт сары, сары, жашыл, көк жана башка түстөрдү көрөбүз.

Күн желеси да асмандагы жамгыр тамчылары аркылуу өтүп, сына турган нурдун түстөрүнөн түзүлгөн сызыктар. Бул абалда жамгыр тамчылары призма милдетин аткарат.



Күн желеси катуу жамгыр жаап жатканда чыгат. Бул убакытта, бир тараптан жаап жаткан жамгыр, башка тараптан Күн жаркырап чыгып турган болот.

Күн желесин көрүү үчүн сен Күн менен жамгырдын ортосунда болушуң керек. Күндөн түшө турган нурлар жамгыр тамчыларына түшүп, күн желеси пайда болот. Мында Күн, сенин көзүң жана күн желеси бир сызыкта жатышы керек.

Эгерде Күн өтө жогоруда болсо: мындай түз сызык өткөрүүгө болбойт. Ошондуктан да күн желесин эртең менен же кечинде гана байкоого болот. Эртең мененки күн желеси

Күндүн чыгыштан нур чачып турганын жана жамгыр сенин батыш тарабыңда жаап жатканын көрсөтөт. Түштөн кийинки күн желеси болсо, Күндүн батыштан нур чачып турганын, ал эми жамгыр болсо сенин чыгыш тарабыңда жаап жатканын билдирет.

?

1. *Күн желесин көргөнсүңбү?*
2. *Ал көбүнчө жылдын кайсы мезгилинде көп көрүнөт?*
3. *Мультфильмдердеги сыяктуу күн желесине минсе болот бекен? Эмне дейсиң?*

## КҮН КАРАМА НЕГЕ КҮНГӨ КАРАЙТ?

Бул өсүмдүк өзүнүн сулуулугу менен акындардын, сүрөтчүлөрдүн жана жөнөкөй жаратылышты таң калтырган.

Жапайы күн карамалар Америкада да кездешет. Ал Европага келээри менен гүлзардан гүлзарларга көчүп жүрө берген жана ал «күндүн гүлү» деген ат алган.

Күн карама көп жылдар ичинде өсүмдүк болуп келди. Бирок илимпоздор анын пайдалуу экендигин изилдешкен. Даарыгерлер күн карманын гүлү жана жалбырагы менен суук тийген кишилерди даарылоо мүмкүндүгүн аныкташкан. Балчылар анын гүлүндө нектар көптүгүнөн сүйүнүшкөн. Бирок, баары бир күн караманын негизги касиети ачылбай кала берген.

Ошондо орус дыйканы Бошкарев бүткүл дүйнө үчүн эң бир маанилүү болгон ачылышты

жаратты. Ал күн караманын уругунан жакшы жана даамдуу май алууга боло тургандыгын аныктады.



Азыркы күндө андан май алууда бүткүл дүйнө пайдаланат. Курамында майы көп болгон күн карама бардык жерде эгилет.

## АДИЛЕТТҮҮ ПАДЫША

Илгери-илгери үйүр-үйүр жылкысы, короо-короо кою, жайлоого батпаган малы бар, эли ток, байлыгы мол, жери кенен бир журт болот. Падышасы ары акылман, ары адилеттүү саясат

жүргүзөт. Эли журт башчысынан ыраазы, өлкөсү гүлдөп-өсүп, жылдан-жылга өнүгө берет.

Ошол эле аймакта бул журтка коңшулаш дагы бир мамлекет болот. Анын падышасы каары күч, жасаганы зулум, көрсөткөнү кордук болуп, эли дайыма коркууда жашайт. Падышанын ойлогон оюю өзүнүн аскерлери менен башка жерлерди да басып алуу, баскынчылык менен байлык арттыруу эле.

Адилеттүү падышанын журтунун бактылуу күндөрү көпкө созулбайт. Анткени, күндөрдүн биринде каардуу падыша өз элчилерин бул журтка жиберип, «Өлкөңдүн эсеп жеткис малдарынан миң үйүр бербесең, сага согуш ачам. Берсең, алты ай сага тийбей жөн жатам», – деген талабын айттырат. Анда адилеттүү падыша өз кеңешчилеринен жардам сурайт. Алар: «Малды берип жарды болгончо, согушуп өлгөнүбүз оң», – деп кеңеш беришет. Буга жооп катары падыша: «Алты ай тийбесе, алсын ошол миң үйүр малды», – деп элчилерди мал менен жөнөтөт. Кеңешчилери журт башчысынын бул жоругунан айран-таң, не максатта мындай жооп бергенин билишпейт.

Арадан алты ай өтөт, каардуу падыша:

– Токсон төөгө артылган алтын менен күмүш бер, же болбосо куралчан согушууга мында кел, – деген жаңы талабы менен элчилерин жөнөтөт. Адилеттүү падыша бул жолу да кеңешчилеринин пикири менен алтындарды бербестен, согушка баруунун ордуна каардуу



падышанын талабын аткарат. Элчилер олжону алып артка кайтаары менен жашыруун түрдө аскерлерин согушка даярдай баштайт. Олжолуу келген элчилерин көргөн каардуу падыша аябай кубанып, алтын менен күмүшкө магдырап, аскерлерин да көзөмөлгө албай, бош коёт.

Мезгил жылып, дагы алты ай өткөн соң, каардуу падыша: «Мамлекетиңдин четиндеги чөп өспөгөн, эл турбаган такыр жериңди мага бер, болбосо бүт элиңди кырып, өзүңдү кул кылам», – деп, элчилеринен айттырып жиберет. Бул жолу да кеңешчилерин чогулткан адилеттүү падыша алардан кандай жооп берүү жөнүн-

дө сурайт. Анда кеңешчилер: «Жерден сиздин өмүрүңүз кымбат. Такыр жердин эч кандай пайдасы жок, берсе берели», – дешет. Буга адилеттүү падыша:

– Эмгектенсең мал да, байлык да табылат, анын жоголгону кырсык эмес, бирок туулган жердин, Мекендин жоголгону – чыныгы кайгы. Мекенсиз адам – үнсүз булбул, Мекенден айрылганча, өмүрдөн айрыл, деген сөз бар. Андыктан Мекендин ар бир сөөм жери үчүн да күрөшүү керек, – деп каардуу падыша менен согушууга аттанат.

Согушта мыкты даярданган аскерлери менен адилеттүү падыша жеңип чыгат. Мурда олжого кеткен эсеп жеткис малдарын да, төөгө артылган байлыктарын да кайтарып алат. Каардуу падышанын элин зулумдан куткарып, бакыт-таалайга жеткирет. Ошондон улам, «Мекендин бактысы – өмүрдөн кымбат», деген накыл сөз айтылып калган экен.

***Бөлүм боюнча суроо жана тапшырмалар:***

1. *Адилеттүү падышанын журту кандай экен?*
2. *Каардуу падышанын эли эмне үчүн дайыма коркууда жашайт деп ойлойсуңар?*
3. *Адилеттүү падышанын Мекен жөнүндөгү айткан сөздөрүн түшүндүңөрбү?*
4. *Күн карамамы майы үчүн өстүрө турганыбызды билип алдың. Эми анын майынан кандай тамактарды, салаттарды даярдаса боло турганын иш дептериңе жазып чык.*

# ӨЗБЕКСТАН – ӨЗ ӨЛКӨМ



## МЕКЕН – ЭНЕ

Мекен десе – эне түшөт эсиңе,
Энесинен жакын жок го балага.
Эне десе – Мекен түшөт эсиңе,
Мекен үчүн кимдер болбойт садага.

Мекен – эне! Эне – Мекен! Силерди
Көкөлөтүп көтөрөбүз түбөлүк.
Асыраган, алпештеген, куунаткан
Силерсиңер – керек эмес күбөлүк!

*А. Токомбаев*

Ат арытмак арзан,
Журт арытмак кымбат.

## «МЕНИН АЛТЫНЫМ»

*(Аңгеме)*

– Алтыным, менин алтын кызым, – деди Сабира эже кызын эркелетип. Айзат апасына ансайын жадырап карай:

– Апа, сиз мени неге алтыным дей бересиз? – деп сурады кызы.

– Сен мен үчүн алтындай баалуусуң, кымбатымсың. Мен сени абдан жакшы көрөм. Ошон үчүн «алтыным» деп эркелетем, – деди апасы сүйкүмдүү кызынын жыпар жыттуу чачынан сүйүп.

Эне-бала көпкө дейре эзилишип сүйлөшүп отурушту. Бир кезде сырттан топ балдар-кыз-

дардын добушу угулду. Айзат апасынын бетинен «чоп» эткизе өптү да, ойномокко чыгып кетти. Бир топтон кийин оюндун кызыгы тарап, Айзат үйүнө кайтты. Атасы менен апасынын күңкүлдөшкөнүн, апасынын наарazылана сүйлөнүп жатканына кулагы чалып, босогого жетип, тык токтой калды. Эми апасынын сөзү даана угулду.

– Мына үйлөнгөнүбүзгө быйыл толук беш жыл болду. Сиз мага эч кайсы майрамда көзгө көрүнөрлүк белек алып берген жоксуз. Башка аялдардын күйөөсү майрам сайын сонун белектерди беришет. А менин алиге дейре же колумда, же кулагымда алтыным жок...

Алардын белек тууралуу сүйлөшүп, апасынын таарынып сүйлөнүп жатканына кичинекей Айзат кайдан түшүнсүн. Ал болгону апасынын «менин алтыным алиге дейре жок» деген сөзүн гана балалык баёо сезими менен түшүндү да, өзүнүн көпкө ойноп жүрүп алганына, апасын күттүргөнүнө ичтен өкүндү.

Анан кайра улактай так түйүлүп секирип келип, атасы менен апасынын маңдайына тура калып:

– Апаке, мынакей, мен келдим. Алтыным алиге дейре жок деп күттүңүзбү мени? Мына сиздин алтыныңыз, сиздин алтын кызыңыз келди, – деп такылдай сүйлөп. Эрке кызынын күтүүсүздөн келе калып айткан бул сөзүнөн атасы менен апасы эмелеки талаш-тартыштары чеки экенин түшүнүшүп, бири-бирин жадырай

карап, экөө тең «алтын кызын» алмак-салмак кучактарына бек кысып, жүзүнөн сүйүштү.

Чын эле, бул жашоодо ата-эне үчүн баладан өткөн бакыт, андан ашкан байлык, баа жеткис белек жок да... Ошондуктан адамдар бири-бири менен таанышканда, өз ара баарлашканда «Канча малың же алтының бар?» деп сурабайт. «Канча балаң бар?» деп сурайт эмеспи...

?

*1. Сени үйүңдөгүлөр кандай эркелетишет?*
*2. Аларды жакшы көрөсүңбү?*
*3. Ата-энең сени менен сыймыктангандай бол.*

## КЫРЫЛДАК МЕНЕН ЫРЫЛДАК

Суук тийгизип алдымбы,
Тамагым калды кырылдап.
Үлкөн иттин алдында,
Актөш да турду ырылдап.
Ага үрө албады
Барган менен жакындап.
Актөштүн да тамагы
Калды бекен кырылдап.
Ысык-ысык сүт ичип,
Үнүмдөн кетти кырылдак.
Актөш да ичсе ысытып.
Жүрбөс бекен ырылдап.

*Мекембай Омор уулу,*
*казак балдар акыны*

?

*Чын эле ушундайбы?*
*Ырды жаттап ал.*



## КӨЗ АЙНЕК

Иштүү киши чоң энем,
Эмне кылса шай кылат.
Туш кийизин, шырдагын
Көрсөң көзүң тайгылат.

Баштагыдай бу күндө
Калды ийнени саялбай.
Секин шилтеп аягын,
Басчу болду аярлай.

Баратса да каякка,
Көз айнегин калтырбайт.
Айнегинин алкагы
Алтынга окшоп жалтылдайт.

Мен бир жолу турдум да,
Кызыгат деп несине,
Чоң энемдин айнегин
Тага койдум көзүмө.

Китептеги тамгалар
Жөргөмүштөй тарбайды.
Караңгылап көздөрүм,
Башым кошо айланды.

Мен ойлодум: «Чынында
Бул көз айнек бузулган.
Байкуш менин чоң энем
Көрбөгөнү ушундан».

*Т. Самудинов*

## АРТЕЗИАН КУДУГУ ДЕГЕН ЭМНЕ?

Жер асты суулары артезиан кудугунан атылып чыгат. Анын аты Франциянын түндүгүндөгү Артуа деген жайдын аты менен байланыштуу. Ал жерде мындан 800 жыл мурда биринчи жолу кудук казылган эле.

Артезиан кудуктары пайда болушу үчүн белгилүү шарт талап этилет. Ал үчүн, эң биринчи, сууну өткөрбөй турган тоо тектери эки катмардан турушу керек. Мындай катмардын

каериненндир жер бетине чыккан жай болушу зарыл. Себеби, ал жамгыр жана кар сууларын шимирип алышы, ошол аркылуу суу ылдыйга, суу өткөрбөй турган катмарлардын ортосуна жыйналышы керек.

Күчтүү басым астында суу бир күн келип, аны адамзат бошотпосо, камалып жата берет. Суунун жогору бөлүгүндөгү катуу катмар бир нече сантиметр чоңдукта тешилип, бекилип турган суу чоң күч менен жер бетине атылып чыгат.

Байыркы египетттиктер жана кытайлыктар да артезиан кудуктарын казышкан. Байыркы замандарда Европадагы кээ бир кудуктар алты-сегиз жылда казылган. Заманбап техника болсо оңой эле аны казып чыгат.

Түштүк Дакотанын Эжмонта катмарында 915 метрлик артезиан кудугу ар күнү, болжол менен, 4 миллион литр суу берет. Мындай тереңдиктен Жер бетине чыга турган суунун температурасы Цельсий шкаласы боюнча 37 градусту түзөт. Ушул катмардагы башка бир кудуктан андан да ысык суу чыгат.

*(«Балдар энциклопедиясынан»)*

?

*1. Үйүңөрдө крандан суу чыгабы?*
*2. Айылыңарда булактар барбы?*
*3. Ысык суу чыга турган булактарды билесиңби?*

## КАРКЫРАЛАР

Каркыралар асманда,
Тизилишип саптарга.

Учуп бара жатышат,
Улам жылуу жактарга.

Желе тартып алышат,
Бирдей канат кагышат.
Жайлуу кооз жерлерден
Жаңы достор табышат.

*Б. Асаналиев*

## АЮУ ЭНЕ, МАМАЛАКТАР ЖАНА АЛМАЧЫК

*(Жомок)*

Балдар, тээ бийик тоолордо өскөн жапайы алмаларды көргөн белеңер? Ошолордун арасында киши жебеген, даамы ачуу, чоңдугу бармактай-бармактай болгон майда алмалар төгүлүп бышат. Бирок, аны киши баласы тамагы ооруганда гана дары катары пайдаланат. Ал эми аюулар болсо жайкысын алма дарагынан алыс кетпей, ушунчалык жакшы көрүп жешет экен. Анын даамы ачуу болгондуктан, эл ачуу алма деп айтып жүрүп, бара-бара алма ачык (ачуу деген мааниде), алмачык деп аталып калыптыр. Анда эмесе, жомогубуз мен да силердей бала кезде апамдан уккан дал ошол алмачык жана аюулар жөнүндө болсун.

Бир ирет Аюу-эне мамалактары менен бийик тоого чыгып, алмачык терип жемекчи болушту. Болтойгон мамалактарын ээрчитип, алмачыктын түбүнө келишти. Бир аз эс алган соң, аюу

даректын башына чыгып, алмачыктын мөмөсүн жерге түшүрө баштады. Кыйла убакыт өттү. Аюу-эне чарчап-чаалыгып, «эми болгондур» деп, даректан жерге түштү. Курсактары компоё



тойгон мамалактары ары-бери ооналакташып, энесине эркелеп жатышты. Аюу-эне айлана-тегерегинен бир да алмачык таба албады. Мамалактарына унчукпаса да, ичинен бир аз томсоро түштү, карды да абдан ачка эле. Кайра даракка чыксамбы деп ойлоду, бирок кечке алмачык терип жатып чарчагандыктан, үңкүрүнө барып эс алмакчы болду. Мамалактарын ээрчитип, үңкүрүнө келди. Курсактары барсая тойгон балдары бат эле магдырап уйкуга кириштен. Ичи-ичине кирип кынжыйып ачка болгон Аюу-эне түнү бою уктай албады. Эртелеп туруп, кайра тоодогу алмачыкка барууну ойлоп жатып, көзү илинип кетти.

Таң жаңыдан агарып келе жатканда мамалактарын ойготуп алып, ээрчише алмачыкты көздөй жөнөштү. Аюу-эне дарактын башына чыгып, кечке алмачык таштай берди. Кечээ ачка калгандыктанбы, ичи эңшерилип, балдары менен тоё жемекчи болду.

Жерге түшүп дагы өткөндөгүдөй бир да алмачык таппай койду. Ал эми мамалактар эч нерседен бейкапар, көңүлдөрү куунак. Алардын курсактары ток да. Бул сапар Аюу-эне бир

топ эле ызаланып, көзүнө жаш да тегерене түштү. Үн-сөзсүз балдарын ээрчитип, үңкүрүн көздөй жөнөдү.

«Ата-эне бар болсун, оозу-мурду жок болсун», деген сөз төгүн айтылган эмес тура. Энесинин ачка калганын, ыза болгонун сезип да коюшкан жок мамалактары.

## ТАШКЕНТКЕ САЯКАТ

Амантур быйыл 4-класска көчтү. 27-август күнү кечинде телевизордон өлкө жаңылыктарын көрүштү. Анда Ташкенттен Андижанга Камчык ашуусу аркылуу жаңы электрлештирилген поезд каттамы жолго коюлганын, облуска борбор калаадан урматтуу коноктор келгенин көрсөтүштү. Муну көрүп Амантур атасына 1-чейрек бүткөндө Ташкентке алып баруусун суранды. Апасы да анын сөзүн кубаттады. Атасы эгер уулу чейректи жалаң мыкты бааларга бүтүрсө, алып бараарын айтты.

Ошентип чейрек да аяктады. Амантур жалаң бешке окуду. Бир күнү атасы Ташкентке поездге билет алып келди. Алар Андижандагы поезд вокзалына келишти. Вокзал көркөм, бардык шарттары түзүлгөн, жүргүнчүлөр үчүн абдан ыңгайлуу экен. Вокзалдын кең, жарык залынан өтүп, жебедей тизилген «O’zbekiston» вагондорун көрүштү. Вагондун орундуктары жумшак жана кенен жасалыптыр. Ташкентке жеткенче терезеден Фергана өрөөнүнүн жүзүмзарларын, алма-




өрүк бактарын көрүп Амантурдун көзү куунады. Камчык даванында курулган Камчык туннели анда өзгөчө таасир калтырды. Кантип тоонун боорун көзөп, жол ачуу мүмкүн деп ойлоду. Атасы бул туннель курулушу боюнча Борбордук Азияда жалгыз, татаалдыгы боюнча дүйнөдө сегизинчи орунда, узундугу боюнча 13-орунда тураарын айтып берди. Туннелдин узундугу 19 км 200 метр экенин билип ого бетер таңданды. Анткени бул аралыкты алар поездде болгону 15–20 минутта басып өтүштү.

Ташкентке түнү саат тогуз жарымда келип түшүштү. Шаардын жарыктарга толо кооз көчөлөрүн бойлой машинада баратып, ага абдан суктанды. Алар атасынын досунун үйүнө барышты. Амантур анын Эрлан деген уулу менен дос тутунду. Эртеси шаардын кооз жерлерине барып, музейлерге киришти. Жыргап эс алып, кайра поезд менен үйгө кайтышты. Эрлан ага Ташкенттен Самаркандга баруучу

«Afrosiyob» тез жүрүүчү поезди жөнүндө да айтып берди. Атасы окуу жылын жакшы бүтүрсө, кийинки жылы Самаркандга саякатка алып барууга убада берди.

*1. Аңгеме сага жактыбы?*
*2. Амантур Ташкенте баратып, жолдо эмнелерди көрдү?*
*3. Камчык туннели жөнүндө эмнелерди билип алдың?*


Жалгыз дарак токой болбойт.

Көптөн көп акыл чыгат.

***Бөлүм боюнча суроолор***

*1. Мекен-Эне дегенде эмнени түшүнөсүң?*
*2. Артезиан кудугу деген эмне?*
*3. Мекен жөнүндө макалдардан айтып бер.*
*4. Төмөнкү суроолордун жообун таап, чакмактарды толтурсаң, тигинен дагы бир ыйык сөздү окуйсуң.*

1. Алтын түстүү мөмө. 2. Сүйлөмдү толукта. Бир жылда төрт ... бар. 3. Дарактар көп эгилген жер. 4. Ата-журт, Ата-.... 5. Билим булагы. 6. Жашоонун булагы. 7. Өлкөбүздүн борбору. 8. Коңгуроо чалынса эмне башталат? 9. Эң ыйык азык.



# АЛТЫН КҮЗ



## КҮЗ

Жай мезгили өткөн соң, күз айлары башталат. Күз мезгилинде эртели-кеч салкын шамал сого баштайт. Күндүн ысыгы кайтат. Күн кыскарып, түн узарат. Бак-дарактардын, өсүмдүктөрдүн жалбырактары саргаят.

Дыйкандар жазында эгип, жайлата багып өстүргөн эгиндерин, түшүмүн жыйнашат. Пахта терилип, кызылча, картошка казылат. Малга короо-сарайлар салынып, тоют камдалат.

## ТООДОН ТУРУП КАРАСАҢ

Тоодон туруп карасаң,
Суулар токтоп калгандай.
Коктудагы айылдар
Алаканга салгандай.

Көзүм тойбой буларды
Кайра баштан караймын.
Оюн салат улактар
Төбөсүндө сарайдын.

Эгин тарткан машина
Чаңдан куйрук байланат.
Коюу чаңга көмүлүп,
Жол боюнда там калат.

Көз жиберген бийиктен
Биз турган жер ушундай.
Үлбүрөгөн гүлдөрү
Тоолуктардын кызындай.

Шамал менен шерикпиз,
Булут болсо – кошуна.
Ойнойт кээде от менен,
Анысынан чочуба.

*Т. Самудинов*

## НАН



Сары талаанын түзүндө
Буудай бышат күзүндө.
Жер ширеси – данында,
Күн ирени – жүзүндө.

Ал буудайга эгедер,
Баба Дыйкан дегендер.
Ардакташат аларды
Ак нанынан жегендер.

Бул дүйнөдө Жер улук,
Жерди иштеткен Эл улук.
Элин баккан нан менен
Баба Дыйкан Эр улук.

*К. Жуманазаров*

## ЖЕР БАЙЛЫГЫ – ЭЛ БАЙЛЫГЫ

Биздин жер ар түрдүү жаратылыш байлыктарына мол. Өзбекстандын аймагында аскасы асман тиреген тоолор, бейиш сындуу өрөөндөр, жемишке жыш мөмөлүү бактар бар. Журту-



буздун жүздөгөн гектар жерлерин ээлеп жаткан токойлор коруктар катары дүйнөгө белгилүү. Анда жаңгак, өрүк, алма, алча сыяктуу мөмө берүүчү өсүмдүктөр көп.

Автомобиль жана темир жолдордун, суу сактагычтардын, каналдардын жээктеринде олтургузулган бак-дарактар дүпүйүп, көздүн жоосун алат. Бак-даракты, өзгөчө жемиш бактарын өстүрүү жана коргоо элибиздин ыйык милдети болуп калды.

## ЭСЕП ЖАГЫ СИЛЕРДЕ

Аюу, өрдөк, чилге,
Арстан, коён, пилге,
Кыркаякка, куланга,
Кучкач, мышык, жыланга,

Каракунас, тунжурга,
Бөкөн, бүркүт, булгунга,
Айрыкуйрук, сазанга,
Чегиртке, бирказанга,
Кескелдирик, доңузга,
Бака, суур, коңузга,
Карга, кузгун, төөгө,
Жарганатка, чөөгө,
Кирпи белек арнаптыр,
Чоң жоолукка байлаптыр.
Бүт бут кийим караса,
Чыр чыкпасын киерде,
Эсеп жагы силерде.

*Т. Самудинов*

?

1. *Эсебин таптыңарбы?*
2. *Мында санап өтүлгөндөрдүн кайсылары жаныбар, канаттуу жана курт-кумурскаларга таандык?*
3. *Билбегениңди улуулардан сура.*

## БАНАН ДАРАГЫ КАНДАЙ ӨСӨТ?

Негизинен банан дарак эмес. Анын жерден өсүп чыга турган сабагында жыгач болбойт. Сабак бир-бирине жакын жана биринин ичинен экинчиси өсүп чыга турган жалбырактардан турат. Дарактын жогорусунда жайгашкан жалбырактардын жайылып кетиши негизинде банан пальма дарагына окшоп калат.

Банандын кабыгы (кабыгы өсүмдүктүн астынан үзүп алынат) 30 сантиметрге чейинки чуңкурга







көчөт түрүндө отургузулат. Чуңкурлар бир-биринен 3–5 метр алыстыкта жайгашкан болот. Ар бир кабыгы бир же бир канча бутак же картошканыкына окшош «көзгө» ээ болушу керек. Арадан 3–4 жума өткөндөн кийин алардан жаңы бүчүр өнүп чыгат. Эң күчтүүсү гана даракка айланат. Ар бир өнүп чыккан бүчүрдө тамыр пайда болот жана андан жаңы өсүмдүктөр өсүп чыгат.

Банан дарагы өтө талапкер. Аны жакшылап өстүрүү керек. Эгер жамгыр аз жааса, ага тез-тез суу куюп туруу зарыл. Анын айланасындагы топурак жакшылап жумшартылат. Көчөт отургузулгандан кийин 9–10 ай өтүп, гүлгө кирет. Гүл узун кабыкта өсөт, жогоруга карап өсө баштайт. Гүлү ылдыйга карап өссө, банандар анын кабыгында түйүлөт. Банандар ылдыйга карап өсөт. Эми эле гүл кабыгында түйүлгөн банандар ылдыйга караган болот, бирок чоңойгон сайын жогоруга карай баштайт.

Банандарды бышпай туруп, жашыл абалында терип алуу керек. Аларды үзүп алган замат жесе да болот, бирок даракта бышышына жол койбоо керек. Даракта саргайып бышкан банан өзүнүн даамын жоготот.

1. *Сага банан жагабы?*
2. *Анын кандай пайдалуу жактары бар?*
3. *Башка тропикалык өсүмдүктөр жөнүндө айтып бер.*

## ЧӨПТӨН ӨРГӨН УЙКАШТАР

Чекенде, каакым, куш конбос,
Сейдене, зире, сарындыз.
Кой тикен, жалбыз, балтыркан,
Ит уйгак, чай чөп, карындыз.

Гүлкайыр, чалкан, топчу баш,
Чачырак даргын, ит мурун.
Самын чөп, эрмен, каз таңдай,
Чеге гүл, ашкөк, кырк муун.

Кымыздык, текей, миң жашар,
Шыралжын, согон, ат кулак.
Теңге гүл, чырмоок, көк базин,
Кийик от, күрмөк, ак шыбак.

*Т. Самудинов*

?

1. *Ыр жактыбы?*
2. *Ырда санап өтүлгөн чөптөрдөн кайсы бирлери сен жашаган жерде өсөт?*
3. *Дары болумдуу чөптөр жөнүндө айтып бер.*
4. *Табиат таануу сабагында өзүңөрдө өскөн чөптөр жөнүндө сүйлөшкүлө.*

## КАРТОШКА АЛГАЧ КАЕРДЕ ПАЙДА БОЛГОН?

Картошка Россияга XVIII кылымдын баштарында алып келинген. Орус падышасы Гол-

ландияда жүргөндө картошкадан даярдалган тамакты жеп көрөт, жагып калгандан соң аны өстүрүү үчүн бир кап картошканы өз журтуна жөнөтөт.



Картошка жаңы жерге тез үйрөнүп кетет, бирок анын көбөйүшүнө орус дыйкандарынын бул өсүмдүктөн коркушу тоскоолдук кылат. Айтымдарына караганда, мындан кабар тапкан падыша аны өстүрүү үчүн бир айла иштетет. Ал талааларга картошка эктирип, алардын айланасына куралданган кароолчуларды жиберет. Аскерлер талааны күнү бою кайтарып, түнкүсүн уктаганы кетишет. Жакын жерде жашоочу дыйкандар картошканы уурдашып, эгин тааласына эгип өстүрүшөт.

Алгач картошкадан ууланган кишилер да болгон, себеби анын касиетин билбеген адамдар бышырбай эле жешкен. Бышпаган картошканы жеш мүмкүн эмес. Картошканын бутактары да гүлдөгөндөн кийин быша турган кичинекей помидорго окшош мөмө берет.

Францияда (картошканын бардык касиеттери адамдарга белгилүү болбостон) асылзаадалар арасында костюмдардын жакаларына картошканын гүлүн тигип жүрүү мода болгон.

Картошка Россияда абдан тез таралды, талаа эгиндери аз болгондуктан адамдарды ачкачылыктан сактап калган. Ошондуктан да ал экинчи нан деген наам алган.

Картошканын тоюмдуу касиети немис тилинде «крафт тойфель» (дөө күчү) сөзү бирикмесинде өзүнүн накта маанисин тапкан.

*«Укмуштар китебинен»*

1. *Картошкадан кандай тамактарды жасаса болот? Санап бер.*
2. *Аны эгүү, өстүрүү, тамакка пайдалануу боюнча эмнелерди билесиң?*
3. *Голландияда картошкага айкел тургузулганын билесиңби?*

## КҮЗ

Жашыл, сары туш-тарап
Көргөндүн көзү суктанат.
Тоодой саман үйүлүп,
Чүй боору эгин жыттанат.

Көркөм күздө тал-терек
Шуудурап желге эркелеп.
Заңкайган мектеп алыстан,
Тургансыйт балдар келсе деп.

Алма, өрүк жерде чачылып,
Кызылча кантка казылып,
Отун-суу камдап кишилер
Жылдагыдай ашыгып.

*Р. Шүкүрбеков*

## ГҮЛДӨР ЖАНА ТИКЕНДЕР

Гүлдөрдү абдан сүйүп өстүрүп, кадырлап-барктап күткөн бир эл бар экен. Алар короолорунда да, үйлөрүндө да, кышы-жайы бирдей гүлдүн түрлөрүн өстүрүп, жери көрккө бөлөнүп турчу экен.

Ал элдин базарларында да гүлдөрдүн түрлөрү абдан бааланчу. Бүткүл кооздук жасалгаларын да гүлдөн жасашчу экен. Дүйнөнүн башка элдерине да гүлдөрү менен мактанып, жыпар жыттуу жана кооз гүлдөрү менен атагы чыгыптыр.

Гүлдөрдөй жасанып кийинген кыз-келиндери да сулуу, татынакай болуптур.

Мына ушуларды байкап-билген, аларга ичи тарып, аларды көрө албаган тикендер чогулуп алып, бир күнү талаада жыйын өткөрүптүр.

Жыйында:

– Эмне үчүн бул эл гүлдү гана барктап-баалашат, гүлдөн башка тикенек, куурайларды эмне себептен аёосуз кырып-жоюшат, – деген чоң маселе талкууланат.

Жыйында тикендерди үгүттөп, алардын башында турган чоң тикен Чогойно мырза мына ушундай маселелерди ортого салды. Албетте, жыйынга келген Сүттикен, Чоңуйгак, Итуйгак, Жылбырска, Итмурун жана башкалар өз ойлорун ортого салышып, адамдарга болгон көп жылдык нааразычылыктарын ачык айтышты.

– Гүлдөр сыяктуу тикендер, куурайлар бу ааламда бирдей өсүп-көктөөгө укуктары бирдей эмеспи, – деп сөзүн баштады Сүттикен

ачууланып. – Эмне үчүн тикен-куурайлар татыктуу жашоого болгон бирдей укуктан пайдалана албайбыз. Эмне үчүн гүлдөр гана бул жарыкчылыкта жыргап-куунап, эркелеп жашашат?... Эмне үчүн биз эркелей албайбыз адамдарга...

Сүттикендин сөзүн Чоңуйгак колдоп, андан ары улады:

– Адамдар гүлдөрдү үйлөрүнүн ичине чейин өстүрүшөт экен. Эмне үчүн бизди антип үйлөрүнө өстүрүшпөйт? Биз эптеп жазда өсө баштаганда эле тамырыбыз менен жулуп ыргытышып, короолоруна жакын жолотушпайт. Туурабы?

– Туура айтасың, Уйгак мырза, – улантты Итуйгак, – базарларындагы гүлдөрдүн түрлөрүн көрүп, «эмне үчүн бизди да барктап, базарларына алып чыгып сатышпайт», деп ызаландым, туугандар. Эмне үчүн бизден да букеттерди жасашып, бири-бирине белекке беришпейт? Биз эмне, ушунчалык эле түрү суук өсүмдүктөрдөнбүзбү, ыя?

Ушундай эле ойлорун жыйынга келген башка тикендер да айтышты. Акырында атайын бирден өкүл чыгып, адамдарды, алардын үйлөрүн, базарларын, гүлзарларын кыдырып чыгуу, ошого жараша жыйынтыкка келүү тууралуу чечимге келишти.

Чогойно мырза, Чоңуйгак мырза, Сүттикен жана Итуйгактар болушуп, адамдар жашаган үйлөрүнө, короолоруна, бакчаларына, гүлзарларына барышты. Бир да жерде адамдар тикенектерди баалашпайт экен. Айрыкча, гүлгө жакын өскөн тикенектерди түбү менен жулуп ыргытышат экен. Үйлөрүнүн, короосунун айланасындагы, жолдордун боюндагы

тикенек аттууларды өрттөп-кырып, чалгы менен чаап, орок менен оруп, жакын жолотушпайт экен. Базарда тикенектер сатылбагандыгы да чындык экен. Бул алардын ызасын аябай келтирди. Ошондо Чогойно мырза мындай деген талылуу суроону койду:

– Кудай-таала баарыбызды өсүмдүк катары жер бетине бирдей жараткан. Эмне үчүн биздин адамдарга керегибиз жок, ыя? Бул тууралуу адамдарга наааразылык билдирүү жасашабыз керекпи дейм!

Башкалар ойлуу тунжурап калышты. Ошондо Уйгак мырза мындай деген сунушун киргизди:

– Кеп адамдарда эмес, – деди ал. – Кептин баары өзүбүздө. Гүлдөр дагы биз сыяктуу эле өсүмдүк! Туурабы?

– Туура, – деп айтышты жолдоштору.

– Бирок, гүлдөр биздей токтоо, туруктуу, бекем эмес. Гүлдөр кооз, сулуу, назик, үлбүрөк, жыпар жытын аңкытып, адамдардын көңүлүн өзүнө бат эле буруп алышат. Көздөрүн күйгүзүп, көңүлүн азгырышат...

– Туура айтасың, – деп оюн коштоду чоң тикен Чогойно мырза, – гүлдөргө алыбыз жетет. Алардын мындай жүрүм-туруму баарыбызга белгилүү. Айрыкча роза, гвоздика, астра, ромашка дегендер сулуулугу жана жыпар жыты менен адамдарды арбап алышат. Үйлөрүндө да, гүлзарларда да, ал тургай, базарларда да назик-сулуу денелерин жаап алышпай, дайым жылаңач жүрүшөт. Бул өзү – уятсыздык. Мындан ары гүл

аттуулар адамдарга денелерин ачып көрсөтпөй, узун кийим кийишип, же оронуп жүрүшсүн...

– Туура, туура! – деп чыдабай кеткен Жылбырска сөзгө кошулду, – Карагылачы, мен деле жылбырска деген атыма жараша жибектей жылтырап турам. Эмне үчүн мени адамдар баалашпайт. Ошондуктан, кептин баары эле көрктө эмес. Гүлдөр оронуп алса эле иш бүтпөйт. Алардын адамдын делебесин козгоп, көңүлүн азгырган жытын сасык жыт менен алмаштырышсын. Адамдар ошондо аларды үйлөрүнөн сыртка ыргытышат, базарларында саттырышпайт, гүлзарларына өстүрүшпөйт!..

Жылбырсканын бул сөзү баарын ойлонтуп койгону менен, ачык бир чечимге келе алышкан жок. Ошентсе да, жанагы «гүлдөр денесин көрсөтпөй оронуп, кийинип жүрүшсүн», деген чечимге токтошту.

*Р. Шүкүрбеков*

1. *Сен кандай деп ойлойсуң? Биз эмне үчүн гүлдөрдү жакшы көрөбүз?*
2. *Тикендерди неге бардыгы жаман көрөт? Аны неге жулуп таштайт?*
3. *Тикендерден да өз пайдабызга колдонсок болобу? Кантип?*

## КҮН САЛЫП ЖИБЕРЕЙИНБИ, АТА?

Салам ата!
Эч ким сизди,
Мендей болуп сагынбас.

Кошунанын көк эчкиси
Сүзөнөөк экен, тил албас.
Апам саап, бышырган сүт,
Көөп жатат казанда.
А чоң энем чарпаяда
Көрпө тигет азандан.
Нан жабууга жетишерлик
Гозопая, отун бар.
Армиядан кызмат бүтүп
Келип калды Оторбай.
Жүзүмдөрдү көмүп койдук
Күз келердин алдында.
Балдар кечээ айтып калды
Суук экен деп Москва.
Учкум келет сен тарапка
Күмүш кулак атымда.
Күндү кошуп салып ием,
Мен келерки катымда...

*Т. Адашбаев*

## ЧЕМПИОНДУК СЫРЫ

Бүгүн окуучулардын көптөн күткөн күнү келди. Алар Андижандын кооз шаарларынан бири болгон Ханабадга барышат. Анткени ал шаарда Олимпиаданын оор атлетика боюнча дүйнө чемпиону Руслан Нурудинов жашайт. Балдар аны менен жолугушууга келишти. Бектемир алтын медалдын ээси – дүйнө чемпионунан ийгилигинин сырын сурады. Ал 2016-жылда Бразилия өлкөсүнүн Рио-де-Жанейро шаарында болуп

өткөн Олимпиада мелдештери жөнүндө айтып берди. Бул мелдеште өзүнүн таш көтөрүү боюнча Россиялык жана Казакстандык балбандардан күчтүүлүгүн көрсөтүп, жеңүүчү болгон. Буга чейин да 2013-жылы Казакстандын Алматы шаарында күмүш медаль алган. Польша, Корея, Казакстан жана Россиядагы Азиянын жана Дүйнөнүн чемпионаттарында 4 алтын, 1 күмүш медалга ээ болгон.

Окуучулар Руслан аганын сөздөрүн кунт коюп угушту. Балдардын көңүлүндө сыймыктануу сезимдери ойгонуп, алар да чемпион болууну самашты. Ал үчүн күн тартибин туура түзүп, өз убагында окуу, тамактануу жана спорт менен такай машыгуу зарылдыгын билип алышты. Бектемир да келечекте чемпион болот.

1. *Сен кайсы спорт түрүнө кызыгасың?*
2. *Мекенибиздин чемпиондору жөнүндө эмнелерди билесиң?*
3. *Спорт менен такай машыгуунун кандай зарылдыгы бар?*

***Бөлүм боюнча суроо жана тапшырмалар:***

1. *Ыр жактыбы?*
2. *Балдар атасына эмнелерди жазды?*
3. *Күндү катка салса болобу?*
4. *Эмне үчүн катына Күндү салмакчы болгонун түшүндүрүп бер.*
5. *Күзүндө кандай жумуштар аткарылат?*
6. *Бул бөлүмдөгү кайсы чыгарма же ыр сага жакты?*

# РУХАНИЯТ – ЖЕҢИЛГИС КҮЧ

Биз байыркы адебибиз, ыйманыбыз менен нарктуу-барктуу элбиз. Эми ачык айтуу, ак сүйлөөнүн кезегинде динибиз да, тилибиз да, өнөрүбүз да өзүбүздүн колубузга тийген учуру. Муну бөпөлөп, аздектеп өстүрүп сактап калуу – ар бирибиздин парзыбыз. Адеп, ыклас-ыйман, маданият, уят-сыйыт, эстүүлүк, сылыктык өңдүү сөздөрдүн мааниси терең. Булар биринин маанисин бири толуктайт. Баары биригип келип, адамды туура жолго чакырат жана жалпысынан руханият деп аталат.

Жакшы окуп, терең билим алууга, өнөрүбүздү өркүндөтүүгө шарттар түзүлгөн. Эми бизге ушул шарттардан туура, үнөмдүү пайдалануу жоопкерчилиги турат. Ушул аркылуу мейман-достугу, жоомарттыгы, байыркылыгы жана эр жүрөктүүлүгү менен дүйнөгө таанымал ата-бабаларыбыздын үмүт-тилегин актаган болобуз.

## АДАМДЫН ПЕЙИЛИ

Кичинекей кыштакта бир абышка-кемпир жашачу. Абышка дайым токойдон отун алып, сатып, акча тапчу. Андан башка кылар иши жок эле. Кемпири болсо абышкасы таап келген биртке акчаны алып базарга барчу да, күнүгө жей турган нан, май, кант, чай ала турган. Ошону менен алар күн көрүшчү.

Абышканын күндө алган отуну ошого жетчү. Көп кылып отун алганга кудурети да жетчү эмес.

Токойдо майда отун деле калбай бараткан. Чоң-чоң карагай-арчаларды кыюуга кайдан күчү жетсин. Өзү да картайып баратса...

Ошентип жүргөн кыштын бир күнүндө анын отун аларга алы келбей калды. Эми күнүнүн бүткөнү го. Айласы куруган абышка балтасын алып, жибин курчанып, отунга жөнөй турган болду.

– Балтам мокоп калыптыр, байбиче. Чоң отунга өтө турган эмес, – деди бөкчөйгөн калыбында.

Кемпири эптеп-септеп курчутумуш болуп, балтаны белине курчап берип, отунга узатты абышкасын.

Абышка токойго келип, майда отун таппады. Таппады да бир арчага келди.

«Ушуну кыйсам, жазга чейин отун болор», деп ойлоду да, балтасын бар күчү менен өйдө көтөрүп, шилтей турган болду. Ошондо баяга арчага адамча тил бүтүп:

– О, ак ниет абышка, сен мени кыйба, – деп мээримдүү сүйлөдү.

Абышка арчага таң кала карап, жерге отурду. Алсыз дем алып, чекесинен терин сүрттү.

«Сени кыйбасам, күндүн суугунда кемпирим экөөбүз кантебиз. Үйдө жээрге бир сындырым наныбыз калбады... Отун сатып жан баккан бир бечарамын да», деп ичинде сүйлөп жатты.

– Мен сенин абалыңды түшүнөм. Андан көрөкчө, менин бутагымды карачы. Бутагымда кичинекей баштык илинип турат. Колуңа алсаң, ичинде алтын тыйындар бар. Алгын да ыраазы бол, ак ниет абышка...

Абышка элеңдеп өйдө турду. Ырас эле, өзүнө карап ийилип турган бутакта кичинекей баштык илинип туруптур. Алып, ичин караса, алтын тыйындар!

Абышка арчага үч ийилип таазим этти да, алтын тыйындарды алып үйүнө келди.

Болгон окуяны кемпирине айтты эле, кемпири сүйүнүп, базарга барып оокат алып келди. Экөө бир канча күнгө жыргап жатты.

Чын эле, баягы арча берген алтын акча жазга чейин эмес, үнөмдөп жашаса, бир канча жыл бою түгөнө турган эмес. Кыштын аяздуу шамалы шыкаалаган үйүнүн тешиктерин бүтөштү, жылуу кийимдерди сатып алышты, жазга жетерлик оокатты да кенен камдап алышты. Эми буларга мындан башка эч нерсенин кереги жок.

Ошентсе да, жылуу үйдө бардар оокатка туйтуна түшкөн абышка бир күнү кемпирине мындай деди:

– Кемпирим, сен бүгүн балтаны мурдагыдан да мыктылап курчут. Мен баягы арчага барайын да, мындан да көп алтын акчаларынан алып келейин. Тиги Тентимиш байдан кембизби? Биз деле бай болуп, малай жумшап, керилип жаталы да! Кандай дейсиң?

Бүгүн абышка баягы бечара немеге окшош эмес болчу. Көрсө, ушинтип, адам пейили бат эле өзгөрөт тура.

Чалынын бул сөзүнө кемпири сүйүнүп, балтасын мыктылап курчутту да, белине байлап берип, отунга узатты. Бүгүн ал эптеп алып келер бир жагым отун эмес, бир кап алтын акчанын келишин күтүп кала берди.

Абышка токойду аралап, баягы арчага келди. Келди да, бүгүн андан көп алтын алууну ниет кылып, колтугун кере көтөрүп, балтаны арчага чаба турган болду.

Ошондо арча баягыдай болуп адамча сүйлөдү.

– Абышка, мени кыйбагын, – деди ал.

– Кыйбаганда кантем. Үйдө отунум жок... Бир сындырым нан калбады... Кемпирим экөөбүз эптеп өлбөстүн күнүн көрүп жатабыз да, – деди чал өлмөксөн үн чыгарып, бечаранын абалына келип.

– Жалган! – деди арча ачуусу келип. – Баягыда бечара кейпиңде келгениңде аяган элем. Азыр сен ак нээтиң менен эмес, ач көз наадангa айланып, пейлиң бузулуп келдиң. Эми сага эч нерсе бере албайм.

Абышка «Чаппагын!» деген арчанын сөзүнө көнбөй, курч балтасын өйдө көтөрдү... Ошондо арчанын баягы акча илинген бутагы чалдын мойнуна ороло түштү. Бутак чалдын мойнуна бекем оролуп, муунта баштады. Бутак оролгондон ороло берди... Абышка турган ордунда өлүп баратты. Муунгандан мууна берди, көздөрү

чанагынан чыгып кетти. Анан ал ташка айланды. Арчанын бутагы ташты чырмап кала берди.

Арчанын бутагы оролгон ошол таш бүгүн да турат, дешет.

Адам пейлинен табат – деген ушу белем.

?

1. *Чал биринчи жолу кандай максатта барган эле?*
2. *Акчалуу болгондон кийин алардын пейили кандай өзгөрдү?*
3. *Ниети бузулган чалды арча кандайча жазалады?*

## КҮЗГҮ

Аппак, тунук жүзүнөн
Нур ойнотуп жалтырак,
Ар бир үйгө көрк берип,
Төрдө илинип ал турат.

Күзгү деген чынында
Кымбат баалуу нерсе эмес.
Бирок, анын алдында
Каранабыз эрте-кеч.

Бетибиздин бир жерин
Кеткен жокпу кир басып?
Жарашабы чачыбыз?
Алыш керек сындатып.

Кээ бир, кээ бир балдар бар
Безип качкан күзгүдөн.
Бети-башы торала,
Тамтык калбай үстүнөн.

Кай бир тентек баланын
Жакасын көр, мойнун көр.
Көчө чаңын ызыткан
Элге жакпас оюнун көр.

Күзгү дагы жаратпас
Андай жалкоо балдарды
Ошондуктан айталбайт,
Жасалмалуу жалганды.

Чынчылдыгы жагынан
Теңдеш болор жок буга.
Кемчиликти көрсөткөн
Баарыбызга дос тура.


*Т. Самудинов*

1. *Күзгүдөн кандай максатта пайдаланылат?*
2. *Сен ар күнү мектепке таза, тыкан болуп келишиң үчүн күзгүдөн пайдаланасыңбы?*
3. *Кандай күзгүлөрдү билесиң?*

## МЕН АКЫЛДУУМУН, ОШОЛ ҮЧҮН КҮНӨӨЛҮҮМҮН

*(Аңгеме)*

Түш ооп калган. Сабактар бүтүп, балдар үй-үйлөрүнө тарап кетишти. Бир гана төртүнчү класстын балдары мектептин арт жагындагы отун, көмүр сактаган кампанын далдаасына топтолушту. Алардын максаты классташ достору Темир менен Алымдын күчүн жекеме-жеке күрөштүрүп, сыноо болчу. Ал экөө бүгүн эрте менен эле дене тарбия сабагында катарга ти-



зилип жатып, орун талашып калышкан. А чындыгында, экөөнүн тең бою тепе-тең болчу, экөө тең астыга турганга умтулуп, көпкө тирешти. Акыры Темир көктүгүнө салып, Алымдан мурда туруп алды. Дал ушул учурда мугалим келип калып, алардын чыры убактынча токтойт.

– Сабактан кийин жекеге чыгасыңбы? – дейт Алым Темирди чыканагы менен нукуп.

– Давай. Эмне, коркот дейсиңби? Чыгам эле...

Мына, эки «баатырдын» жекеме-жеке кармашы башталды. Экөө алгач ары-бери сүйрөшүп, анан

эле муштумдарын түйүшүп, бирин-бири аябастан ур токмокко алышты. А түгүл, Темир эпчилдигине салып, секирип Алымды чала-була тээп да өттү.

«Тамаша» аябай эле күчөдү. Балдар улам бир жактан жаалап, эки «балапанды» ого бетер шыкактап жатышты. Бул жекеме-жеке урушу көпкө созулуп, аягы эмне менен бүтөт эле, ким билсин?..

Балдардын мушташып жатканын ичке жол менен өтүп бараткан Адил чоң ата байкап калды. Ал акырын салабаттуу басып, түз эле балдар тарапка бурулду. Чоң атанын карааныын көргөн балдар тып токтошуп, эч нерсе көрбөгөндөй болуп туруп калышты. Карыя жакын келди да:

– Ким менен ким мушташып жатат, ыя? Талашыңар эмне? Айткылачы, кана, – деп салмактуу сурады. Балдардын баары сүйлөшүп алгансып, эч кимиси унчуккан жок. Чоң ата ансайын катуураак сурай баштады эле, чыдабай кеткен Темир:

– Мобул Алым өзү жекеге чыгабыз деп биринчи айтты, – деди демиге сүйлөп, апапак көйнөгүнүн жеңине терин аарчый.

– Анан эмне үчүн дайым эле өзүң орун талашасың, – деп Алым мурчуя үн катты.

Аксакал:

– Аа, жөжө короздорчо урушуп жаткан экөөң турбайсыңарбы? – деп экөөн тең колдон алды да, катар жаткырылган устундарга жанаша отурушту. Анан сөзүн жай улады:

Алым да, Темир да, уруштун «көрөрмандары» да – баары кулак түрүп калышты.

– Сөз мындай: эки бала уруштуңар ээ?

Экөө тең «ии» дегенсип, баштарын жерге салышты.

– Жакшылап уккула. Эгер эки бала урушса, ошол уруш-талашка экөөнүн кимиси акылдуу болсо, ошонусу күнөөлүү. Эмне үчүн дээрсиңер? Себеп дегенде: акылдуусу акылы бар туруп, акылсызга теңелип урушканы үчүн күнөөлүү. Эми түшүндүңөрбү? – деди.

Балдар таңдана чоң атаны караашты. Адил аксакал:

– Ал эми азыркы урушка эки делдең кулактын, аларды уруштуруп коюп, карап тургандардын кимиси акылдуу болсо, ошонусу күнөөлүү, – деп сөзүн жыйынтыктап, аларды сыноолуу карап койду. – Мен эми кетейин. Күнөө кимде экенин өзүңөр териштирип алгыла.

Карыя балдарды сынай бир ирет карады да, андан ары жолун улады. Анын караанын көрүнбөй калганча карап турушту балдар. Анан ар бири өз алдынча «Ким акылдуу? Ким күнөөлүү?» деп ойлоно башташты. Темир да, Алым да ичинен ар кимиси өзүн күнөөлөп турду. Экөө тең «Мен акылдуумун да, ошол үчүн күнөөлүүмүн. Акылым бар туруп, ушу менен урушуп уят болдум. Эми ушуга теңелбейинчи...», деп өз-өзүнө эрдемсип убада берди.

Ошол бойдон бири-бири менен сүйлөшүшкөн да жок. Анан тек гана үн-сөзсүз кол алышып, баары тең үй-үйлөрүнө тараашты...

*С. Рысбаев*

1. *Балдардын бойлорду тең болсо, анда алар эмне кылышы керек эле?*
2. *Талашты мушташпастан да чечсе болобу?*
3. *Алым менен Темирдин бири акылдуу болсо кандай жол тутмак?*

## БААТЫРЛЫК

Ойлой келсек, турмушта
Эрдиктердин түрү көп.
Жүрөктүүлүк, баатырдык
Бардык иште билинет.

Жаңы гана жасалган
Самолётто учабы...
Же, чокуга эң бийик
Туу саябы, мисалы.

Же, өрттөнгөн бөлмөдөн
Алып чыгып баланы,
Өзгөлөрдү сактайм деп,
Өзү кайтпай калабы...

Мындай иштер чынында
Урмат-сыйга татырлык.
Эч ким аны талашпайт,
Нагыз эрдик, баатырдык.

*Т. Самудинов*

1. *Сен кандай ойлойсуң, жакшы окуп, тартиптүү болуу да баатырдыкпы?*
2. *Ырда жаттап ал.*


## «ЧЫМЧЫКТЫН ДА УЯСЫ БУЗУЛБАСЫН...»
*(Аңгеме)*

«Чымчыктын уясын бузбайт, убал болот. Алар үйү бузулса, ыйлашат». Таенесинин күндө айткан ушул сыяктуу насааттарын кичинекей Бермет кулагына илип алат. Анан көчөдө ойноп жүргөн досторуна айтат:

– Таенем айтты, көк чөптү үзбөгүлө, жаш көчөттү сындырбагыла, анан кумурсканын уюгун бузбагыла.

Анда балдар:

– А бузса эмне болот? – деп сурашат. Бермет таенесине чуркап келип, балдардын суроосун берет.



– Көк чөптү үзсө, бою өспөй калат. Жаш көчөттү сындырса, убал болот. Кумурсканын уюгун бузса, үйү бузулат, – деп таенеси жай-ма-жай түшүндүрүп берет. Бермет досторуна келип таенесинин айткандарын төкпөй-чачпай такылдап айтып, чоң кишилерче түшүндүрө баштайт.

Сезимтал небересинин артынан муңайым караган таенеси ойго батып, алыста иштеп жүргөн кызын ойлойт. Анын бир кезде ушул небере кызы сымал көп нерсени билүүгө ынтызарлыгын, зиректигин эстейт… Короодон кумурсканын уюгун көрсө, анын тегерегин ташкоргон кылып тосуп, үйдөгүлөргө «Ташкоргондон айланып өткүлө. Ал жерде кумурсканын уюгу бар. Бузуп койбогула. Тебелебегиле…», деп эскертип айтып, анан алардын артынан көз салып жүргөнүн, бирөө ошоякты карай басса, чый-пыйы чыгып артынан чуркап жетип, астейдил сүйлөнүп урушканын эстейт.

Таенесинин ойлорун эшикти акырын ачып кирген небереси бөлүп жиберди. Томсоруп, мына-мына ыйлап жиберчүдөй болуп араң эле турган небересин көргөндө таене селт эте чочуду. «Кимдир бирөө жаман сөз айтып, бала жүрөгүн ооруттубу?» деген ой келди заматта. Кичинекей Бермет энтиге сүйлөдү:

– Таене, тиги Эрмек болсо үйүндөгү чабалакейдин уясын бузуп салыптыр. Азыр эле көрдүм, үч балапаны бар экен, үчөө жерде мойнун араң созуп, жардам сурап жатышат.

Буулуга араң ушуларды айтып, Бермет бышактап ыйлап, таенесинин көкүрөгүнө башын жөлөдү.

– Акылсыз десе, тентек бала турбайбы, – деп угулар-угулбас күбүрөнгөн таенесинин сөзү кулагына угулду.

А Берметтин көз алдында дале байкуш балапандар, терезенин ачыгынан кирип-чыгып, жан далбастаган эне чабалекей турду. Көңүлүндө «балапандар эми өлбөсө экен», деп тиледи. Анан «тентек» Эрмектин атасы «тактайдан уя жасап, балапандарын ордуна коёбуз», деп айтканын эстеди да, бир аз жүрөгүн басты. Ошол тактайдан жасалган уядан темир канат балапандарын эне-чабалекейдин учуруп кетерин элестетти.

«Чымчыктын да уясы бузулбасын», деп күбүрөндү кайрадан бейкапар ойноп кетип бараткан небересин карап таенеси...

*С. Рысбаев*

?

1. *Чоң эненин айткандары туурабы?*
2. *Сен да ушундай жаман жоруктарды жасайт белең?*
3. *Мындан башка дагы кандай терс иштерди жасаса болбойт?*

## АТАМА

Алтын атам ай-күнүмдөй сезилет,
Ата, дайым боорум сага эзилет.
Өзүң менен турмуш жолум башталып,
Өзүң менен канатым да жетилет.

Алтын атам, Ала-Тоодой абийирим,
Шаттык күлкүм, жашыл бакча дүйүмүм.
Атакем ай, үйгө кутту түнөтүп,
Бөксөрбөгөн деңизисиң сүйүүмүн.

Балаң үчүн капталасың жалынга,
Кээде токтоп жүрөгүң да, каның да.
Зор үмүттү камчыланып келесиң,
Бактылуумун өзүң – атам барыңда.

*З. Жамансартова*

## ЖАКШЫ ТИЛЕК
*(Аңгеме)*

Дасторкон четинде атасы, апасы, кызы Мээрим, уулдары Эламан, Элдос тамактанып отурушкан. Эламан бүгүн «Адеп» сабагында мугалим эжейи «Ар бир ысымдын мааниси бар» деген темада сабак өтүп, ар биринин аттарын ким, эмне максат менен койгонун, анын мааниси эмнени түшүндүрөрүн билип келгиле деп тапшырма бергенин айтты.

Анан:

– Менин ысмымды ким койгон? Түшүндүрүп бериңиздерчи, – деп суранды.

Анда атасы:

– Сенин атыңды элдин амандыгын, эсендигин, тынчтыгын тилеп улуу эжең Эламан деп койгон, – деп түшүндүрдү.

Апасы кошумчалады:

– Ал эми Элдостун атын элибиз достукта, ынтымактыкта, биримдикте жашасын деген ниетте койгонбуз.

Буларды уккан Мээрим:

– Менин ысмым жөнүндө да айтыңыздарчы, – деди шаштыра.

– Сенин болсо, ата-энесине, бир туугандарына, элине мээримдүү, боорукер, жароокер кыз болсун, анан элибиз да бири-бирине мээр-акыбеттүү болушун тилеп, Мээрим деп койгонбуз, – деди атасы эрке кызынын башынан сылап,

Үчөө тең абдан кызыгуу менен муюп угуп отурганына ыраазы боло апасы дагы буларды кошумчалады:

– Демек, элибиз аман болуп, достук, ынтымакта жашап, бири-бирине мээримдүү болсо, анда баарыбыздын келечегибиз кең, бактылуу, ырыстуу болуп жашайбыз.

Анда Элдос:

– Апа, сиз эми бизге кичинекей бөбөктөрдү алып келсеңиз, анда аларга Бакыт, Ырыс деген аттарды коёлу ээ, макулбу? – деди жадырай.

?

1. *Аңгеме жактыбы?*
2. *Ата-энеси балдарына кандай тилектер менен ат коюшуптур?*
3. *Өз ысымыңдын маанисин билесиңби?*
4. *Үйдөн ысымдардын маанисин билип келгенге аракет кылып көр.*

# БАБАЛАРДАН КАЛГАН СӨЗ

## БАБАБЫЗ АМИР ТЕМУР



Тарыхта ар бир инсандын өзүнүн орду жана ролу бар. Аны эч качан өчүрүп болбойт. Тоскоолдуктар канчалык күчтүү болбосун, алардын кайратына чыдай алышпайт.

Алар элибиздин улук перзенттери, мурасыбыз, акыл-ой байлыгыбыздын бермети болуп эсептелет.

Таалайлуу Амир Темур мына ушундай улук шаңдуулардын бири. Ал жөнүндө чет элде түрдүү тилдерде абдан көп китептер жаратылган жана азыркы күндө тез-тез басып чыгарылууда.

## ДАРХАН КЕМПИР

Жомокто айтылышынча, жаш Амир Темур бийлик үчүн күрөшүп жүргөн кездеринде Дархан айылында бир канча жолу конок болгон, душмандарынан жашырынып жан сактаган.

Күндөрдүн биринде жаш Амир Темур өзүнүн аз сандуу аскерлери менен Шахрисабзга чабуул кылып жеңилет жана качып, ошол айланадагы бир айылга кирип барат. Караса, көчөдө бир кемпир атала бышырып жаткан экен.

Чабуулдан чарчап ач калган жигит, кемпирдин тамак беришин сурайт, бир кашык алып оозуна салат. Аталанын ысыгынан оозу күйөт, аны көргөн кемпир:

– Шашкалактыгың Амир Темурга окшойт экен, – дейт.

– Амир Темур эмнеге шашкалактык кылыптыр? – деп сурайт жаш жигит.

– Ал заматта Шахрисабз бектигине ээ болмокчу болду жана жеңилип калды. Эгерде ал чакан-чакан айылдарды ээлеп барганда, Шахрисабзды басып алган болот эле, – дейт кемпир.

Ошондон кийин бабабыз аны менен эне-бала тутунуптур. Келечекте айыл кемпирдин аты менен Дархан деп атала баштаган. Ушул окуянын өзү да бабабыз чындыкты сүйгөнүнөн, көңүлүнүн кенендигинен бир белги го.

1. *Бабабыз Амир Темур жөнүндө эмнелерди билип алдың?*
2. *Дархан кемпир айылы жөнүндөгү жомокту сүйлөп бер.*
3. *Эмне үчүн айыл Дархан аталыптыр?*

## НАНДЫН ЖЫТЫ

### I

Хираттын султаны Хусайн Байкара: «Дүйнөдөгү эң жакшы жытты келтиргиле!» – деп калыптыр. Анда бир топ гүлдөрдү келтиришиптир, султан «Жок!», дептир. Жер жүзүндөгү бардык жыпар жыттуу нерселерди алып келишиптир, султан

болсо: «Менин айтканым бул да эмес», деп туруп алыптыр, андан кийин:

– Үч күн мөөнөт ичинде тапсаңар таптыңар, болбосо баарыңарды жазалаймын, – дептир. Вазирлер эмне кылаарын биле албай, ойлонушуп баштары катыптыр, акырында Алишер Навоийнин алдына барышыптыр.

Досунун көңүлү кандай жытты каалаганын биле албай Навоийнин да башы катыптыр. Ал бир дыйкан бабадан кеңеш сураптыр.

– Жаңы жабылган нандан алып баргылачы, маркум атам дүйнөдө эң даамдуу жана жагымдуу жыт – мыкты жерден алынган буудайдын унунан жабылган дандыр нан, эч кайсы жыт ага жете албайт, дээр эле, – деп кеңеш бериптир баба дыйкан.

## II

Навоий кубанып, дыйкандын айтканын кылып, бир себет нан жаптырыптыр да, сарайга жетип барыптыр. Бир заматта сарайга жагымдуу жыт тарап, бардык адамдардын көңүлү көтөрүлүптүр.

– Ыракмат, досум, – дептир Хусайн Байкара нандарды көрүп. – Көңүлүм жаңы жабылган нандын жытын күсөгөн экен, таап келипсиң. Дүйнөдө жаңы жабылган нандын жытынан өтө турган нерсе жок...

– Султаным, ыракматты мага эмес, дыйкан бабага айтыңыз, көңүлүңүздөгү каалоону ошол киши тапты, – деп жооп бериптир Навоий.

Хусайн Байкара дыйканга баш-аяк сарпа берүүнү буюруптур.

*М. Мурадов*

1. *Алишер Навоий жөнүндө эмнелерди билесиң?*
2. *Эмне үчүн вазирлер Навоийге кайрылышты?*
3. *Навоий кимден жардам сурады?*
4. *Аңгемеден Хусайн Байкаранын кубанганда айткан сөздөрүн таап оку.*

## АЛИШЕР МЕНЕН БУЛБУЛ

Өткөн заманда Гиясиддин кичине деген кишинин Алишер аттуу уулу болгон экен. Ал жаштыгынан тырышчаак болуп чоңоюптур. Тогуз жашка толгондо болсо ырлар жаза баштаптыр.

Адамдар анын жазган ырларын кунт коюп уга турган болушуптур. Бирок бала өзүнө али жашырын ат (псевдоним) тандабаган эле.

Алишер бир күнү жаңы ыр жазыптыр да, аны бакка барып бийик үн менен окуй баштаптыр. Ошол убакта бактагы гүлдүн бутагында отурган булбул Алишердин үнүн угуп калыптыр.

Жаш акындын жылаажын үнүндөй сонун, таң шамалындай жумшак, назик үнү булбулду өзүнө тартыптыр. Куш бат эле анын желкесине конуп:

– Эй, назик, жагымдуу үндүү акын, сен окуган ыр булбулдардын эрте таңдагы мукам

үнүнөн да жагымдуу экен. Атыңды билсем болобу? – дептир.

– Алишер! – деп жооп бериптир бала.

– Билдим, билдим, жаңы чыккан акын сен экенсиң да. Эми өзүңө жага турган жашырын ат тандап ал, – дептир.

Алишерге булбулдун мукам үн же «наво» деген сөзү жагыптыр. Ошондон кийин жазган казалдарынын астына «Навоий» деп жаза турган болуптур.

1. *Сен окуган жомок ким жөнүндө жазылган?*
2. *Алишердин жаштыгы жөнүндө сүйлөп бер.*
3. *Жомоктогу куштун сөздөрүн таап, көркөм окуп бер.*

Эки суу бар,
Бирине бири кошулбайт.

(Көз)

Сөөгү жок, эти бар,
Сүйлөгөн сөзү бар.

(*Тил*)

Төрт буттуу
Төөдөн күчтүү.

(*Пил*)

Асты такта,
Үстү такта,
Ортосунда бышкан алча.

(*Мисте*)

Адам кирсе ачылат,
Сыртка чыкса жабылат.

(Эшик)

Сууга чөкпөйт,
Суук да өтпөйт,
Коё берсе учат,
Карматпай сызат.

(Шар)

Акыл – тозбос тон, билим – түгөнбөс кен.

Күч кетет, билим кетпейт.

Өзүң билбесең, билгенден ук.

Баатыр кол баштайт, чечен жол баштайт.

Ийне көзүнөн сынат, адам сөзүнөн сынат.

Билбегендин билеги оорубайт.

Тоону, ташты сел бузат,
Адамзатты сөз бузат.

Кен асылы жерде,
Сөз акылы элде.


Макалдарды жаттап ал жана өзүң да макал таап келип, класста мелдешкиле.

# АЖЫДААР АЯЛ

Илгери бир мүнүшкөр кан жигиттери менен куш салып жүрсө, кушу учуп кетет экен. Кандын бир жигити артынан барып, таппай кайра келет. «Каным, мен бир укмуш көрдүм. Кушту кубалап баратсам, жолумда чоң таштын түбүндө ай десе арксыз, күн десе көрксүз бир сулуу кыз туруп-тур, салам бергени барайын деп сулуулугунан сүрдөп жанына бара албай койдум», дейт экен жигит.

Кан бул кабарды угаары менен баягы жерге келсе, жигит айткандай ааламда жок бир сулуу кыз туруптур.

«Кай тараптан, кай элден келе жаткан периштесиң?» деп сурайт кан. Сулуу жылмайып: «Күн чыгыш тараптан, өзүмө теңдеш бактылуу күйөө табар бекенмин деп өңдөн азып, жер кезип келем», дейт кыз. «Андай болсо мен бир элге канмын, жактырсаң, мага тийгин», дейт кан. Сулуу бир аз ойлонот да: «Мен сизге тиемин, бирок, бир шарт коёмун. Мен турган үйдө сиз гана болосуз. Башка адамга кирүүгө тыюу саласыз». Сулуунун айтканын аткарбаса айнып кетеби деп, кан макул болуп, кызды жоргого миндирип шаарын көздөй жөнөйт. Кан шаан-шөкөт менен чоң той берип, аялын өзүнчө ордого коюп, айтылган шартты толук аткарат. Арадан күндөр өтөт. Кан катуу жүдөй баштайт: каны качып арыктап, сөлөкөтү гана калат. Кандын ордосуна жан келмек турсун, абадан куш да учуп өтпөйт. Ошол убакта падыша «сыркоолоп жүрөм», деп



табып чакырат. Адем аттуу табып кандын аялы турган ордого келип, «Эмне бар экен?» деп, ордонун так ортосун жарып аккан сууну бөгөп жаткан ажыдаарды көрөт экен. Табып жүрөгүн токтотуп, «Дагы эмне болоор экен», деп тиктеп турса, бир оокумда баягы ажыдаар келишкен сулуу болуп, созула басып үйүнө кирип кетет. Адем табып кандын оорусу эмнеден болгонун түшүнөт. Кайра канга барып: «Үйүңдөн көрүп дарылайм», деп табыптыктын бардык ыгы менен кандын ден соолугун шашпай текшерип чыгат, кандын аялы сынын бузбай созулуп гана отура берет.

«Дартым эмне экен?» деп сурайт падыша. «Дартыңыз жок, ден соолугуңуз түзүк, жөн эле мүнүшкөрдүктү таштап коюпсуз, жигиттериңизди

ээрчитип, көңүл ачсаңыз эле ордуна келет» деп, табып эч нерсеге оозанбай таазим кылып чыгып кетет.

Кан эртеси күнү колуна кушун кондуруп, ууга жигиттерин ээрчитип чыгат. Кайра тартып келатканда жолунда табыптын турганын көрөт. Кан кайрылып салам берип: «Жол болсун, табыбым», дейт. Анда Адем табып: «Каным, кече дартыңызды тапкан менен аялыңыздан айбыгып айта албадым, ал сулуу аял эмес, ажыдаар экен» деп, болгон окуяны канга айтып берет. «Анын ажыдаар экенин өз көзүмө көргөз, анан ишенейин», дейт кан. «Болуптур», дейт табып да. «Биринчиси, үйүңө тирүү кекилик алып кир, кирери менен ал жан берет, себеби ажыдаар айбандардын биринчи жоосу, аны көрөөрү менен кекилик жүрөгү түшүп өлөт. Экинчиси, агып жаткан сууну какшытып, башка жакка бургуз! Кечинде туздуу жакшы бир тамак жасатып, кадырыңды салсаң да, алдап жегиз! Үйүңө бир идишке да суу койгузба, анан уктамыш болуп карап жат, ошондо билесиң, каным. Андан кийинки амалды өзүм табамын», дейт табып.

Табып айткандай, кан үйүнө тирүү кекилик алып аялына көргөзмөк болот, аял колуна алганда эле кекилик тырп этпей жан берет. «Куштун жүрөгү түшүп калса керек», деп кан шек алгызбайт.

Бир аз күн өткөрүп кан экинчи шартты жасайт. Түн ортосу ченде кан уктамыш болуп карап жатса, төшөктөн ажыдаардын башы сойлоп чыгат, куйрук жагы кандын денесине тийип турса да,

суусаган ажыдаар созулуп, ар кайсы идиштен суу издей баштайт. Бирок суу таппай айласы кетип, кайра жыйрылып мурдагы калыбына келип: «Үйдө суу жок экен, өзөндөн суу алып келе койчу», деп канды ойготот. Кан өзөнгө барып: «Анда да суу жок экен», деп куру кайтып келет. Аңгыча таң да атат. Аялдын тынчы кетет.

Кан ордосуна барып көргөнүн бүт жигиттерине айтып, дарыяга сууну бурдуруп, ыраактан карап турса, аялы эки жакты абайлап сууну бөгөп, ажыдаар болуп суусуну канганча суудан шимирет.

Кан Адем табыпты дароо таптырып, ажыдаарды кантип жок кылуунун сырын сураса: «Падышам, эми мунун 80 күндүк жашы калды, ошондон кийин чыныгы ажыдаар болот, ошого чейин жок кылбасаң, бүт шаарыңды сорот. Буга темирден терезеси жок үй салып, алдап киргизип, эшигин жаап, туш-туштан от коюп, өрттөп гана жибербесек, башка айла жой, тамакка уу кошуп берсең, сен жебесең, деле ооз тийбейт. Сен шек алдырбай мурдагыдай эле жүрө бер», дейт табып.

Кан бир жуманын ичинде усталарга темирден үй салдырат. Аялын ээрчитип келип, баягы үйгө киргизет. Аялы үйгө кирип кылчайып канды чакырганча, эшик «шак» жабылып кулпуланып калат. Даяр турган усталар көрүгүн күркүрөтүп, туш-туштан отту үйлөп киргенде, темир үйдүн ичинен кулак-мээни жарган ажыдаардын үнү чыгат. Эртеси күнү ачып карашса, үй толгон ажы-

даардын күлү калыптыр. Падыша элди азаптан куткарган Адем табыпка сарайынан орун берип, аны ордо кишиси кылып алган экен. Эл аман, жер аман, амалдуу ажыдаардан кутулган кан мурдагы калыбына келип, аман-эсен көп жыл өмүр сүрүптүр.

1. *Кан кандай кылып ажыдаар менен таанышты?*
2. *Аялдын ажыдаар экендигин ким билип калды?*
3. *Табып кандай кеңеш берди?*
4. *Кан ажыдаардан кандай кутулду?*

Акылдын желеги – билим.

Билимден артык байлык жок.

Дарак тамыры менен күчтүү,
Адам – достору менен.

Чын сүйлөгөн жетет ниетке,
Калп сүйлөгөн калат уятка.

## БАЛДАРГА НАСЫЯТ

*(Айрым кыскартуулар менен)*

Ырыскыңы бекерге
Төкпөгүлө, балдар ай,
Акарат кылып бирөөнү
Сөкпөгүлө, балдар ай.

Мурдуңду бөөдө көтөрүп
Көппөгүлө, балдар ай.

Бирдин көөнүн оорутуп
Кетпегиле, балдар ай.
Түбү кандай болушун
Эстегиле, балдар ай.
Чеки басып жат жерге
Барбагыла, балдар ай.

Эс токтотуп бир ишти
Аңдагыла, балдар ай.
Көңүлү жакын теңтушту
Жандагыла, балдар ай.

Милдетиңди ар дайым
Эстегиле, балдар ай.
Орундатпай ишиңди
Кетпегиле, балдар ай.

*Б. Алыкулов*

?

1. *Насыят эмне жөнүндө экен?*
2. *Сага жаккан болсо, бир эки куплет жаттап көр.*

## КАЛПТАР

### Улак чымын

Бир адам бир ак бараң сатып алып,
Бир жайлоонун башына чыккан экен.
Бир топ чымын уктап жаткан экен.
Бириндетип жүрүп бирин аткан экен.
Урап кетти урандынын башынан,
Кырк карагай, он арча кулап кетти.

Барса, чымындын үлкөсү эмес, улагы экен,
Куп семирген убагы экен.
Отуз уулу кырк өгүз айдап алды,
Терисин сыйрып, эки өгүзгө арта алды.
Отуз сегиз өгүзгө этин артты, үйгө барды,
Отуз сабы, кырк көнөк кесип алды,
Отуз уулу чокойго ултан алды.
Жана ошондон ашканы –
Бир түндүк, бир жабдуудай артып калды.
Жана бир кемпир убак-чүйөк майын жыйып,
Алты каптын оозун бууп алды.

?

1. *Чын эле ушундай болобу?*
2. *Бир чымындын эти отуз сегиз өгүзгө жүк болобу же бул калппы?*
3. *Кана өзүңөр да ушундай калптан айтып бергилечи.*
4. *Үйдөн бир окуяны камтыган калп токуп келгиле.*

## ЭНЕ ТИЛЕГИ

Апакайым, кичинем,
Ар кыялың түшүнөм.
Бата тилейт апакең,
Бакыт каалап ичинен...

Сүймөнчүгүм, периштем,
Сүрдүкпөгүн өрүштөн.
Акыйкатты көздөгөн,
Акылдуу бол келишкен.

Сергек тосуп таң алдын,
Сезимтал бол, каралдым.
Эне-атаңдын багына
Эстүү болуп жаралгын.

Келечекке терең бол,
Кемибеген кенен бол.
Басаар жолдо чарчабай,
Бардыгына кенен бол!

*Г. Шакирова*

*Ырды жаттап ал.*

***Бөлүм боюнча суроо жана тапшырмалар***

1. *Бөлүмдөгү кайсы ыр же аңгеме, жомок сага жакты?*
2. *Амир Темур бабабыз жөнүндө эмне билесиң?*
3. *Алишер Навоий бабабыз өзүнүн «Навоий» деген атын кандайча тааптыр?*
4. *Ажыдаарлар жөнүндө билгендериңди классташтарың менен бөлүш.*
5. *Улуу ата-бабаларыбыздын үлгүлүү өмүр жолдору жөнүндө класста талкуу уюштургула.*

# ӨЛКӨБҮЗДҮН ТАРЫХЫНАН

## МӨӨР ЖАНА МЭЭР

*(Аңгеме)*

Ташкентте бой көтөргөн имараттардан бири – Амир Темур бабабыз жашаган доор жөнүндө аңгеме кыла турган Мамлекеттик музей болуп саналат.

...Адегенде, бул имараттын сырткы жагынан көрөлү. Ал байыркы Чыгыш архитектура салттарын эске салат. Имарат инженерликтин эң заманбап жетишкендиктери негизинде курулган. Анын бийиктиги 32 метр. Күмбөз бөлүгү



Самарканддагы «Тилла кары» медресесинин күмбөзүнөн беш эсе чоң. Айланасы 54 метр. Дагы кичинекей бир күмбөзчө да бар. Ал нур жана үндүн тунуктугун камсыздайт. Имараттын ичин ого бетер көркөм көрсөтөт. Чебер усталар иштеген гүлдөргө алтын суусу жүргүзүлгөн.

...Эми андагы бөлмөлөр жөнүндө сөз кылабыз.

Мына чакан киноконцерт залы. Мунусу китепкана. Ылдыйда – архив бөлмөсү. Жанында ремонттоочу устакана да бар.

Көргөзмө бөлмөлөрүндөгү экспонаттар улуу бабабыз жана ал кишинин урпактары жөнүндө баяндайт.

Маалым болгондой, Амир Темурдун, ошондой эле темурийлердин турмушуна тиешелүү маалыматтар, эстеликтер жер жүзүндөгү бардык элдерге тарап кеткен. Музейде алардын түп нускасы жана көчүрмөлөрү сакталат. Миңге жакын экспонат өтмүшүбүздү терең үйрөнүп, келечекке ишенич менен кароого үндөйт.

Музейди айланып чыгып, жогору тепкичтерден бир-бир түшсөң, Амир Темурдун ат минип турган сымбаттуу эстелиги тушуңдан чыгат. Көркөм фонтандарда суу тамчылары күндүн күмүш нурлары менен куушуп ойнойт. Фонтандар токтобойт, кудум жашоонун түбөлүктүүлүгүнөн кабар берет. Бул фонтандын символикалык тарабы да бар. Аны көмүп, бүткүл жок кылууга аракет кылышты. Бирок ага эч кимдин күчү жетпеди.

Эгемендүүлүккө жетишкенден кийин жашоонун булагы – фонтан дагы да көз ачты. Булак оргуп чыга берет, музейге келген ар бир адамдын жүрөгүндө журтка болгон мээримди мөөрлөй берет.

*«Гунча» журналынан*

1. *Ташкент шаары жөнүндө эмне билесиң?*
2. *Амир Темур бабабыздын музейине баргансыңбы же балким аны телевизордон көргөн чыгаарсың?*
3. *«Музейге бардык» деген темада аңгеме түзүүгө аракет кыл.*

## ШЕРЗАТТЫН «СЫРЫ»

*(Аңгеме)*

Хадича эже кичүү уулу Шахрухка:

– Агаң Шерзат бүгүн да мектепте калып кетти окшойт. Уйларды талаага алып баруу керек. Өзүң жакшысың го. Багып келе койчу, – деди сурангандай.

– Уф-ф! – Шахрух баргысы келбей башын кашылай баштады. – Күндө эле мен алып бара береминби? Билем, агам атайын мектептен кеч келип жатат, – деп бир аз чычалады.

Мурда Шерзат мектептен үйгө кеч калбай келчү. Эгерде Шахрух жакшы көрүп «уйду бүгүн мен багып келейин», десе, ал көнбөй:

– Сен кичинесиң, андан көрө сабагыңды даярда, – дейт эле.

Эми болсо... Шахрух агасын мектептен кийин футбол ойноп келет деп ойлосо, кызык... анын чарчаганы, тердегени да сезилбейт эле.

Шерзаттын үйгө кеч кайтуу адатына апасы да таң калгандай болуп:

– Эмне минтип жатасың, уулум? – деп сураса, ал унчукпай эле:

– Жумуш чыгып калды, апа, – деди.

Бардык «сыр» анын туулган күнүндө ачылды. Айылга жаңы көчүп келген Севара эже алардыкына конокко келди. Шерзатты сонун көйнөк менен куттуктады.

Мындан Хадича эже таңыркап:

– Ой десе, уулум ушундай урматка татыктуу болгудай эмне жумуш жасады, – деп күлдү.

– Эже, – деди бир убакта олуттуу болуп Севара эже сөз баштап. – Уулуңуз алтын бала экен. Ар күнү мектептен чыгып уулумдун жанына келет. Балам Нишанбай майып болуп жатып калган. Шерзат ага эринбей бардык сабактарды үйрөтөт. Азыр уулум да Шерзаттай сабактарды жакшы билип калган. Уулуңузга чоң ыракмат!

Севара эже өзүнүн сөзүнөн бир аз толкундануп көзүнө жаш келди.

Бул мактоолорду Шерзат да угуп, сөздү тамашага бурду.

– Көрдүңүзбү, апа, мен жаман бала эмесмин.

*Улугбек Мустафа*

?

1. *Аңгеме сага жактыбы?*
2. *Сен да Шерзаттай башкаларга жардам берүүгө аракеттен.*

## АЙБАНАТТАР ПАРКЫНДА

Эчен түрдүү айбанат –
Айбанаттар паркында.
Алгач көргөн таң калат,
Айтор, баары бар мында.
Сурары анык кээ бирөө, –
Булар колго көнөбү?
Анда эмесе келгиле,
Чогуу-чараан көрөлү!

*Б. Асаналиев*

## ЖАШТАРДЫН ЧЫГАРМАЧЫЛЫК САРАЙЫ



Мамлекетибизде балдардын чыгармачылык иштерине чоң көңүл бурулууда. Ташкентте Жаштардын чыгармачылык сарайы бар. Ал 2008-жылы курулган.

Өлкөбүздө таланттуу балдар өтө көп. Алар сүрөтчүлүк, өнөрпозчулук, көркөм адабият, искусство жана башка багыттарда чыгармачылык кылышат.

Сарайда жаш жаратуучулардын чыгармаларынын көргөзмөлөрү уюштурулуп турулат. Бул жерде аларга керектүү кеңештер да берилет.

**?**

1. *Жаштардын чыгармачылык сарайы качан түзүлгөн экен?*
2. *Мектепте түрдүү ийримдерге катышасыңбы?*
3. *Кол эмгеги сабагында жасаган ишиң жөнүндө айтып бер.*

## Накыл сөздөр

Жакшы менен дос болгон жамандардан кутулат.

Жакшылыктын жолунда кылынган эмгек жерде калбайт.

Адептүү бала – ата-эненин өмүрүн узартат.

## АМИР ТЕМУР ЖАНА КУМУРСКА

Бир күнү, душмандарынын каршысында кыйын абалда калган Сеистандын акими Малик Фахриддин Амир Темурдан жардам сурады.

– Мени күчтүү бир душман кыйноодо. Мал мүлкүмдү талап, тынчымды бузуп жатат. Эгерде сиздин жардамыңыз жана эрдигиңиздин көлөкөсүндө бул душмандардан кутулсам, сизге абдан көп байлык жана кымбат баалуу буюмдар берет элем. Өмүр бою бул жардамыңызды унутпайт болчумун, – деп кайрылды Амир Темурга.

Темур досу жана кайын агасы Хусайн менен кеңешти. Анан экөөсү миңге жакын аскерди алып, жардамга келип, Сеистан акиминин душ-

манын жок кылышты. Бирок Малик Фахриддин аларга жардамга келбеди. Убадасында турбады. Темур менен Хусайн анын алдына кетишти. Бирок жолдо кокустан уюштурулган чабуулга жолукту. Бул чабуулда Темурдун оң колуна ок жаңылып жараланды. Бутуна да зыян жетти.

Амир Темур менен кумурска жөнүндөгү белгилүү аңгеме ал кыйын абалдагы калган күндөрдө болгон. Аңгеме мындайча:

Бир күн Темур жараланган абалда дубалдарга жөлөнүп, азап чегип, чыдап отурган болчу. Бир колу менен буту иштебей калган, дүйнөнүн бардык иштерине кол шилтеп, үмүтсүз ойлорго берилген эле. Ошол учурда күчсүз, назик бир кумурскага көзү түштү. Ага карап отурса, кумурска дубалга тырмыша баштады. Бирок бир аз туруп жогоруга чыга албай, ылдыйга түшүп кетти. Кумурска дагы дубалга тырмышты жана дагы жыгылып түштү. Дагы дубалга тырмышты, дагы жыгылды. Ал дагы дубалга жөрмөлөдү, акыры жогоруга чыгып алды. Темур кумурсканын абалын өзүнө окшотту да, дагы ишке киришүүгө аракет кылды. Улуу мамлекет куруу үмүтү менен аракет кыла баштады.

*М. Аазам*

?

1. *Темурдун алдына Сеистандын акими кандай максат менен келди?*
2. *Темур ага жардам бердиби?*
3. *Кумурсканын аракетинен кандай жыйынтык чыгардың?*

# КҮМҮШ КЫШ



## АК КАР

Бир да тынбай күнү-түнү жаады кар,
Ак кийинди көрктүү талаа, ак тамдар.
Чаналарын минишип,
Жадырап ойноп-күлүшүп,
Кол чапкылап кубанышты жаш балдар.



Бурганактап күн алыстап жаагын кар,
Канча түшсөң, ошончолук баркың бар.
Кабак жазып айтып кеп,
Кар көп болсо, дан көп деп,
Уул тапкандай сүйүнүшөт дыйкандар.

Сулуу журттун шекериндей аппак кар,
Асыл жерге айтып бүткүс пайдаң бар.
Көрүнөт күчүң күзүндө,

Алтын дан жыйнайт түрүңдө.
Тоодой-тоодой кызыл кырман түшүм ал.

*А. Кыдыров*

?

*1. Кышында кандай оюндар ойнолот?*
*2. Кыш сага эмнеси менен жагат?*
*3. Ыр жактыбы?*
*4. Ырды жаттап ал.*

## БУЛБУЛ
*(Украин эл жомогу)*

Бир күнү пан (бай) бир булбулду кармап алды да, аны капаска камап койгусу келди. Анда булбул:

– Мени коё бер, мен сага бир жакшы кеңеш айтам. Балким, анын сага бир кезде керегитиер, – деди.

Пан булбулду коё берүүгө убада берди.

– Пан, биринчиден, кайрылып келбей турган ишке эч качан өкүнбөгүн! Экинчиден, дайыны жок айта берген сөзгө ишенбегин!

Пан бул кеңешти угуп, булбулду коё берди. Булбул жогору учуп чыгып:

– Ой, сен мени коё берип, өзүңө жаман кылдың. Менде кандай байлык-кенч бар экенин билбей калдың! Менин денемде баалуу жана көп берметтер бар. Сен ошону алган болсоң, укмуштай бай болот элең! – деди.

Муну угуп пан өкүндү да, кармап алам дегенсип, булбулду көздөй жогору секирди.

Анда булбул:

– Пан, сага айтылган кайран кеңеш! Сенин бир чети сараң, экинчи жагынан акмак экениңди мен түшүндүм. Биринчиден, кайрылып келбей турган ишке өкүндүң. Экинчиден, менин айткан калп сөзүмө ишендиң. Карачы, мен кандай кичинекеймин. Көп бермет менин кайсы жериме батмак эле?

Ушуну айтып булбул учуп кетиптир.

?

*1. Булбулдун кеңештерин пан эмне үчүн кабыл алган жок?*
*2. Анын кеңештерин сен кандай түшүндүң?*
*3. Бул жомоктун кандай пайдасы бар деп ойлойсуң?*

## КАР КИШИ

Жоктон чыр баштаган
Жок мында шок бала.
Кар киши жасашып,
Каткырат топ бала.

Жүздөрү албырып,
Жүрөктөн от жана.
Жаратып кар тулпар
Жадырайт топ бала.

Кар айтты балдарга:
«Кана эми, тараңар.
Оюн да чек менен
Окууга караңар!»

*Уркаш Мамбеталиев*

## АПЕНДИНИН ЖОРУКТАРЫНАН

Мугалим окуучуларды глобус менен тааныштырып жатып, анын тешилип калган жерин көрүп:

– Бул эмне болгон?! – деп чочуп кетсе, анда Апенди:

– Ал Төштүк түшүп кеткен жер тура, – дептир.

## КАЛПТАР

Көзүмдү жумуп карасам,
Жай айында чаначан
Ысык кумдун үстүндө
Кайкып кетип баратам.

Аябай таң калдым да,
Колум тоссом жамгырга,
Дөбө болуп үйүлдү
Бышкан нандар дандырга.

Көк сынын бетине
Кагаз менен ыр жаздым.
Суудан жээкке чыгарып,
Балыктарды жыргаттым.
Чапан кийип таштан,
Кур курчанып чачтан,
Урап кетти баркырап
Тоо үстүнөн бассам.

## ЛОГОГРИФ

Тамгаларын өзгөртсө,
Жаңы сөздөр жасалат.
Бул табышмак, бул оюн
Логогриф аталат.

Чулгап калат ак мамык
Тоо-токойдун арасын.
«А» тамганы уласаң,
Көөнүн өңүн табасын.

*(кар – кара)*

Суусаганда жол жүрүп,
Сага тоодон кезигет.
«Б» тамгасын жоготсо,
Таштан ташка секирет.

*(булак – улак)*

Таңында эрте ойгонуп,
Тамак издеп какылдайт.
«К» тамгасын өчүрсө,
Көктү тиреп закымдайт.

*(түк – тоо)*

Эстеп көрчү, илгерки
Чөп ташыган унааны.
«Ч» тамгасын алып кой,
Анда апаңдын куралы.

*(чийне – ийне)*

Артып алсаң жонуңа,
Алыс жолдо муңдурбайт.
Тамга уласаң башына,
Музоону тап жылдырбайт.

*(азык – казык)*

Эл ичине таанылган
Ишмечини эмне дейт?
Башына «Т» уласаң,
Койлор ансыз жем жебейт.

*(уз – туз)*

Кийип алсаң кышында,
Ызгаар демин сезбейсиң.
Баш тамгасы жоголсо,
Эки жерде беш дейсиң.

*(тон – он)*

Таза суугa жуунуп,
Аарчынасың бетиңди.
«С» тамганы алып кой,
Ээрчийт балдар өзүңдү.

*(сүлгү – үлгү)*

*Т. Самудинов*

?

1. *Логогриф жактыбы?*
2. *Өзүң да ушундай сөздөрдөн мисал келтир.*
3. *Өзүңө жаккандарын жаттап ал.*
4. *Үйдөн логогрифке мисал таап кел.*

## КИЧИНЕКЕЙ ВИКТОРИНА

1. Кайсыл жерде кар эртерээк ээрийт: токойдобу же шаардабы? Эмне үчүн?

2. Кышында бут алдыбыздагы карлар эмне үчүн кычырайт?

3. Кышкы суукта үн эмне үчүн алыска угулат?

## ТАТТУУ

Башка ой менен ишим жок,
Анткени өзүм «дурак»мын.
– Ооруп жатат тишим, – деп,
Бекер эле ыйлапмын.

Таттуудан го. Бат эле
Апам шумдук баштады.
Бар таттууну койбостон
Үкөккө салып таштады.

Реш досума барамын,
Канттарынан аламын.
Көчүп кетсе шаарга,
Анда эмне кыламын?

*Мекембай Омор уулу,*
*казак балдар акыны*

## ИЙГИЛИКТИН СЫРЫ

Улуу агамдын аты Жасурбек. Ал азыр Ферганада чек ара кошуундарында кызмат

кылат. Жакында агамды телевизордон көрсөтүштү. Ага кызматтагы кужурмөндүгү үчүн алкыш айтышыптыр. Атам, апам, иним жана карындашым болуп телевизордон агам кызмат кылган жерди көрдүк. Кошунабыз Жапар ата биздикине кирип, атам менен апама: «Ушундай уулду тарбиялаганыңар үчүн силерге ыракмат. Жасурбектин ийгилигинин сыры силер берген тарбияда», деди. Буларды көрүп, мен да ата-энемдин, агай-эжелердин берген таалим-тарбиясына татыктуу уул болууну самадым. Келечекте ким болсом да, эң оболу жакшы инсан, Мекеним үчүн кызмат кылган адис болуп жетишемин.

1. *Жасурбек ага каерде кызмат өтөйт экен?*
2. *Аны телевизордо эмне үчүн көрсөтүшүптүр?*
3. *Аңгемеден Жапар атанын сөзүн таап окугула жана класста аны талкуулагыла.*
4. *Бала өзүнө кандай жыйынтык чыгарды?*

## АРЧА

Каникул да башталды. Табигатты аппак кар каптады. Мустакиллик майданына абдан бийик жана көркөм арча орнотулду. Ата-энелери, эже-сиңдилери менен келген балдар арча тегерегинде кубанышып ойношту. Ырлар жаңырып турат. Алар Аяз ата жана Аяз кыз менен бийге түшүштү, ошондой эле ырлар айтышты.



Ал жерде ар түркүн оюндар уюштурулган. Бийчи, ырчылар тамашалар көрсөтүп, балдардын көңүлдөрүн көтөрүп жатышты. Цирк оюндары да бар. Мен Жаңы жыл майрамын жакшы көрөмүн.

?

1. *Сенин мектебиңде Жаңы жылга карата майрам өткөрүлдүбү?*
2. *«Өлкөбүздө кыш» деген темада чакан аңгеме түзүп кел. Мында ата-энең жардам берсин.*

## ЖАҢЫ ЖЫЛ

Бөлмөдө татына
Жапжашыл балаты.
Ар түркүн оюнчук
Жымыңдайт карачы.

Жаңы жыл келди деп
Ырдайбыз шаңданып.
Бийлейбиз баарыбыз
Ёлканы айланып.

Жаңы жыл оттору
Каректе чагылат.
Ынтымак артылып
Ыр-күлкү жаңырат.

*А. Элебесова*

## ПАДЫША МЕНЕН КУЛТЕМИР



Илгери-илгери өзүн гана сүйгөн, өзүнөн башкага ишенбей шектенип мамиле жасаган, каардуу, залим падыша болгон экен. Ошондой кыялынан улам бир туугандарынан да, аялынан да, баласынан да шек санап, падышалык тагымды тартып алат деп, башка шаарда жашоого зордоп, жер котортуп жиберет. Падышанын сарайында балыкка тил, темирге жан киргизген бир устасы бар экен. Бир күнү ал ошол устасын чакырат да: «Мага айтканды «кың» дебей аткарган, колунан баары келген кызматчы темир кул жасап бергин», – деп буюрат.

Уста макул болот да, тамак жасап, үй жыйнай турган, ооруса дары берип, айтканды «кың» дебей аткара турган Култемир-Роботту тез эле жасап бериптир. Ошондо өзүнө тамак жасап берген ашпозчуларынан да, дарыгеринен да, үй кызматкерлеринен да шек санап жүргөн падыша баарын куру-бекер жазалап, орго салдырат. Алардын ордуна устасы жасап берген Роботту үй кызматкерлеринин да, ашпозчусунун да, дарыгеринин да ордуна жумушка чегет.

Робот падышанын айтканын айткандай аткарып, жумшаган жагына басат экен. Сүйлөбөгөнү, кыйыктанбагандыгы, айткандан башканы жасабагандыгы падышага абдан жагат. Падыша болсо аны жумшап, эми менин шектенип, корко турган адамдарым жок, жыргапкуунап жашасам болот, деп ойлойт. Бул темир кулдун бир жакшы жери – ишке жумшаса же бир нерсе сураса «Ооба», деген бир гана сөздү айтчу экен.

– Робот, кардым ачты. Тамак бересиңби? – дегенде, ал:

– Ооба, – дей турган.

Ооруп калса:

– Робот, ооруп калдым. Дары бересиңби? – десе, анда дагы:

– Ооба, – дечү экен токтолбой. Мунусу падышага ого бетер жакчу экен. Жылдар өтүп, падыша картаят. Жанында эч кимиси жок, жалгыз темир Робот калат. Робот дары берет. Дарыдан падыша айыкпай, оорусу күчөйт.

– Менин чекемди басып көрчү, – дейт падыша Роботко. Робот муздак темир колун падышанын чекесине коёт. Өлүктүн колундай болгон муздак темир кол чекесине тийгенде: «Өлүп калсам, жанымда ким болот» деп ойлоп, падыша чочуп кетет.

– Мен эмне, ушунтип жатып өлөмбү? – дейт Роботко. Робот адатынча, баягы билген жалгыз сөзүн кайталап:

– Ооба, – дейт.

Роботтун бул сөзү падышанын жинине тийип, каарданып аны эшикке кууп чыгат. Анан сарайында жалгыз жатып өлөт экенмин деп коркот да, өзүнүн бир кездеги сүйүп, жактырып алган аялын, бетинен сүйүп, жүрөгү элжиреп ойноткон балдарын эстейт. Бир үйдө чоңойгон бир туугандарын ойлойт. Көзүнөн жаш төгүп, өксүп ыйлайт. Эмне үчүн аларды жек көрүп, алыскы шаарга кууп жибергенин түшүнбөйт.

Анан жаткан төшөгүнөн араң турат да, сакчыларын чакырып, баягы орго салдырган дарыгерин, ашпозчусун жана үй кызматчысын алдырат. Темир кул Роботко аны жасаган устасын кошуп, алардын ордуна зынданга салдырат.

– Менин анык душманым ушул экөө турбайбы? – дейт ошондо падыша. Дарыгеринен, ашпозчусунан, үй кызматчысынан кечирим сурап, кетирген катачылыктарын мойнуна алат.

Дарыгери бир кездеги сүйүктүү падышасынын абалын көрүп, жылуу мээрими менен кайрадан дарылоого киришет. Жылуу сөзү менен анын

ооруган көңүлүн көтөрүп, жакшылап сакайта баштайт. Ашпозчусу да ал сүйгөн таттуу тамактарын жасап берип, көңүлүн көтөрөт.

Падыша баары бир өзүнүн бир кездеги сүйүп алган жубайы, сүйүктүү бала-чакасы жанында болбосо, жашоосу өз жайында болбостугун туят.

Сакчысын чакыртып, чабаганчылары аркылуу үй-бүлөсүн, бир туугандарын чакыртат. Алардан бир кездерде куугунтуктап жибергени үчүн кечирим сурап, эң жакын адамдарынын баарын жанына алып, кайрадан жыргап жашап калыптыр.

?

*1. Падыша кандай адам экен?*
*2. Устасы жасап берген Робот үй-бүлөсү жана туугандарынын ордун баса алдыбы?*
*3. Өз катасын падыша качан түшүндү?*

## ТАБЫШМАКТАР

Тумшугун бооруна катат,
Бүт денесине ийне каданып,
Топтомолок болуп жатат.

*(К...)*

Туруу менен качат,
Түнү дагы тынбай басат,
Тойгон мерген болсо да,
Токтоно албай атат.

*(Б...)*

Желбейт, баспайт,
Өкүрөнүп жазбайт,

Арткы бутунун изин
Дайым алдыга таштайт.

*(К...)*

Жайында ысыкты дегдейт,
Кышында суукту сезбейт,
Кийгени жашыл жибек,
Жай-кышы түк чечпейт.

*(К......)*

## ТАРАЗАЧЫ МАЙМЫЛ

Ит менен мышык бир короодо жашашты. Бул окуяга чейин бири-бири менен кер-мур айтышып, чатакташкан эмес.

Күндөрдүн биринде үйдүн ээси сыртка кетип, үйдө мышык менен ит калды. Бир кезде мышыктын курсагы ачып, текчеде турган нанды алып жемекчи болду. Акыры жармашып жатып, нанды жерге түшүрүп алды. Нан менен кошо чыны-аяктар да жерге кулады. Калдырак-шалдырактан улам короодо жаткан ит үйгө кирип барды. Мышык да, ит да нанды карай качырышты. Мышык нанды баса калып:

– Нанды мен таптым, өзүм жейм, – деп күрүлдөдү. Иттин «экөөбүз жейли» дегенине көнгөн жок. Ошентип экөө бир-бирине ачууланып жатышты. Булардын үнүн жолдон өтүп бараткан маймыл угуп калды да, кайрылып келип:

– Чатагыңар эмне? – деп сурады.

Биринчи болуп ит мындай деди:

– Мынабу шумпай, нанды жеке жейм деп, мага бербей жатат. Мен буга жеке жедирбейм.

– Мээнет меники. Текчеде турган нанды мен жерге түшүрбөсөм, ага ит кантип жетмек эле. Бекер оокатты итке бере койгондой мен келесоо эмесмин, – деди мышык сейрек муруттарын сербейтип.

Экөөнүн сөзүн уккан маймыл өз ишин иштемек болду да:

– Экөөң тең менин сөзүмдү уккула. Мен кара кылды как жарган калысмын. Калыстык менен нанды бөлүп берейин, – деди. Мышык менен ит маймылдын бул сөзүнө макул болушту. Маймыл карап турган жок, кампага кирип таразаны көтөрүп чыгып:

– Экөөң тең ыраазы болгондой кылып бөлүп берем, – деди да нанды алып жерге отура кетти. Ит менен мышык маймылдын калыстык менен бөлүп бере тургандыгына ишенишип карап турушту. Маймыл нанды колуна алып бирин чоң, экинчисин кичине кылып бөлдү да таразанын табагына салды. Нанды кичине бөлүгү салынган табак жогору көтөрүлүп, чоң жагы төмөн түштү. «Муну теңдөө керек», деди да маймыл нандын чоң бөлүгүнөн үзүп алып жеп жатты. Ошентип ал нандын кичине бөлүгү салынган табак төмөн түшкөнчө нандан үзүп жей берди.

Мына ошентип отуруп бир табактагы нан такыр калбай калганча жеди. Таразанын экинчи табагында бир үзүм нан калды. Акыры аны да

колуна алып, тигил карап турган экөөнө кайрылып:

– Мына калганы ушул экен. Ушул кичинекей нанга силер тоюп кетпейсиңер. Муну калыстык кылганым үчүн мен эле жеп коюн, – деди да нанды оозуна салып, бир секирүү менен сыртка чыгып кете берди.

Мышык менен ит шилекейлерин кылт жутуп, бирин-бири тиктеп кала беришти.

*Д. Сулайманов*

1. *Ит менен мышык эмнеге чатакташты?*
2. *Маймыл тиги экөөнө нанды кантип бөлүп берди?*
3. *Аңгемени окуп чыгып, айтып бер.*

***Бөлүм боюнча суроо жана тапшырмалар:***

1. *Кышта кандай оюндар ойнолот?*
2. *Бул бөлүмдө кайсы чыгармалар сага жакты?*
3. *Кыш мезгилинде кандай майрамдар белгиленет?*
4. *Кышта аба-ырайынын өзгөрүшүн кандай белгилерге карап билүүгө болот? Үйүңдөгүлөрдөн сурап, билип кел.*

# ЖАКШЫ ДЕГЕН ЭМНЕ, ЖАМАН ДЕГЕН ЭМНЕ?

## АТ ЖАКШЫ КӨРГӨН БАЛА

(*Аңгеме*)

Асылтай бажырандап сүйүнүп үйгө кирди:

– Мени ат жыттап койду. Мени ат жакшы көрөт!

– Калпычы, – деди Абылтай ага ишенбей. – Ат жакшы көргөндү билбейт.

– Билет! Жүрчү көргөзөйүн.

Экөө жетелешип мамыга байлануу аттын жанына барышты. Асылтай акырын алдыга өттү да, аттын тизгинин кармап көкүлүнөн сылады. Ат былк этпеди, ооздугун шылдырата башын саландатып, Асылтайдын иймейген колун жыттады, тумшугун ийинине сүйөдү.

– Сага сүйлөп атабы? – деди Абылтай, аттын кыпкызыл таноосунан, арсайган тиштеринен коркуп.

– Сүйлөгөн жок. Жакшы көрүп жатат.

– Эмне үчүн жакшы көрөт?

– Мен аны сугарам. Арыктын боюнан откозом. – Асылтай дердейип койду. Атты мамыдан чечип, минип алды.

Абылтай ат каякка басса ээрчий чуркап, ат менен Асылтай экөөнүн бири-бирин жакшы көрүшкөнүнө сүйүнүп, өзү да ошондой болсо деп кыйкырып жүрдү.



Бир күнү Абылтай аттын жанына барды да, кулагына шыбырады:

– Ой, ат! Мени жакшы көр, – деди сөөмөйү менен көзгө сайып.

Ат селтең этип башын көтөрүп, кайрадан үргүлөп туруп алды.

– Ой! Мени жытта. Жакшы көр, – деди атты кекетип. Ат дагы эле унчукпады. Абылтай анын мурдуна муштумун такап чаңырды.

– Ат! Сени өлтүрөм!

Ат кулагын тикчийтип, ооздугун качыр-качыр чайнады. «А-а, коркутуп салдым», деп ойлоду Абылтай.

– Мени жакшы көрбөсөң өлтүрөм! – Ал чөнтөгүндөгү мыгын алды да атты мурунга сайып ийди.

Ат таноосун тарсайтып, көзүн чакчарылта тикесинен секирди. Абылтай бакырып жыгылды.

Ошондон кийин Абылтай атка жакындабады. Жакындаса эле кулагын чунаңдатып кошкуруп, көзүн чакчаңдатат.

Асылтайга болсо антпейт. Ал каякка жетелесе же минсе деле тилин алып кетет берет. Аны бул көчөдөгү балдар, ал тургай чоң кишилер да «Ат жакшы көргөн бала» деп аташат. Мына, Абылтайдын иниси Асылтай! Шаарга кеткиче чоң атасынын атын минип көп жерге бастырып жүрдү. Абылтай бир да жолу өзүнчө минип бастырган жок.

Кызык, эмне үчүн Асылтайды ат жакшы көрдү? Эмне үчүн Абылтайды жаман көрдү?

?

1. *Асылтай менен Абылтайдын мүнөзү окшошпу?*
2. *Асылтайды эмне үчүн ат жакшы көрөт экен?*
3. *Үйүңдө кандай жаныбарлар бар? Сен аларды жакшы көрөсүңбү?*
4. *Ар кандай жаныбарларга жакшы мамиледе болууну унутпа.*

## АКЫЛДУУ БАЛА
(*Жомок*)

Илгери бир атагы чыккан ууру болуптур. Анын жалгыз баласы бар экен. Баласы чоңойгондо атасы чакырып алып:

– Балам, мени сыйласаң, ууру бол, мындан бөлөк жакшы кесип жок, – деди. Анда баласы капаланып:

– Ата, эгер мени адам кылам десең, уурулук кесипти үйрөтпө, андан көрө адал эмгек кылайын, – деди.

Ууру аябай ачууланды:

– Атанын жолун жолдобойт деген эмне?.. Атанын тилин албайт имиш!.. Менин сөзүм эки эмес, айтканымдан кайтпаймын. Бүгүн түнү төмөнкү айылдагы Жоошбайдын кызыл өгүзүн уурдап кел. Уурдабасаң, көзүмө көрүнбөй ошондон ары жогол!

Бала макул деп үйдөн чыкты да, Жоошбайдын кызыл өгүзүн күзгү эгинге сатып келди. Аны атасына айткан жок. «Балам өзүмдү тартып ууру болот экен», деп атасы аябай кубанды. Өгүздү союп алышты.

– Ата, бул этти жегенден мурда экөөбүз таразага түшөлү, эт бүткөндө кимибиз канча семирет экенбиз, ошону билели, – деди бала.

Атасы макул таап, экөө таразага түштү. Арадан бир эки-жума өткөндөн кийин эт түгөндү. Экөө таразага дагы түшүштү, атасы

мурункудан эки-үч кадак[1] арыктап калыптыр. Ал эми баласы болсо, беш-алты кадак семирген экен. Бу ишке атасы аң-таң калып баласынан жөнүн сурады.

– Таң кала турган эч нерсе жок, – деди баласы. – Сиз эт жеп жатканда, уурулугум ачылып калбагай эле деп, коркуп жейсиз. А мен өгүздү сатып келгем, ошондуктан коркконум жок, жегеним аш болду. Ар ким өз эмгеги менен гана семире алат.

Ошондо атасы баласына:

– Уурулук эң жаман иш турбайбы, сен бул бузук жолго түшпөй, түзүк жолго түшкөнүң жакшы болуптур, – деди.

*1. Уурулук кандай сапат?*
*2. Ата баласын кайсы жолго киререрин каалады?*
*3. Баласы кандай иш тутту?*

## СЫЛЫК БОЛОМ

«Сиз» деп дайым сүйлөймүн,
Саламдашпай жүрбөймүн.
Урушпаймын жөнү жок,
Оройлукту билбеймин.
Учурашам сүйүнүп,
Кол беремин ийилип.
Улууларды урматтап,
Узатамын жүгүрүп.

*М. Батырбеков*

[1] Кадак – байыркы салмак чен бирдиги.

## УШУЛ ЖАЗДА

Жаз келди. Туман каптап айлананы,
Адаттай жамгыр жаады кайра дагы.
Күн тийсе көк кылтайып...
Элдир-селдир
Угулат торгой куштун сайраганы.

## ДЫЙКАН МЕНЕН ДОҢУЗ

Бир дыйкандын эгини жакшы чыгып, жайкалып баш алып калганда доңуздар келип эгинди тебелеп, тумшугу менен жер казып кетчү болду. Бир нече жолу дыйкан доңуздарды кууп чыгып, эми жолобос деп ойлоду. Бирок доңуздар болбой эле эгинди ойрондой берди. Бир күнү дыйкан доңуздардын азуулуу чоңун кармап алып, аны терекке бек таңып салды.

Чоң таякты колуна алып:

– Өзүң айдаган эгиндей эле ойрондоп жатасың. Сен ошол жазында, кош айдаганда кайда элең? – деп кулак түпкө келтирип туруп бир чапты. Чочко коркулдап, чаңыра баштады. Ого бетер жинденген дыйкан:

– Кош айдап бүтүп, үрөн сепкенде кайда элең? – деп тумшук талаштыра бир чапты. – Арык чаап сугарганда кайда элең? – деп экинчи кулак түпкө сокту. Доңуз чарк айланып, чырылдап, айласы куруп тегерене баштады.



Бирок дыйкандын да жаны кашайган, ага боору ачыган жок. Андан бетер ачуусу менен дем албастан туш келди келтек менен чаап жатты.

– Кош айдаганда кайда элең, чочко! Эгин сугарганда кайда элең, чочко! Арык чапканда кайда элең, чочко! – деген сайын келтек таамай тийип жатты. Ошентип, доңуз кан жалап, чаңырып жатып өлгөн экен.

1. *Дыйкандын эгинин ким тепселеди?*
2. *Аңгеменин аягы кандай бүттү?*
3. *Аңгемени айтып берүүгө аракет кылып көр.*

## СУРАП БИЛҮҮ АДЕБИ

Уят эмес эч качан,
Билбегенин сураган.
Улуу иштерди адамдар,
Сурап билип улаган.

Түшүнбөсөм эсепке,
Эжекеме барамын.
Айтканына кунт коюп,
Сурап-билип аламын.

Ороңдобой, кыйкырбай,
Иштин жайын сурайлы.
Аталардын бүтпөгөн,
Чоң иштерин улайлы.

## КОРКОК БААТЫР

Илгери, илгери бир заманда Коркок баатыр деген адам жашаган экен. Ал жан-жаныбарды мындай кой, чымындан да коркчу экен. Коркок баатыр эч жумуш жасабай, атасынын тапканын ичип-жеп жашап жүрө берет. Атасы өлгөндөн кийин Коркок баатыр чымырканып, эми коркоктукту коюп, эл катары тиричилик кылууну ойлойт.

Бир күнү аттын жооруна үйүлгөн чымынды көрүп, аны уучтап кармап алып санап көрсө, туура жүз чымын болуптур. Ошондон кийин Коркок баатыр бир жакка жортуулга чыгып, душманды жеңгиси келди. Анан атасынан калган жоор атты токунуп, кыбыла тарапка бет алды. Жүрүп отуруп, үч айрылыш жолго туш келсе, ортосунда кара таш жатат. Ошол таштын бетине: «Ортоңку жолго түшкөн өлөт!» деп Коркок баатыр жазып кетет. Коркок баатырдан кийин дагы бир эки баатыр келип, таштагы жазууну окуп чочушат. Бирок алар бир аз кеңешип туруп: «Өлтүрө турган жол болсо, экөөбүз тең өлөлүк!» дешип, экөө тең ортоңку жолго түшүшөт. Алар жүрүп отурушуп, Коркок баатырга жете келишет.

– Салоом алеким! – деп Коркок баатыр салам айтып жиберет.

– Алеким салам, – дешип беркилер көңүлсүз учурашат.

– Ботом, силер таштагы жазууну окудуңарбы? – дейт Коркок баатыр тигилерден коркуп жатып.

– Окудук! – дейт баатырлар дагы эле көңүлсүз.

– Ырас болду, эми жолдош болуп баралык. Мен теңдеши жок баатыр болом. Силер менин атымды токуп жүргүч болосуңар, – дейт Коркок баатыр тигилерге шек билдирбей. – Мен деген бир чапканда жүз кишинин башы ыргыйт.

Тигилер чын эле сестенип калышты. Аны сезген Коркок баатыр:

– А силер бир чапканда канча кишинин башын чабасыңар? – деди.

– Биз бир чапканда үч кишинин башын чабабыз, – дешти баатырлар.

Аңгыча алдыларынан жоо чыгып калат. Жоодон эки баатыр тең качып,

– Баатыр, сиз барсаңыз экен, бизден көрө сиз алп экенсиз, – деп шашып калышат. Анда Коркок баатыр тигилерге карап:

– Былжырабай баргыла! Мен ушундай жоого да булганып отурамбы. Аябагандай күчтүү жоо келсе гана мен барамын! – деп ачууланат.

Эки баатыр макул болуп, жоого бет алып киришип жеңип келишет. Андан ары жүрүп турушса, аябагандай көп жоо кезигет:

– Эми сиз барыңыз? – дейт баатырлар. Коркок макул болуп кетип баратса, жоонун жигиттери алдынан качырып келет жатат. Коркок коркконуна чыдай албай көзүн таңып алды. Аны көрүп, качырып келе жаткан жоонун жигиттери да көздөрүн таңып алышты. Коркок бир убакта көзүн ачып караса, жоонун баары көздөрүн таңып алышкан. Алар эки жакта кайчалактап жүрүшөт. Коркок баатыр аларды көрүп, кол башчысынын кылычын сууруп алып, башын кыя чаап өлтүрдү да, калгандарын кырып кирди. Жоону жеңип, Коркок баатыр жолдошторуна барып:

– Адам болбой калгыла, ушуга да мени жибересиңерби, – деп мактанды. Андан ары үчөө дагы бир канча жол жүрүп, кезиккен жоо-

ну багынтып алышат да, Коркок баатырды кол башчы кылып дайындашат.

Ошондон кийин Коркок баатыр күндөн күнгө күчөп, кийин таптакыр Коркпос баатыр аттанып кеткен экен.

1. *Коркок баатыр кандай адам экен?*
2. *Ал кандай кылып өзгөрдү?*
3. *Баатырлар тууралуу жомок билесиңби?*
4. *Жомокту айтып берүүгө аракеттен.*

Баатыр – маңдайлаш, чечен – таңдайлаш.

Балык көлдө өлбөйт,
Баатыр чөлдө өлбөйт.


***Бөлүм боюнча суроо жана тапшырмалар:***

1. *Жакшы деген эмне, жаман деген эмне? – деген суроого жооп бергиле.*
2. *Уурулуктун кесепеттери жөнүндө айтып бер.*
3. *Кандай бала адептүү болот?*
4. *Орой жана сылык мамилелерди салыштыргыла.*

# ЖАНЫБАРЛАР ДҮЙНӨСҮ



## ӨРДӨГҮМ



Ой, өрдөгүм, өрдөгүм,
Таза сууну өрдөгүн.
Ала мойнуң койкойтуп,
Көркү сенсиң көлмөнүн.

Суучулдугуң тегинби,
Таап жегин жемиңди.
Көк кашка көл, жашыл чөп,
Көрчү жүргөн жериңди.

Карк-карк этип үндөгүн,
Мылтык үнүн билбегин.
Балыр чөпкө өч болгун,
Балыктарга тийбегин.


*К. Курманбаев*

## ЭШЕК НЕГЕ АЙКЫРЫП, КАРГА НЕГЕ КАРКЫЛДАЙТ?

(*Эл оозунан*)

Илгери-илгери эшек да, карга да адамча сүйлөшчү экен. Эшектин бир туугандары карганыкынан көп болгон дешет. Күндөрдүн биринде эшек токойдо сайрандап жүрсө, алдынан карга учуп чыгат. Карга эшекти сынамакчы болуп, алдына конот да:

– Эшек! Бир туугандарыңдын бири да калбай карышкырга жем болду, – дейт. Чочуп кеткен эшек аябай ачуу үн менен:



– Аа-аа! – деп чаңырып жиберет. Ал ушунчалык ачуу кыйкыргандыктан карга коркуп кетип: «Калп, карк!» деп калганын айта албай каргылдана түшөт. Эшек анын «калп» деген биринчи сөзүн угуп калып:

– Ии-ии, – деп басылып калат. Карганын тапкан бул амалы экөөнө тең аябай катуу таасир этип, акылдарынан адашып калышыптыр. Карга «карк, карк!» деген экинчи сөзүнөн башкасын бүт унутуп, ушул гана сөздү билип калган экен. Ал эми эшек болсо «Аа-аа-аа-

ии-ии» деген ачуу айкырыктан башканы унутуп коюптур.

?

1. *Эшек менен карга каерде жолугушат?*
2. *Карга эшекти кандай сынады?*
3. *Карганын каркылдаганы кайсы сөздөн калган экен?*
4. *Үй жаныбарларынын бизге кандай пайдасы бар?*
5. *Адам баласы кандай жаныбарлардын эмгегинен пайдаланат?*

## ААРЫ



Сары чымын экен деп,
Шашып ойлой калганым.
Конуп турган аарыны
Канатынан кармадым.

Бошонгусу келдиби?..
Дыр-дыр этип турду да,
Учуп чыгып колумдан
Тийип өттү мурдума.

Мурдум десем, аңгыча
Жаш ыргыды көзүмөн.
Ал кылыгым эстесем
Алигиче өкүнөм.

Кичинекей уусунун
Ачуусун ай, заарын ай!
Чуркап келсем үйүмө
Апам калды таанабай.

Ал күн тургай, эртеси
Мектебиме барганда
«Бети толо мурун», – деп
Шылдың болгом балдарга.

Көргөн элем ушинтип
Шоктугумдун азабын.
Ошондон го, азыр да
Ары көрсөм качамын.

Учуп жүрөт бал издеп
Алча менен алмада.
Эгерде мен тийбесем,
Тийбейт экен ал мага.

*Т. Самудинов*

? *Ырды жаттап ал.*

## АЛДАНГАН КАРЫШКЫР



Илгери-илгери бир капчыгайдын арасында куу түлкү ийин жасап алып көп жыл жашаптыр. Бир күнү күн аябай суук болуп, түлкү ийинден чыгып, тамак издеп жөнөйт. Ал кетээри менен ачка карышкыр түлкүнүн келишин күтүп, ийинге кирип жатып алат.

Түлкү жолу болуп курсакты кампайта тойгузуп, кечке жуук ийинге келди. Караса карышкырдын изи жатат. «Эгер карышкыр ийинде жатса, анда мени соо койбойт, эптеп амал издейин», дейт түлкү. Анан ийиндин оозунан алынын бардыгынча:

– Ийиним, ийиним! Сен соо эмессиң го, ар дайым мен келгенде жооп берчү элең. Ал кайратың кайда кеткен! – деп кыйкырат.

Карышкыр тигинин түлкү экенин билгенден кийин:

– Аа-уу, аа-уу! – деп улуп, жооп берет. Түлкү болсо ийинде карышкырдын бар экенин билип:

– Бая эле ошентип жооп бербейсиңби. Мен карга оонап тазаланып келейин, – деп калп эле айтып, жылт коюп качып кетет.

Ал эми ач карышкыр азыр түлкүнү жеп курсакты тойгузам деп тилин салаңдатып, түлкүнүн ийинге киришин күтүп жата берет. Аңчылыктан жолу болбой келаткан мергенчилер ийинди көрүп, ага капкан салып коюшса, карышкыр түшүп калат. Ошентип, амалдуу түлкү аман калат да, карышкыр алданып өлгөн экен.

1. *Түлкү ийинден чыгып кайда кетти?*
2. *Түлкү ийинине ким келгенин кандай билди?*
3. *Ийинде ким жаткан экен?*
4. *Түлкү ач карышкырдан кандай кутулду?*

## ДҮЙНӨДӨГҮ КЫЗЫКТАРДАН

Аравияда башка өсүмдүктөргө окшобогон бир бадал өсөт. Жергиликтүү эл аны «күлдүргүч да-

рак» деп атайт. Анткени анын мөмөсүндө нерв системасына таасир этип, дүүлүктүрүүчү кескин жыттуу заттар бар.

Ошондуктан бул бадалдын мөмөсүнөн бир ууч жеген адам өзүнөн өзү эле күлө берет. Жергиликтүү адамдар бул дарактын мөмөлөрүн ооруну сездирбей коюучу каражат катары пайдаланышат.

*«Дүйнөдөгү кызыктардан»*

## КЫРГЫЙ МЕНЕН ҮКҮ

Жем таап жээрге жарабай турган бир оорукчан үкү менен бир кыргый таанышып, акыреттик түбөлүк дос болушат. Анан алыска сапар тартышат. Кыргыйдын эстүүлүгү, алгырлыгы менен жакшы күн күрүшөт. Үкү оорусунан сакайып, өз тамагын өзү табууга жарап калат.

Бир күнү: «Эми ар кимибиз өз күнүбүздү өзүбүз көрөлү» деп, үкү менен кыргый ууга чыгышат. Ары учуп, бери учуп, эч нерсе таба алышпай калышат.

Ошондо үкү кыргыйды акырын чакырып алып, шап кармайт да: «Мен сени жеймин», дейт. Кыргый акыреттик достугун жана кылган көп жакшы кызматын айтып ыйлайт. Анда үкү: «Жакшылыкка жакшылык кылган эшектин иши, жакшылыкка жамандык кылган эшендин иши. Дүйнөдө жашоо – алышмак, күрөшмөк, алы жетишпесе ылдыйламак, айла тапмак, иши кылып өзү жашамак», дейт да, кыргыйды чыркыратып

баса калат. Окуянын күбөсү болгон ылаачын айры өңдүү өткүр текөөрү менен үкүнү жара тебет. Ар кандай жамандык өз жазасын алат деген ушул тура.

1. *Үкү менен ким дос болду?*
2. *Алар эмне кылышты?*
3. *Экөөнүн достугу узакка созулдубу?*

## БАЛАМ, БАЛАМ, ЖАН БАЛАМ!

Жылкы сүйөт баласын –
Кулунум деп,
Минсе, түшсө билбеген –
Дулдулум деп.
Уй сүйөт баласын –
Торпогум деп,
Караңгыда баспаган –
Коркогум деп.
Төө сүйөт баласын –
Тайлагым деп,
Талдын башын сындырган
Ардагым деп.
Кой сүйөт баласын –
Коңурум деп,
Сойсо, сатса билбеген –
Момунум деп.
Эчки сүйөт баласын –
Улагым деп,
Таштан ташка секирген
Чунагым деп.

Ит сүйөт баласын –
Күчүгүм деп,
Жерден мурдун албаган
Бучугум деп.
Карга сүйөт баласын –
Аппагым деп,
Ача жыгач башынан –
Тапканым деп.
Төөк сүйөт баласын –
Кукунум деп,
Жөн тура албай чуркаган
Тукунум деп...

*1. Жаныбарлар кандай сүйөт экен балдарын?*
*2. А адамдар кантип сүйөт балдарын?*

## АПЕНДИНИН ЖОРУКТАРЫНАН

Апендиге бир жолдошу чуркап келип, күйүккөн демин араң басып: – Тетиги иттен корконуман жүрөгүм түшүп калды! – дейт.

Апенди анда камырабай:

– Андан кам санаба, азыр жүрөгүңдү алып келип берем, – дептир.

***Бөлүм боюнча суроо жана тапшырмалар:***

1. *Жапайы жана үй жаныбарларын санап бер. Алар жөнүндө билгендериңди айт.*
2. *«Өзбекстан Республикасынын Кызыл китеби» дегенди билесиңби?*
3. *Жаныбарлар жана канаттуулардын балдарынын аталышын ким көп билет? Үйдөн буларды жазып келип, мелдешип көргүлө.*

# ЖАРКЫРАГАН ЖАЗ АЙЫ



# ЭРТЕ ЖАЗ

Жаздын башталышын кандай билүүгө болот? Асманга кара. Булуттар кудум шар сыяктуу жеңил учат. Булар айылдагы калың кара булуттарга окшобойт. Бул булут тоодогу жаздын кабарчылары.

Бирок али жерлерде кар көп. Кар күндүзү күндүн нурунан эрип, жерге сиңет, кеч болгондо тоңот.

Талдын бүчүрлөрү жарылып, андан боз, жумшак бүчүр чыгат.

Демек, жаз! Карлар күндүн нуруна чыдай албай, жаш төгүп жатат. Тамчылар март... март... март... дегендей. Март жаздын биринчи айы.



Кар эриген жерлерден буу көтөрүлүп турат. Кырларда кой-козулар, малдар оттоп жүрөт.

Талааларда эгин эгүү башталат. Жумуш кызыйт. Балдар кооз бак жана кең талааларда жыргап ойношот.

Жаз укмуштуудай мезгил!

?

1. *Жазда аба ырайы кандай өзгөрөт?*
2. *Аба ырайын байкоону улант.*
3. *Байкаганыңда эмнелерди билип алганыңды айтып бер.*
4. *Жаз мезгилинде кандай майрамдар өткөрүлөт?*
5. *Жаз мезгилин жакшы көрөсүңбү?*

## АПАМА БЕЛЕК



Менин атым Алтынай. Бүгүн 8-март – Апалардын майрамы. Биз иним экөөбүз белек даярдадык. Мен бет аарчу жоолук тиктим. Иним Азамат болсо ыр жаттады. Атам жумуштан келди да, бизге:

– Балдарым, бүгүн апаңардын майрамы, белек алып келгени дүкөнгө чыгалы. Мени менен бирге жүргүлө! – деди. Биз атам менен дүкөнгө бардык. Дүкөндө ар кандай белектер бар экен. Ал жерде биз жакшынакай кутучада атыр, гүл жана торт алдык. Андан кийин үйгө келдик.

Апам үйдө дасторконду толтуруп ар түрдүү таттуу тамак-аштарды даярдап бышырыптыр. Апамды майрам менен куттуктадык. Атам атырды, мен бет аарчы жоолукту, иним болсо ырын окуп берди. Ырдап, бийлеп апамдын көңүлүн көтөрдүк. Таттуу тамактарды жеп, майрамды кубанычтуу маанай менен өткөрүп алдык.

?

*1. Эрте жазда аба-ырайы кандай болот?*
*2. Апалардын майрамы качан белгиленет?*
*3. Алтынай апасына кандай белек даярдады?*
*4. Сен апаңа кандай белек даярдадың?*
*5. Мындай майрам сага жагабы?*

## НООРУЗ – ЖАЗ МАЙРАМЫ



Элибиздин ар кандай адамды суктандыра турган майрамдары, каада-салттары арбын.

Ошондой майрамдардан бири – Нооруз майрамы. Байыртадан элибизде күн менен түн тең келген убак 21-марттан 22-мартка өткөн түнү Жаңы жыл иретинде белгиленет.

Нооруз – элибиздин эң сүйүктүү майрамы болуп эсептелет. Ушул күндөн баштап чыныгы жаз айы башталат. Нооруз майрамы өлкөбүздө чоң сал-

танатта өткөрүлөт. Акындар ыр жазып, ырчылар ыр ырдашып, бийчилер бий даярдашат.

Нооруз күндөрү элдер түркүн-түмөн тамактарды, көк самса жана сүмөлөк бышырышат. Орулуулардан жана карыялардан кабар алышат. Нооруз – жаңы жылдын, ырайымдуулуктун жана боорукерликтин майрамы.

Күндүн нуру жерди кыздыра баштайт. Дарактар бүчүр чыгарат, гүлдөйт. Канаттуулар учуп келишет. Чөптөр көгөрөт. Кырларда жазгы гүлдөр, байчечекейлер ачылат. Арыктарга суу келип, шылдырап агат.

Табигаттын көрүнүшү жашыл боёкко боёлгондой адамдын көңүлүн көтөрөт.

?

1. *Нооруз качан белгиленет?*
2. *Нооруз кандай майрам?*
3. *Айылыңда Нооруз майрамы кандай өткөрүлөт?*
4. *Нооруз тамак-аштарын айтып бер.*

Бийикке чыксаң, көзүң ачылат,
Билимдүүгө жолуксаң – көңүлүң.

Билимди элден изде,
Алтынды жерден изде.

## ЖАЗДА

Кара кучкач дирилдеп,
Келе берет бириңдеп.
Күн унчукса күркүрөп,
Чөптөр өсөт дүркүрөп.

Калың дыйкан жайнашат,
Түркүн эгин айдашат.
Жазды мактап тоскондой,
Ырдай берет боз торгой.

Төрт түлүк мал төлдөшөт,
Айран, сүттү көлдөтөт.
Балыр чөптү кармалап,
Балдар издейт мандалак.

*А. Токомбаев*

## МАЙ – СУЛУУ АЙ

Бийлейт гүлдөр, ак гүлдөр,
Желге акырын ыргалып.
Ырдайт гүлдөр, көк гүлдөр,
Кубанычтын ырларын.

Дарак жашыл, чөп жашыл,
Боёгондой атайын.
Жердин баары жапжашыл,
Сулуу кыздай жасанып.

Өзөндөгү суу ырдайт,
Мажүрүм тал малынган.
Май – сулуу ай чынында,
Жашыл жоолук салынган.


*Э. Кылычев*

### Тапшырма:

*«Салам, Нооруз» деген темада класста талкуу уюштургула.*

### Бөлүм боюнча суроо жана тапшырмалар:

1. *Жаз мезгилинде кандай өзгөрүүлөр болот?*
2. *Жаз мезгилинде кандай майрамдар бар?*
3. *Ушул бөлүмдөн кайсы аңгеме, жомок же ыр сага жакты? Ыр жана макалдардан жаттап ал.*
3. *Табиатта кездешкен жаныбарлардын, канаттуулардын жана курт-кумурскалардын аттарын катыштырып, сканвордду толтур.*



# УЛУУ БАБАЛАРЫБЫЗ – БИЗДИН СЫЙМЫГЫБЫЗ

## АЛТЫН УЯ

*(Жомок)*

Илгери бир хан булбул карматып алат. Аны алтын капаска салдырып, илдирип коёт. Ичине аппак мамык менен жибектен уя салдырат. Эң сонун кооз идиштерге булбул жей турган түркүн тамактарды койдурат.

Булбул мындай жаңы шартка көнө албай, бир топ күндөргө чейин сайрабайт. Күндөрдүн биринде хан жалгыз отурганда кубулжутуп сайрап жиберет. Хан сүйүнүп, көңүл коюп, угуп калат. Ал куштардын тилин билген киши экен, булбул эмне деп сайрарын билгиси келип, тыңшап отура берет. Угуп отурса, булбул минтип сайрайт:

Кайран алтын уям ай,
Кайрылып сени көрөмбү?
Кайрылып көрбөй өзүңдү,
Капаста жүрүп өлөмбү?

Торкодон салган уям ай,
Толгонуп кайра көрөмбү?
Толгонуп көрбөй өзүңдү,
Тордо эле жүрүп өлөмбү?

Булбулдун муңдуу ырына хан таң калат. «Мен жасаткан алтын капастагы ак мамык менен жибектен салдырган уя жакпаса, өзүнүн уясы бир укмуш болсо керек. Ошол уясы кандай экенин билейинчи» деген ойго келет да, жигиттерин чакырып:

– Булбулду капастан бошотуп жибергиле, бирок кай жерге барып конгонун билип, уясын көрүп келгиле! – дейт.

Капастан бошонгон булбул шыр учуп отуруп бир калың бадалга келип конот. Өзүнүн көнгөн жерине келгенине кубанып, ал үстүбашын тарап, боюн керип алат да, көпкө чейин кубулжутуп сайрайт. Моокуму канган соң карагандын бооруна куураган чөп-чардан салган уясына кирип, ырахаттанып жата кетет. Ошол кезде хандын жигиттери келет да, булбулдун бир жаман уяда жатканын көрүшөт. Анын баарын ханга айтып барышат.

Көрсө ар кимдин өз уясы өзүнө алтын уя болот тура. Ошондуктан ар кимдин Ата Мекени өзүнө эң кооз жана кымбат көрүнүп, алтын уядай сезилет. Элдеги: «Ар кимдики өзүнө, ай көрүнөт көзүнө», деген макал ошондон айтылып калган экен.

*К. Сейдакматов*

?


*1. Хан булбулга кандай уя жасаптыр?*
*2. Булбулга алтын уя жактыбы?*
*3. Хан кандай чечимге келди?*

Улуу адам менен сүйлөшкөндө,
Укпаганды угасың, билбегенди билесиң.

Ата-журтуң – алтын бешик.

## БЕРУНИЙДИН ЭС АЛУУ КҮНДӨРҮ

(*Уламыш*)



Беруний жылына эки жолу эс алат экен. Биринчиси, Нооруз майрамы башталган күнү, экинчиси, буудайга биринчи орок түшкөндө.

Адамдардын көңүлүн көтөрүп, Нооруз майрамы да кирип келген күнү эрте таң менен ордунан туруп, жуунуп-таранып, жакшы кийимдерин кийип, туугандары, досторуна барып, алардан кабар алат экен. Алар менен аңгемелешип, азил-тамаша сөздөр айтышып отурушат экен. Андан кийин күн батканга чейин жерге биринчи соко салууга катышып, көчөт эгишет экен.... Абалын сурагандарга:

– Дем алып, турмуштун кызыгын көрүп жатамын, – деп жооп берет экен.

Буудайга биринчи орок салган күнү да дыйканча кийинип, колуна орок алып, эрте таңдан кеч күүгүмгө чейин буудай оруп, аны боолойт

экен. Өткөн-кеткендер: «Кудай күч берсин», дегенде: «Бар болгула», деп жооп берет экен.

Балдар, карагылачы, залкар окумуштуу бабабыз жыл сайын изилденүү, китеп жазуу, тажрыйба өткөрүүдөн эки күн убакыт ажыратып, эрте таңдан кечке чейин талаада өгүз айдап, соко тартууну, орок орууну өзүнө эс алуу күнү деп билет экен.

Ооба, Беруний: «Бир минут убакытты текке өткөргөнүм мен үчүн курман болгон менен тең», дечү экен.

*1. Беруний ким болгон?*
*2. Ал кайсыл убакытта эс алат экен?*
*3. Эмгекчил бол.*

## МУГАЛИМ

Окутуп көптү үйрөткөн,
Ойлонтуп көркөм сүйлөткөн.
Адептүү бол деп ар убак,
Айтканы кетпейт жүрөктөн.
Мугалим эжем ал менин,
Актасам деймин эмгегин.

Аябай акыл кеңешин,
Айдаткан билим кемесин.
Көчөдө, бакта жүрсөк да,
Көрөбүз сүйкүм элесин.
Мугалим эжем ал менин,
Актасам деймин эмгегин.
Келечек күнгө үндөгөн,
Китеп жок өзү билбеген.

Айланып бүткүл жер жүзүн,
Келгендей түгөл сүйлөгөн.
Мугалим эжем ал менин,
Актасам деймин эмгегин.

*А. Кыдыров*

## АКЫЛМАН СЫНЧЫ

Бир жолоочу келе жатса, жолдон бир адам жете келет да: «Бизден мурун кеткен из төөнүн изи экен. Анын бир жак көзү сокур экен», дейт. Жолоочу ага көңүл бөлбөйт. Андан ары бир аз жүргөндөн кийин баягы киши: «Бир жагына таруу, бир жагына буудай жүктөп алыптыр», дейт. Андан ары жүрө бергенде: «Үстүнө мингени кош бойлуу аял экен, артында ээрчиткен куйругу чолок сары ити бар экен», деп толуктап коёт. Ошондо жолоочу таң калып, бир чети жини келип: «Сен жинди болсоң керек, аларды көрдүң беле, көрбөсөң кайдан билдиң?» дейт. Анда тиги киши: «Мен жинди эмесмин, шаарга жете баралы, мына ошондо менин сөзүмдүн чындыгын көрөсүң», деп коёт. Баягы киши шаарга жакындаганда: «Жанагыны далилдесем болот эле, бирок шашып бара жаттым эле» деп, жөнөп кетет.

Жолоочу өз жолу менен жүрүп отуруп, бир хандыкына келип, конуп калат.

– Алыстан келе жатыпсыз. Көргөн-билгениңизди айта отуруңуз? – деп жолоочудан сурап калат.

– Жолдон бир кишиге жолуктум. Жинди дейин десем, жинди эмес. Кебете-кешпири кадим-

ки соо адамдай, бирок соо дейин десем, соо эмес, жинди кишинин кебин салат. Ошого азыркыга чейин таң болуп отурам, – дейт жолоочу.

– Кандай кеп айтты ал киши? – деп хан сурады.

– Айта турган деле кеп эмес, дөөдүрөп койду көрүнөт. Жолдо келе жатып: «Бизден мурун шаарга кеткен из төөнүн изи экен», деп койду. Дагы бир аз жол жүрүп келип: «Төөнүн бир көзү сокур экен, үстүнө мингени кош бойлуу аял, ээрчиткени чолок куйрук сары ит экен», деди. Андан бери келип «Төөнүн бир жагына таруу, экинчи жагына буудай артып алыптыр», дейт. Мен ишенген жокмун. Шаарга жакындаганда: «Далилдесем болот эле, бирок шашып баратам», деп жөнөп кетти.

Хан арыдан-бери эки жигитин чаптырып, баягы кишини таптырып келди да:

– Кечээ эмне дедиң эле? Аны кайдан билдиң? – деп сурады.

– Аны билиш кыйын эмес. Бизден мурун кеткен төө экенин изинен билдим, сокур экенин чөп чалышынан билдим, анткени сол тарабындагы чөптү сыдырып жеп отуруптур, оң жагына тийбептир. Аял жерге түшүп заара ушатып, боортоктоп араң минген экен, андан кош бойлуу экенин билдим. Жумшак кумда сайылган из бар, сары жүн түшүп калыптыр, андан куйругу чолок сары ити бар экендигин билдим. Жолдун бир жагына таруу, экинчи жагына буудай чачылыптыр, андан таруу менен буудай жүктөп ба-

ратканын билдим. Таксыр ханым, аялды издеп таптырып келиңиз. Эгер айтканым калп болсо, башымды алдырыңыз, – деди.

Аңгыча хандын жигиттери сокур төө минген сары ит ээрчиткен кош бойлуу аялды алып келип калышты. Хан тиги кишинин тапкычтыгына, кыраакылыгына таң калды. Анан ошол кишиге тулпарын сынатмакчы болуп, жигиттерине алдырып келет. Сынчы тулпарды көрүп:

– Эти уй, сөөгү тулпар экен! – дейт.

Хандын абдан ачуусу келип, тулпарды баккан, таптаган кишисин алдырып:

– Сынчынын айтканы туурабы, же жокпу, – деп тигинден сурайт.

– Ханым, бул сынчынын айтканы туура. Тулпар туулары менен энеси өлүп калды, кулунду уйга телчиткенибиз чындык болчу, – дейт саяпкер.

**?**

1. *Жолоочуга жолдо ким шерик болду?*
2. *Сынчы жолоочуга эмнелерди айтты?*
3. *Жолоочу кимдин үйүндө конок болду?*
4. *Кан сынчынын сөздөрүнө ишендиби?*
5. *Жомокту өз сөзүң менен айтып берүүгө аракеттен.*

## НАЖМИДДИН КУБРО

Жок эмес да, бар экен. Ач эмес да, ток экен. Байыркы заманда, Амударыя тарапта сонун бир журт бар экен. Жаратылышы кооз, эли ажайып жер экен. Топурагы абдан берекелүү, мол түшүмдүү болгону үчүн тамашалап чырпык сайсаң да, чындап дарак болуп өсчү экен. Бул өлкөнүн

акылмандары да көп экен. Шайх Нажмиддин Кубро акылмандардын акылманы саналат экен. Калк кандайдыр бир ишке кол урмакчы болсо, эң оболу ал кишинин кеңешин алат экен. Ошону үчүн бул өлкө уруш-жаңжалдан алыс экен. Бул журт болсо Харезм деп аталат экен.

Кыскасы, бир күнү монгол деген баскынчы Харезмге чабуул баштаптыр. Жолдо жолуккан бак-дарактарды жок кылып, үйлөргө от коюп, кой-козуларды айдап, шаарларды ээлеп алыптыр. Баскынчылардын максаты бул укмуштуу журтту бийлөө, анын калкын кул кылып сатуу экен.

Харезм эли кайгыга түшүптүр. Баатырлары чабуулга даярдык көрө баштаптыр.

Шаар айланасында курчап жүргөн душман болсо, калааны жарып кирүүнүн жолдорун издептир. Айгакчылардан бири монголдордун башчысына:

– Азиретим, бир кашык канымдан кечсеңиз, пикиримди айтайын, – деп таазим кылат.

– Сүйлө!

– Падышам, бул журттун акылмандары көп. Акылмандардын акылманы шайх Нажмиддин Кубро болот. Бул кандуу согушта ал кишинин көңүлү ооруса, биз эч кандай жеңишке жетишпейбиз. Буйрук бериңиз, шайх биз тарапка өтсүн. Андан кийин биз жеңди түрүп согуш баштайбыз.

Падыша көп ойлоптур. Акыры сунушту кабыл алыптыр.

– Кат даярдагыла! Чабарман жибергиле! Улуу урматтуу шайх биз жакка өтсүн!

Чабарман катты алып, калаа дарбазасынан ичкери кириптир. Нажмиддин Куброго катты бериптир. Даанышман бир топ акылмандар менен отурган экен. Катты алардын алдында үн чыгарып окуптур: «Улуу урматтуу шайх, сизге болгон урматыбыз менен сизге сунуш кылабыз. Үй-бүлөңүз жана он киши менен биз жакка өтүңүз! Тынчтыкта, ырахатта жашайсыз!»

– Бар, сөзүмдү жеткир! Менин жакындарым он кишиден көп.

Эртеси күнү чабарман дагы кат алып келет: «Улуу урматтуум, мейли жүз киши болсо да өтүңүз!»

Анда шайх айтат:

– Сөзүмдү кайра жеткир, алар жүз кишиден да көп.

Үчүнчү күнү чабарман дагы кат алып келет. Катта «Макул, миң киши болуп өткүлө», делиптир.

Анда Нажмиддин Кубро мындай дейт:

– Менин жакындарым миң кишиден да көп. Бүткүл калк – менин жакындарым. Алардын жакшы күнүндө бирге болдум. Башына иш түшкөндө таштап кетемби? Бир башта бир өлүм бар. Падышаңа айт, канга кан, жанга жан!

Төртүнчү күндүн таңында эл-журттун тынчы кетиптир. Таң кулансөөк атпай туруп, душман калааны көздөй ат салыптыр. Кимдир колунда таяк, кимдир орок менен душманга каршы чыгыптыр. Шайх Нажмиддин Кубро да кандуу согушка кириптир. Жергиликтүү эл алгач желек-

ти алууга аракеттенет, анткени желектин колдон кеткени – душмандын жеңилгени.

Ошентип шайх Кубро душмандын желегин ылдый тартып турганда, бир баскынчы шайхтын оң колуна кылыч салат. Кара канга буланган шайх аттын үстүнөн кулап түшөт. Душмандын желегинде калып кеткен оң колу болсо желекти ылдыйга тарта берет. Канча аракет кылса да душман шайхтын колунан желекти чыгара албайт. Душман жеңилет.

Шайх Нажмиддин Кубро болсо Мекен үчүн болгон согушта курман болот.

?

1. *Монгол баскынчылары Харезмге эмне максатта чабуул жасады?*
2. *Душман шайх Нажмиддин Куброго кандай кат жазды?*
3. *Нажмиддин Кубронун жоопторун дептериңе жаз.*
4. *Мекен үчүн эр жүрөктүк кылган ата-бабаларыбыздан кимдерди билесиң?*

## МЕКЕНИМ

Кымбатым, өскөн жер мекеним,
Сен десем толгонуп кетемин.
Апамдай асырап чоңойттуң,
Сүтүңдү мен актаар бекемин.

Тоолоруң, түздөрүң, белесиң,
Көңүлгө жат болуп келесиң.
Киндик кан тамызган Ата-журт,
Чаалыксам күч-кубатココ

Кымбаттуу өскөн жер мекеним,
Бактылуу бир балаң экемин.
Атамдай алпештеп өстүрдүң,
Наныңды мен актаар бекемин.

*И. Мансуров*

Жамандыкты унуткан – жакшы,
Жакшылыкты унуткан – жаман.

Коноктун да өз ырыскысы бар.

## УМАЙ ЭНЕ

Кыргыздар Умай энени аялзатынын, наристенин, үйдүн колдоочусу дешкен. Ага биздин доордун алтынчы кылымында эле балбал таштан эстелик коюшкан.

Умай энени элибиз өтө урматтаган. Чебер, уз аялдар аны учкан куш түрүндө саймаларга сайышкан. Кыргыздар кээ бир булак башатын Умай эненин мазары дешип, ал жерге сыйынышкан. Акылдуу, эрки күчтүү аялдарды ыйык энеге теңешкен. Наристелерди: «Менин колум эмес, Умай эненин колу», деп эмдешкен. Умай энеге болгон сый-урматтан улам элибиз эзелтеден аялзатын урматтаганын билсек болот.

*К. Жусупов*

*Текстти окуп айтып бер.*

# ДҮЙНӨЛҮК БАЛДАР АДАБИЯТЫНАН

## АЙЛАКЕР БАЛА

*(Араб эл жомогу)*

Илгерки заманда Багдад шаарында багар-көрөрү жок бир тоголок жетим жашаптыр. Ал көчө кыдырып тилемчилик кылып, өлбөгөн күнүн көрүп, өлбөстүн отун жагып, буюрган суусун ичип, эптеп жашаган экен. Күндөрдүн биринде жетим бала адатынча тилемчилик кылып жүрсө, бир адам жолугуп: «Балам, кайдан жүрөсүң, атың ким?» деп сурайт. Анда бала: «Атым Айлакер, кайдан келгенимди, эли-журтумду билбеймин, ата-энем кичинемде эле көз жумуптур», деп жоопберет.

– Ээ балам, эмне айла-амалың бар? Атыңды койгон ким экен?

– Менде эч деле айла-амал деген жок. Атымды ата-энем койсо керек.

– Эмесе, балам, баары бир ата-энең, башка багар-көрөрүң жок экен, мага бала болгунуң! – дейт ал киши.

– Жакшы болот, ата, сокурдун тилегени эки көз дегендей, менин тилегеним да ошол эмеспи, – деп бала баягы адамга бала болуп калат. Ал бир күнү эшикте ойноп отурса атасы чакырып: «Ээ, Айлакер, сен мынабу бактын башында эмне бар экендигин билесиңби?» деп

сурайт. «Билем, ата, анда ак сары куштун уясы бар», деп жооп берет. «Эмесе, куш азыр уясында жатат, сен кушка билгизбей жумурткасын уурдап келгин», дейт атасы. Айлакер бакка чыгып барып, кушка билдирбей бир жумурткасын уурдап келет.

Чал баланы карап туруп: «Эми акырын барып, билдирбей уясына салып кел», дейт. Айлакер бакка чыгып барып, кушка билдирбей жумуртканы уяга салып келди эле, атасы: «Колуң эптүү, өзүң тири-карак экенсиң, ишке жарай турган кебетең бар экен», дейт. Ал күнү кеч кирип калганда атасы баласын чакырып: «Мобул жердеги абышка-кемпирдин үйүн билесиңби?» деп сурайт. «Билбегендечи, билем!» дейт Айлакер. «Ошол кемпир-чалдын бир карын сары майы бар. Аны же өздөрү жебейт, же кишиге бербейт. Түнкүсүн ууруда н коркуп ортосуна алып жатышат. Баргын да, ошону уурдап келгин», дейт атасы.

Айлакер макул болуп, абышканын үйүнө жетип барат. Чынында эле абышка-кемпир төшөгүн кенен салып, майды ортолоруна алып, уктап жаткан экен. Айлакер жыла басып, төшөктүн жанына барат да, абышканын үнүнө окшотуп кырылдап: «Кемпир, ары жат», деп кемпирин акырын түртүп кот. Кемпир арылап кетет. Андан кийин: «Абышка, ары жат» деп кемпирдин үнүнө окшотуп, абышканы бир түртөт. Абышка да арылап кетет. Ушуну эле күтүп турган Айлакер карап турчубу, майды көтөрүп алып, үйдөн чыгып кетет.

Аңгыча абышка ойгонуп кетип, эки жагын сыйпаласа, карын май жок. Абышка өзү да жаш кезинде амалдуу экен. Бул иштин Айлакер колдуу болгонун түшүнүп, төшөгүнөн дароо тура жүгүрүп, Айлакердин атасынын үйүнө жетет. Барса, бала али үйүнө жете элек экен. Абышка үйгө кирип, бир чаканы уурдап чыгып, эшиктин алдынан тосуп тура калат. Аңгыча Айлакер майды көтөрүп келип калат, анда абышка: «Келе, майды мага берип, бул чакага суу алып кел», деп колундагы чаканы бере коёт. Бала өзүмдүн атам экен деген ой менен майды берип, чаканы алып сууга жөнөйт. Суу алып келип, атасына берет. Анда атасы: «Балам, сага май алып кел, дебедим беле», дейт.

Айлакер алдатканын билет да, кайра абышканын үйүнө жүгүрүп келет. Барса, абышка үйүнө жете элек экен. Ал үйгө тез кирип, кемпирдин жоолугун салынып, абышканы тосуп чыгат да: «Чал, кайда кеттиң эле, эчкилерди карышкыр кууп кетти», дейт кемпирдин үнү менен. «Кайда кетти? Карма майды!» деп абышка эчкилерди издеп кетет. Айлакер майды үйүнө алып келет. Абышка эчкилерин таппай кайра келсе, эчкилер короодо жатат. Аны көрүп, кемпирине ачууланып:

– Эчкилерди карышкыр кууп кетти, дебедиң беле! – деп кыйкырат.

– Сен эчкиге эмес, майга кетпедиң беле? – деп сурайт кемпири.

Ошондо абышка Айлакерге алданганын билиптир.

❓
1. *Жомок жактыбы?*
2. *Баланы ким багып алды?*
3. *Абышка Айлакерге кантип алдатып койду?*
4. *Ушинтип тиричилик кылган туурабы же бул өнөрүн башка ишке жумшаса да болобу?*

## КАЛАЙДАН ЖАСАЛГАН ЧЫДАМКАЙ АСКЕР

Качандыр бир дүйнөдө калайдан жасалган жыйырма беш аскер болгон экен. Алардын бардыгы бир-бири менен ага-ини экен, эмнеге десеңер, бардыгы эски калай кашыктан жасалган экен да. Алар абдан көркөм, желкелеринде мылтык асынган, мундирлери кызыл-көк түстө экен.

Жыйырма беш аскер тар жана караңгы картон кутунун ичинде жатышат экен. Күндөрдүн биринде кутунун капкагы ачылыптыр.

– Ой, калай аскерлери! – деп кыйкырыптыр бир бала кубангандан кол чаап. Калайдан даярдалган аскерлерди ага туулган күнүндө белек кылышкан экен. Бала ошол замат аларды столдун үстүнө тере баштаптыр. Жыйырма төрт аскер бири-бирине абдан окшош экен, жыйырма бешинчи аскердин бир буту жок экен. Себеби аны эң акырында куюшканы үчүн азыраак калай жетпей калган экен.

Анын бир буту жок болсо да, башка аскерлердей түз тура алат экен. Мына ушул аскердин башынан кызыктуу окуялар өтүптүр. Мен азыр силерге ошол жөнүндө сүйлөп берем.

Бала өзүнүн аскерлерин терип чыккан столдун үстүндө дагы башка ар түрдүү оюнчуктар



да бар экен. Картондон жасалган сарай болсо оюнчуктардын ичинен эң жакшысы экен. Анын кичинекей терезесинен бөлмөлөр көрүнүп турат экен. Сарайдын тушунда күзгү жатат экен. Ал чыныгы көлгө абдан окшошуп кетет экен, мына ушул күзгү – көлдүн айланасына жыгачтан жасалган кичинекей жашыл дарактар терип



коюлган экен. Ушул көлдө момдон жасалган ак куулар өздөрүнүн күзгүдөгү элестерин көрүп сүзүп жүрүшөт экен.

Булардын бардыгы укмуштуу экен, бирок алардын ичинен сарайдын эшиктери кең ачылган, жыгачтан жасалган эшиктери жанында турган назик, сулуу кыз абдан татынакай экен. Ал да картондон жасалып, жука батистен тигилген көйнөгү, желкесине көк шарф, башынан да чоң төөнөгүчү өзүнө жарашып турат. Кыз колдорун эки жакка созуп, бир бутта турат – ал бийчи экен. Экинчи буту арт тарапка жогору көтөрүлгөндөн бир буту көрүнбөй калыптыр. Аны көргөн аскер бул кыздын да мага окшоп бир буту жок экен деп ойлоптур.

«Менин ушундай аялым болсо кана, – деп ойлоптур калай аскер, – бул менимче, асыл-

заадалардан болсо керек. Жашаган сарайы да укмуш. Менин үйүм жөнөкөй картон куту, анда жыйырма беш аскер жатабыз. Бул кызга кутуда орун жок, бирок аны менен таанышып алуума эч ким тоскоолдук кыла албайт».

Аскер ушуларды ойлоп, столдун үстүндө турган тамеки салгычтын артына жашынып алыптыр. Бул жерден жанагы кыз сулуураак көрүнөт экен.

Жарым түнгө жакын адамдар уктоо үчүн жатышты. Бир буттуу аскерден башка бардык калай аскерлер кутудан орун алышыптыр. Тыптынч, оюнчуктар мейман-мейман, согуш-согуш ойноого киришишти, андан кийин чоң бал уюштурушту. Калай аскерлери да сыртка чыгып ойношмокчу болушуптур, бирок канча аракет кылышса да, кутунун жапкычын ачыша албаптыр. Шоокумдан капаста турган канарейка да ойгонуп, ырдай баштаптыр.

Бир гана аскер менен кыз ордунан жылбай тура беришиптир.

Түнкү саат 12 де коңгуроо чалыныптыр. Ошондо «чык» деген добуш угулуп, тамеки салгычтын ичинен шайтан чыгыптыр. Ал ошол тамеки салгычтын ичинде жашайт турбайбы. Секирип чыгып, айлананы карап чыгыптыр.

– Эй, калай аскер! – деп кыйкырыптыр шайтан. – Бийчи кызга мынча карайсың? Ал сага абдан ылайыктуу!

Калай аскер өзүн укпаганга салыптыр.

– Али ушундайбы? – дептир шайтан. – Эртең менден көргүлүгүңдү көрөсүң.

Таң атышы менен балдар да ойгонушуптур. Алар бир буттуу аскерди тамеки салгычтын артынан таап, терезенин жанына коюптур.

Кокус терезе ачылып, аскер сыртка, жерге кулап түшүптүр. Бала менен кызматчы аял ошол замат көчөгө чыгып, аскерди издеп таба алышпайт. Ал аскер болгондугу, мундир кийгендиги үчүн да кыйкырганды каалабаптыр.

Бир маалда жамгыр жаап, күчөй баштайт. Көчөдө, арыкта суу толуп-ташып агат.

Жамгыр басылгандан кийин таштардын арасында калган аскердин жанына эки бала келиптир.

– Эй, тигини карачы! – дептир алардын бирөөсү. – Калай аскер го! Кел, аны алыска агызып жиберебиз.

Балдар эски газетадан кайык жасап, анын ичине аскерди тургузуп коюшту да, кайыкты арыкка коюп жиберишти. Кагаз кайык сүзө баштады, балдар артынан чуркашты. Арыкта суу тез аккандыктан, кайык тез сүзүп кетти. Аскер: «Мен кайда бара жатам», деп ойлоптур.

Кайык көпүрөгө жакын келип калат. Көпүрөнүн астынан өтө баштайт. Айлана караңгы болуп, аскер корко баштайт. Ал: «Бул шайтандын шумдугу болсо керек. Сулуу бийчи кыз кайыкта болгондо, мен эч нерседен коркпойт элем», деп ичинен ойлойт.

Ошол маалда көпүрөнүн астынан чоң суу келемиши чыгып калат.

– Бул ким болду дагы? – кыйкырат ал. – Паспортуң барбы, ыя? Кана тезирээк көрсөт!



Калай аскер кайыкта токтобостон сүзө берет. Агым аны алыстарга алып кете берет, ал эми келемиш болсо анын артынан чуркаганын койбойт. Ал тиштерин арсайтып, алдынан чыккандарга: «Кармагыла, кармагыла, анын паспорту жок», деп кыйкыра берет.

Кайык дагы эле токтобостон кете берет. Бир маалда аскер жарыкты көрөт. Көпүрөнүн астынан чыкканда, каттуу үн угулат. Ал шаркыратманын үнү экен. Арыктагы суу болсо чоң каналга барып кошулат экен. Чоң кеме үчүн да коопту экен бул канал. Ал эми кичинекей кагаз кайык үчүн мындан да коопту. Кайыкты токтотуунун аргасы жок эле. Бирок кагаз кайык каналдан оңой эле өтүп алат. Ошондо аскер өзүн азаматтарга теңейт.

Бир маалда кайыкка суу толо баштайт. Суу аскердин белине, андан кийин мойнуна чейин келет. Акыры суу аскерди башына чейин көмөт.

Аскер сулуу кыз жөнүндө ойлойт. «Эми аны көрбөй каламбы», деп ойго батат. Аскер чыныгы баатырдай башын өлүмгө байлайт. Ошол кезде суунун ичинде жүргөн чоң балык аскерди жутуп жиберет.

Балыктын карыны абдан тар, көпүрөөнүн астынан, кутунун ичинен да караңгы экен. Калай аскер балыктын ичинде да өзүн эр азамат тутуп тик турат. Мылтыгын желкесине асып, көөдөнүн тик кармайт. Күтүлбөгөн жерден балык өзүн туш тарапка урат, суугa кирип, жогоруга секирип барып токтоп калат. Арадан дагы бир канча убакыт өтөт. Аскер зеригип, уйкусу келет. Курч бычактын чагылгандай жалтыраганынан ойгонуп кетет. Бүт айлана жарык боло түшөт. Ошол маалда кимдир бирөө:

– Мына кызык, карагылачы, калай аскер го! – деп кыйкырып жиберет.

Окуя мындай болгон экен: адамдар балыкты кармап алып, базарга алып барышат. Ал жерден сатылып, аны ашканага алып кетишет.

Ашпоз аял балыкты тазалоо үчүн ичин жарып, көзү калай аскерге түшөт. Эки колдоп аскерди балыктын ичинен алат да, үйгө алып кирет.

Үйдөгүлөрдүн бардыгы укмуштуу саякатчыны көрүү үчүн бөлмөгө чуркап киришет. Ашпоз аял аскерди столдун үстүнө коёт. Дүйнөдө не кереметтер болбойт дейсиң: аскер ошол эле тааныш бөлмөнү, ошол баланы жана жакында өзү кулап түшкөн терезени көрөт. Айлана көзүнө тааныш: куурчак, ортодо болсо картондон

жасалган сарай, анын босогосунда сулуу бийчи кыз турат. Мурункудай эле ал бир бутта, экинчи буту арткы жагына көтөрүлгөнчө турат. Мына силерге сабырдуулук жана чыдамкайлык.

Калай аскер толкунданып, көзүнөн жаш чыгышына аз калат. Көз жаш аскерге туура келбейт деп, көзүндөгү жашын токтотуп, өзүн оңдоп алат. Көзүн албай бийчи кызга карайт, кыз да ага тигилет, экөө бир саамга тунжурай түшүшөт.

Күтүлбөгөн жерден балдардын бири калай аскерди мыжыга кармай колуна алды да, мешке таштайт. Балким тиги бала шайтандын сөзүнө киргендир?. Мештин ичинде болсо от күйүп турган. Оттун жалынынанбы же сүйүүдөнбү, айтор, калай аскер ысып кетет.

Сууда, балыктын ичинде болгондуктанбы же кайгыданбы, аскердин боёктору өчүп барат. Ошентсе да ал мылтыгы желкесинде, бийчи кызды тиктеп турган бойдон эрий баштайт.

Бир маалда бөлмөнүн эшиги ачылып, үйдүн ичине жеңил шамал согот. Сулуу кыз көпөлөктөй учуп, түз эле аскердин алдына барып түшөт. Аны да жалын курчап, дүрт этип күйүп кетет. Бул мезгилде калай аскер да эрип бүткөн эле.

Эртеси күнү кызматчы аял мештин күлүн алып жатып, жүрөккө окшогон кичинекей тоголок күйгөн калай менен отто карайып кетген төөнөгүчтү таап алат.

Чыдамкай калай аскер менен сулуу бийчи кыздан мына ушулар гана калыптыр.

*Ханс Кристиан Андерсен*

?

*1. Жомок ким жөнүндө экен?*
*2. Калай аскер кыйын кездерде өзүн кандай кармаптыр?*
*3. Ал кантип кайра ошол үйгө кайтыптыр?*
*4. Жомокту айтып берүүгө аракеттен.*

## БАПАК ТИККИЧ ЖАНА БИР КИШИ
*(Армян эл жомогу)*

Бир күнү бапак тиккич устага бир киши койдун терисин алып келип:

– Ушул териден мага бапак тигип бер, – деди.

– Жакшы болот, тигип берейин, – деп жооп кайтарды берки.

Киши устадан чыгып баратып: «Менин терим эң эле чоң, балким, мындан эки бапак тиксе болор?» деп ойлоду.

Ошол ой менен устага кайра кирди:

– Мага муну айтчы, устаке. Ушул териден эки бапак тигип бере албас бекенсиң?

– Неге тикпейин? Тигем эле.

– Эмесе, экини тиккин – деп, киши кетип калды. Бир аз бара түшүп, устага кайра келди:

– Э уста, сен ушундан үчтү тиге албас бекенсиң?

– Неге тикпейм? Үчтү да тигем.

Киши кубана түшүп дагы сурады:

– Төрттү тиге аласыңбы?

– Төрттү да тигем.

– А бештичи?

– Бешти да тигем.

– Эмесе, беш бапак тигип бер!

Киши ошону менен кетип, жарым жолдон кайтты:

– Э устаке, алтыны тиксең кантет?

– Алтыны да тигем.

– А жетиничи? Балким, сегиз бапак тигип берээрсиң?

– Неге тикпейин? Сегизди тигип берсем да болот.

– Эмесе мага сегиз бапак тик!

– Жарайт, сегизди тигейин. Бир жумада даяр болот.

Бир жумадан кийин киши устага келди:

– Менин бапактарым даярбы?

– Даяр, – деп уста шакиртин чакырды. – Барып мына бул кишинин бапактарын алып келчи.

Шакирт барып, кичине бапактан сегизди алып келди. Алар кишинин башына эмес, алмага араң бата турган.

Киши бапактарды көргөндө аң-таң болуп:

– Бул эмне? – деп сурады.

– Бул сен тиктирген бапактар.

– Эмне үчүн мынчалык кичине?

– А сен өзүң ойлон, – деди уста.

Киши кичинекей сегиз бапакты көтөрүп жолго түштү да, терең ойго батты: «Бул бапактар неге мынчалык кичине болуп калды? Неге, ыя?..»

***Бапак*** – териден тигилген улуттук баш кийим.

?

*1. Бапак тиктирген киши кандай экен?*
*2. Чын эле бапактар эмне үчүн кичине болуп калды?*

*3. Түрдүү элдердин жомокторун окуп көрүп, алардын ортосундагы кандай окшоштуктарды байкадың? Эмне үчүн андай деп ойлойсуң?*

Жомоктор аркылуу бабаларыбыз бизди акылдуу, сөз тапкыч, боорукер, чыныгы дос болсо деп ойлошот турбайбы. Жомокторду окугандан кийин биз чын эле ушундай болуп калдыкпы? Сен өзүңдөгү кандайдыр өзгөрүүнү байкай алдыңбы?

## ЭКИ ДОС

*(Хакас эл жомогу)*

Эки бала жакшы дос болуп жүрүшкөн экен. Бирөөнүн аты – Адычак, экинчисиники – Кечок. Алар бири-бирин ар дайым жакшы көрүп, бири-бирине берилип мамиле кылууну антташып да коюшат.

Адычак атасы баатыр экендигин, өзү да ошондой болгусу келе тургандыгын, Кечок токойдо аны менен жүргөндө эч качан коркпой койсо боло турганын көп айтуучу.

Кечок досунун сөзүн унчукпай отуруп угуп, көңүлүнө түйүп жүрөт.

Күндөрдүн биринде алар токойдун арасындагы жол менен кетип баратышкан. Аңгыча алардын алдынан аюу чыгып калат. Ал арткы буту менен тик тура басып, күрүлдөй баштайт.

Адычак аюуну биринчи көрөт да, жакын жердеги жыгачтын башына чыга качат. Аюу Кечокко кол салмакчы болот. Бирок бала өлгөн немедей

жерде сулк жатып калат. Аюу Кечокту жыттагылап көрүп, басып кетет. Ал жыгачтын башындагы Адычакты көрбөй калат.

Аюу кеткенден кийин Адычак дарактын башынан түшүп келет да, досунан сурайт.

– Аюу сени менен сүйлөштү окшойт, ээ?

– Ооба, сүйлөштү.

– Ал сага эмне деди?

Анда Кечок:

– Ал мага, Кечок, сен тайгада тыйын чычканга окшоп даракка чыга качып кете турган коркок досторуң менен эч качан чогуу жүрбөгүн деди, – дейт.

Адычак уялганынан үйүнө кетип калат. Ал эми Кечок болсо токойдогу жол менен илгерилеп жүрүп отурат.

1. *Эмнеге Кечок жолун уланта берди дагы, Адычак үйүнө кетип калды?*
2. *Баатыр болуш үчүн кандай сапаттар керек?*
3. *Демек, хакас эли да балдарыбыз кандай болсо деп тилешет экен?*
4. *Айтмакчы, эгерде сен Адычактын ордунда болсоң, кандай кылат элең?*

***Бөлүм боюнча суроо жана тапшырмалар:***

1. *Бөлүм сага жактыбы? Кайсы чыгармалар өзгөчө эсиңде калды?*
2. *Каалайдан жасалган аскер жомогунун мультфильмин көргөнсүңбү?*
3. *Жомоктор түрдүү элдер же түрдүү адамдар тарабынан жазылганы менен аларда кандай жалпылык бар экен?*

# ЖАЙ МЕЗГИЛИ – СОНУН МЕЗГИЛ



## АБА ЫРАЙЫНЫН КАБАРЧЫЛАРЫ

Жай айларында майда чымын-чиркейлер учуп жүрсө, эртесине аба ырайы ачык болот.

Күндүзү ысык, кечинде салкын болсо, эртең менен шүдүрүм түшкөнүн көрөсүң.

Үй жаныбарлары жана канаттуулар бошошсо, тез-тез дем алышса, температура көтөрүлөт. Жай айынын түнүндө асманда «Саманчынын жолу» жылдыздарын анык көрсөң, эртесине күн ачык болот.

1. *Жаратылышта кандай өзгөрүүлөр болот?*
2. *Жай айында күндүн кандай болушун билүү үчүн жаныбарларды байка*.
3. *Жай айына карата сүрөт тарт*.

## ЖАЙКЫ ЭС АЛУУ

Жай – абдан сонун мезгил.

Мектеп окуучулары жайкы каникулда эс алууга лагерге, ден соолуктарын чыңдоо үчүн эс алуу үйлөрүнө, шаардын сыртындагы короо-жайга кетишет.

Жайкы эс алууда тунук, таза абада болуу абдан пайдалуу. Талаа жана бактарда каалаган оюндарды уюштурууга болот. Мектеп окуу-тажрыйба жерлеринде, эгин талааларда, бактарда жана гүлзарларда эмгектенүү керек. Бирок жайда жасала турган эмгекти күн ысыганда эмес, эртең менен жана кечинде аткаруу керек.

Мындан тышкары, жайда чөмүлүү да кишинин ден соолугуна жакшы жардам берет.



Бирок ар бир бала чөмүлүүнүн эрежелерин билиши керек, антпесе ар түрдүү көңүлсүз окуяларга туш келиши мүмкүн.

Эң биринчи, чоң жана тез ага турган сууларда (дарыя, көл, канал) же таза эмес көлмөктөрдө чөмүлүүгө болбойт. Сууда сүзүүнү жакшылап үйрөнүп алуу керек.

Сууда сүзүү адамдын ден соолугун бекемдейт, чыныктырат, денеге пайдалуу.

?

1. *Текстте жайкы эс алуу жөнүндө эмне дейилгенин кайра айтып бер.*
2. *Жайкы эс алуу убагында эмнелерге көңүл буруу керектигин эсиңде тут.*
3. *Убакыттан туура пайдалан дегенде сен эмнелерге көңүл буруу керектигин ойлоп көр.*

## ЖАЙДЫН КЕЧИ

Манаттай асман кызарып,
Магдырап барат айланам.
Чачырайт көбүк бетиме,
Чамынып аккан дайрадан.

Муңайым тартып угулат.
Булбулдун үнү сайраган.
Жалбыздын жыты буруксуп,
Жанында жыпар чачкандай.

*А. Токомбаев*

Ырды жаттап ал.

Билимдүүнүн сөзү өткүр,
Мергенчинин көзү өткүр.

## МЭЭРИМ

Күздүн салкын күндөрүнүн бири эле. Сабак түштөн кийин башталат, ошондуктан шашпай келе жаттым. Бир үйдүн жанынан өтө бергенимде ыйлаган үндү угуп калдым. Жалт карасам, башы чоң, кулактары шалпаңдап асылган кара ит үч-төрт жашар кыздын жолун тосуп, өткөрбөй жаткан экен. Итти кууп салдым. Кыз катуу коркуптур. Денеси дирилдеп, өксүгөнү басылбай солк-солк этет.



– Үйүңө бара аласыңбы?

Кыз көз жашын жеңине сүртүп, ит жүргөн жакка карады. Анын коркуп турганын сезип, колунан кармап, өзү айткан жакка карай жүрдүм. Ал үйүнө жакын келгенде кубанып кетти.

– Тиги үй! Ыракмат! – деп, алдыга карай чуркап кетти.

Мектепке келсем, сабак башталып калыптыр. Эшикти тыкылдатып, класска кирдим. Окуучулар тапшырма аткарып жатышкан экен. Кээ бирлери башын көтөрүп, жактырбай карап коюшту. Мугалимге кечиккенимдин себебин айттым. Ал жаныма келип, күлүмсүрөп карап, башымдан сылады. Андан соң:

– Ордуңа барып отур. Доскага жазылган тапшырманы аткар! – деди жумшак үн менен. Мен ордума отуруп, тапшырманы аткарууга кириштим.

Ошол кичинекей кызга жардам бергенимден өзүмчө ичимден кубандым.

*Хамзин*

?

1. *Бала сабакка неге кечикти?*
2. *Мугалимдин ага неге ачуусу келген жок?*
3. *Ал баланын ордунда болсоң, сен эмне кылар элең?*
4. *Текст эмне үчүн «Мээрим» деп аталган?*
5. *Аңгемедеги балага мүнөздөмө бер.*

## МӨМӨ

Бир күн келип карасам,
Алма бөртүп калыптыр.
Дагы келип тиктесем,
Гүлдөр бүчүр жарыптыр.
Кийин келип текшерсем,
Толгон мөмө бутакта.
Ал мөмөнү биз жыргап,
Жеп жатабыз бу чакта.

*Ж. Мамытов*

## АДЕП

Арман менен Элбек калаанын ортосундагы беш кабаттуу бийик үйдө турат. Экөөсү да төр-

түнчү класста окуйт. Бир мектепте окугандыктан жолдору да бир.

Бүгүн автобустун алдыңкы орундугуна жайгашып экөөсү мектепке келе жатты. Бир аялдамадан соң алдыңкы эшиктен колундагы сумкасын араң көтөрүп, бир аял чыкты.

Элбек эженин алдына келип:

– Эже, мына бул орунга отуруңуз, – деди.

Арман болсо тиги адамды көрбөгөнгө алып, автобус терезесиндеги кыроону колу менен сүртүп, терс караган бойдон отура берди.

Эки аялдамадан кийин эже ордунан туруп, түшүүгө даярданды да, сумкасынан эки алма алып, Элбекке сунду.

– Ме, балам, ал.

– О, ыракмат, эже!

– Алманы орун бергениң үчүн берип жатканым жок. Адептүүлүгүңө кубандым, – деди эже Элбекке күлүмсүрөп карап.





Элбек менен Арман автобустан түшүп, мектепке бет алды.

Элбек алманы жеп келе жатып, айланасына көз таштады. Арман колундагы алманы бир эле жолу тиштеп, жеп коюуга кысылып келет.

Эмнеге?...

*Т. Кажыбаев*

?

1. *Эже Элбекке эмне үчүн алма берди?*
2. *Арман неге кысылды деп ойлойсуң?*
3. *Сенин досуң Арманга окшогон болсо эмне дейсиң?*
4. *Адеп дегенди кандай түшүндүң?*
5. *«Мен адептүү баламын» деген темада чакан аңгеме жазууга аракеттен.*

## АДАМДЫН ДОСУ



Жеңиштин агасы Канат китепти көп окуйт. Кээде түндүн бир убагында да ар бетин барактап, термилип отурат.

Жеңиштин да китептери бар. Аларды агасы менен апасы алып келип берген. Ичинде сүрөттөр көп. Кызык. Ал эми агасынын китептеринде бир да сүрөт жок. Ошондо да аны колунан түшүрбөйт.

Бир күнү Жеңиш:

– Мына, китептин сүрөтү жок. Ушул да кызыкпы? – деп суроо берди.

– Ооба, бул китепте сүрөттөр жок, бирок сөздөрүн окусаң, акылыңа акыл кошот, – деп агасы түшүндүрө баштады.

– Сөздөр кандай акыл берет? – деп таң калды бала.

– Кадимкидей эле. Окуган сайын кызыктырат. Өзүң ойлочу, жаман бала деген ким? Ал – үстү-башы кир, айтканды укпаган, өзүнөн кичинелерге күн бербеген бала. Өзү жалкоо, көчөгө чыкса көрүнгөн балдар менен мушташат. Мына ушунун баары китепте жазылып турат.

Жеңиш ойлонуп калды.

– Ошондо акылды китептен алабы? – деди жулунуп алгандай. Канат:

– Ооба, акылдын баары китепте. Ал – баарыбыздын жан шеригибиз. Бала көп окуса, чоңойгондо жакшы, азамат болот. Ошондуктан да китепти жыртпоо керек.

– Ым-м! – деди Жеңиш. – Китеп досубуз экен да.

– Ким жакшы болсо, китеп ошол балага акылын көп берет.

Ушул аңгемеден кийин, Жеңиш кайра-кайра китеп коюлган текчеге карай турган болду. Анткени ал китептерди сүйүп калган болчу.

?

1. *Акылдуу бала деп кимди айтат?*
2. *Балдар акылды кимден сурайт? Чоңдордонбу?*
3. *Агасынын аңгемеси Жеңишке кандай ой салды?*

*4. Сага кандай китептер жагат?*
*5. Текстти көркөм оку.*
*6. «Компьютер – менин жардамчым» деген темада аңгеме жаз.*

Илимдин чырагы – Күн
Адамдын чырагы – Билим.

Акылдуунун сөзү кыска,
Айта салса нуска.

## ОКУГАНДЫН КӨЗҮ АЧЫК

Акылай төртүнчү класста окуп жүрөт. Бир күнү ал китептен «Окугандын көзү ачык. Окубагандын көзү сокур» деген макалды окуп көрдү да:

– Бул эмне деген сөз? – деп сурады.

– Окуган адам көп билет. Көзүнүн ачык болушу ушундан. Ал эми окубагандын дүйнөдөн кабары аз болот. Бул сокур менен тең, – дедим мен.

Бул жоопко Акылай ыраазы болгон жок:

– Мына, апам окубаган. Ошондой болсо да сокур эмес. А сиз кызматтан келип эле отуруп, окуй бересиз, окуй бересиз. Ошондо да көзүңүздүн ачыктыгы билинбейт. Апамдын көзүндөй эле го, – деди.

Эмнесин жашырайын, жооп таба албай шашып калдым.

Ошентип, балам экөөбүз «тартышып» отурганда, Асылай окуудан келип калды. Колун сыя

кылып алыптыр. Ал тазалыкты жакшы көрчү. Үстү-башы кирсиз, таза жүрөт. Колун жууй баштады. Бирок сыя кетпеди. Тырмактары, бармактарынын арасына кириптир сыя. «Ысык суу менен жуу», деген апасынын тилин алам деп, күйүп да калайын деди. Менин жардам берүүмө туура келди. Мен ага:

– Колуңду суула дедим.

Акылай айтканымды орундап, жаныма келди. Мен бир тал ширенкени алдым да, күкүртү менен сыянын тагы бар жерлерин ышкалап жибердим. Ошондон соң кызымдын колу тап-таза болуп калды.

– Муну кимден үйрөндүңүз, ата? – деп сурады кубанып Акылай.

– Эч кимден үйрөнгөн жокмун. Китептен окудум. «Окуган адамдын көз ачык» деген ушул.

Макалдын маанисин Акылай эми эле түшүнгөндөй болуп, күлүмсүрөп ойлонуп калды.

**?**

1. *Аңгеменин башында Акылай кандай макалды окуду?*
2. *Атасы макалдын маанисин кандай түшүндүрдү?*
3. *Асылай колуна жуккан сыяны кимдин акылы аркылуу кетирди?*
4. *Аңгемеге пикириңди билдир.*

Адамдын жаман жакшысы,
Туугандан эмес, тарбиядан.

Адепсизден да адептүүлүктү үйрөн.

## КЫЗЫКТАР КУТУЧАСЫНАН

Кадимки эле бал аары канатын секундуна 200 ирет какса, ал эми көгүчкөн 9 эле жолу шилтөөгө үлгүрөт.

Эң терең көл – Байкал көлү. Анын эң терең жери 1741 метр.

*«Байчечекейден»*

## АКЫЛДУУ ДЫЙКАН

*(Швед эл жомогу)*

### I

Бир жолу король аң уулоого чыгып, талаада аштык эгип жүргөн дыйканды көрүп калды.

– Күндүк тапкан акчаң канча? – деп сурады андан.

– Төрт теңге, – деди дыйкан.

– Коош, а төрт теңгени кантип сарптайсың?

– Бирин ичкен ашыма кетирем, экинчисин катып коём, үчүнчүсүн кайра кайтарып берем, төртүнчүсүн ыргытып жиберем.

– Жообуң мага түшүнүксүз, – деп таң калды король. – Эмне деген сөз: ичкен ашыма, катып коём, кайра кайтарам, ыргытып жиберем?!

1. *Сен кандай деп ойлойсуң, эмне деген сөздөр?*
2. *«Коош» дегенди кандай түшүндүң? Ушул сөздү бирөөлөрдөн уктуң беле?*
3. *Жомокту андан ары улантып окуйлу. Өзүңдүн ойлогонуң менен салыштырчы!*

## II

– Түшүнүктүү эле нерсе, – деп жооп кайтарды дыйкан. – Бир теңгени өз тамагыма сарптайм, экинчиси мен карыганда багаар-көрөөр балдарыма чыгымдайм. Үчүнчүсүн мени багып чоңойткон атама берем. А төртүнчүсүн болсо жеткен илээнди, жалкоо, ажаан аялыма керектейм. Бул теңгени курулай коромжу пул деп эсептейм. Ыргытып жибергеним ошо да.

– Эми түшүндүм, – деп кубанды король. – Бирок сенден өтүнөөрүм – менин жүзүмдү жүз жолу көрмөйүнчө бул табышмактуу кебиңди жан кишиге айтпа!

Дыйкан ага макулдугун берди. Король сүйүнгөн бойдон ак сарайына жол тартты.

Келээри менен вазирлерди чогултуп:

– Мен айта турган сырдуу кептин жандырмагын кимиңер табасыңар? – деп кайрылды. – Бир адам күнүнө төрт теңге табат дейли. Бирин өзү жейт, экинчисин катып коёт, үчүнчүсүн кайра кайтарат, төртүнчүсүн таштап салат. Бул эмне деген табышмак?

Вазирлери баштарын тырмап туруп калышты. Бирок бир митаам вазири королдун кечээ аң уулоодон келатып, дыйканга жолугуп, кыйлага аңгемелешкенин эсине түшүрдү. «Мандем ошондо болбосун», деп ойлоду да, жолго чыкты. Дыйканды тапты. Бирок ал вазирге эч сыр айтпай койду. Королдун жүзүн жүз жолу көрмөйүнчө жандырмагын айтпаска убада бергендигин эскертти.

?

1. *Увазир дыйкандан табышмактын жандырмагын кантип сурап алса болмок? Ал кандай амал колдонсо болот деп ойлойсуң?*
2. *Король эмне үчүн бул табышмакты вазирлерине айтып жатат?*

## III

– Таппасаң сыйпалап кал! – деп кудуңдады айлакер вазир. Анан капчыгынан жүз күмүш тыйынды алып чыкты да, дыйканга сунду. Ар бир тыйынга королдун багжайган сүрөтү түшүрүлүптүр. Дыйкан болса тыйындарды бир-бирден карап чыкты да, дыйкан өзү айткан табышмак сөздүн жандырмагын баяндап берди. Кубанычы койнуна батпаган вазир королго келип:

– Улуу урматтуу төрөм! Табышмагыңызды таптым, – деди да, айтып берди.

– Буга сенин акылың жетмек эмес. Дыйкандан уккан окшойсуң! – деди ачууланып. Акыры дыйканды сарайына алдыртты.

– Убададан танганың жүзү каралык! – король дыйканды жекирди.

– Танганым жок, урматтуу төрө, – деп жай баяндады ал. – Өзүңүз айткандай, жүзүңүздү жүз жолу көрдүм. Андан соң айтпаска аргам калбады.

Дыйкандын колундагы өзүнүн сүрөтү чөгөрүлгөн тыйындардан жүзүн көргөн соң, король башын мыкчып отуруп калды.

1. *Жомоктун кыргыз эл жомоктору менен кандай окшоштук жактары бар?*
2. *Дыйкан, король, вазир кандай адамдар экен? Ар бирин мүнөздөп көрөлүчү!*
3. *«Ичкен ашыма», «катып коём», «кайра кайтарам», «ыргытып жиберем» деген сөздөр эмнени түшүндүрөт экен?*

## ЭМНЕГЕ МЕН ЖЕРДЕМИН?

Жылдыз сурайт энесинен:
– Асманга от жаккан ким?
Же шурубу жалтырак,
Ага аларды таккан ким?

– Аларды Ай, жылдыз дейт,
Билип жүргүн эрмегим.
– Жылдызмын го мен деле,
А эмне үчүн жердемин?

*Алымкан Дегенбаева*

*А сен эмне дейсиң Жылдыздын суроосуна?*

## ТАБЫШМАК

Кыш куюп, ылай чылабайт,
Ичи-тышын шыбабайт.
Үй куруп алат кайсы уста
Балта-керки кармабай.

Ача куйрук, агыш төш,
Бир топ учкуч бу дагы.
Үйгө кирип чыкса да,
Эч кандай жок зыяны.

*(Ч ........ )*

## ҮЧ СУРОО

1. Чындык менен жалгандын аралыгы канчалык?
2. Акылдуулук деген эмне, акылсыздык деген эмне?
3. Жакшы менен жамандын айырмасы эмнеде?

## СУРОО

– Кирпиктерим упузун
Карегимдин алдында,
Турса да не көралбайм?
Мен ушуга таңмын да!..

*Каныбек Жунушев*

## ТАБЫШМАКТАР

Кызыл селде молдо бар,
Таңдан азан чакырат.
Кыя баспай дан көрсө,
Ошол замат катырат.

*(К .... )*

Жүнүн көрсөң үлпүлдөк,
Күндүз уктайт сүлкүлдөп.
Кечте көзү көрөгөн,
Жемин издеп жөнөгөн.

*(Ү .. )*

Уккан сөзүн кайталайт,
Өзүнчө эле кайкалайт.
Уят кылып койбосун,
Орой сөзду байкап айт.

*(Т... ... )*

Атасы куш, энеси чычкан дешет,
Муну өзү да оңтойсуз сезет.
Жашынып күндүз кечке жарда жатып,
Кечинде калдалаңдап жерди кезет.

*(Ж ....... )*

*Абзий Кыдыров*

## АПЕНДИНИН ЖОРУКТАРЫНАН
*(Эл оозунан)*

Бир жолу Апенди суунда сүзүп жүргөн өрдөктөрдү көрдү да, ошол сууга нанын суулап жей баштады.

– Эмне кылып жатасың, Апенди? – деди жанындагы шериги.

– Өрдөктүн шорпосуна нан матырып жеп жатам.

* * *

Апенди бир күнү эртең менен эшигинин алдында чыгып алып:

– Ээ Кудай, мага туптуура 100 дилде бере көр. Андан бирөө кем болсо да, бирөө ашык болсо да албайм! – деп эки колун жайып, асманды карап суранып кирет.

Муну көрүп калган кошунасы Апендини сынап көрмөк болот да, капчыкка 99 дилдени салып, короонун дубалынан ашыра Апендини карай ыргытат. Апенди аңтаң болуп, эки жагын каранып алып, дилделерди алып, санап кирет:

– 1, 2, 3, 4... 96, 97, 98, 99... капчыгы менен туптуура жүз. Ырахмат, Кудай! – деп үйүнө кирип кетиптир.

## АЛТЫН БАЛЫК

### I

Ач күйкө жээк бойлоп учуп келатып, толкун тээп таштаган алтын балыкты көрдү. Сууга жете албай, кум үстүндө туйлап жаткан экен. Күйкө аны лып илип алды да, карынын жара чокууга камынды.

– Кагылайын күйкө, жанымды кыя көрбө! – деди алтын балык жалынып. – Каалаган үч тилегиңди аткарайын!

Күйкө бир аз ойлоно түшүп, макул болду:

– Биринчиден, менин канаттарым жорунукундай чоң жана күчтүү болсун!

Канаттары ошол замат чоңоё түштү.

– Тумшугум бүркүттүкүндөй болушун каалайм! Айтары менен тумшугунун чоңоё түшкөнүн сезди.

– Акыркысы, текөөрлөрүм шумкардыкындай болсун!

Оозун жыйып ала электе тырмактары чоңоюп, алтын балыкты сууга таштап жиберди. Бирок аркасынан калдайып барып өзү да түштү.

?

1. *Күйкө эмне үчүн алтын балыкты таштап жиберди?*
2. *Эмнеге калдайып барып күйкө өзү дагы сууга түшүп калды?*

**II**

Көрсө, күйкөнүн ырбайган денеси калдайган канатты, колдойгон тумшукту, тарбайган тырмактарды башкара да, көтөрө да албай калган тура.

*Кеңеш Бейшебаев*

?

1. *Чыгармада эмне сага өзгөчө жакты?*
2. *Өз абалына карабаган ачкөз күйкөнүн кейпи күлкүлүүбү же аянычтуубу?*

## АПЕНДИНИН ЖОРУКТАРЫНАН

Бир күнү Апенди базарга бармак болуп, жолго чыгат. Негедир өтүгү баскан сайын кыйч-кыйч эте берет. Ага ачуусу келген Апенди:

– Менин базарга бара жатканымды да көрө албайсың! – деп өтүгүн чечип салып, кете берген экен.

* * *

Апенди саат таап алат. «Чык, чык...» дегенин угуп, эки жагын караса, жалгыз терек бар экен.

Ошого чыга баштайт. Тыңшаса, дагы эле «чык, чык...» дейт.

Теректин кылда учуна чейин чыгат. Дагы эле «чык, чык...».

– Мындан нары кайда чыкмак элем? – деп саатты ыргытып жибериптир.

*1. Апендинин дагы кандай жоруктарын билесиң?*

*2. Апенди кандай адам экен?*

## БИЛЕ ЖҮР

Сууну эң көп ичкен жаныбар – төө. Ал бир аз гана сааттын ичинде 186 литр сууну иче алат экен. Бул 18 чоң чака суу эмеспи.

## ТАМГАЛАР

Чубак көрүп таң калат
Чоң жазылган тамганы:
– Китептеги тамгалар
Бул тамганын балдары.

*Орозбек Бердигулов*

## ЭКИ КҮЛҮК

Эки киши эки күлүк бакты,
Бири атка деп, аябай чөптү чапты.
Экинчиси табылгы кесип тоого чыгып,
Музоо тиш камчыны даярдатты.

Бири даярдады жем менен чөптү,
Экинчисинин күнү камчы менен өттү.
Эл чогулуп чоң майрам болуп,
Эки күлүктү чабар мезгил жетти.

Окуучулар муну сындасын өзү,
Кайсы күлүктүн чуркар кези?

*Райкан Шүкүрбеков*

## ЭКИ БИР ТУУГАН

Илгери бир аял эки уулуна эки жерди бөлүп берет. Балдары бөлүп алган жерине эгин эгип, бак тигишип, жайлай иштешет. Уулдары түн ичинде уктап жатканда энеси караса, экөөнүн башында дайыма эки чолпон жылдыз жанып турганын көрчү экен.

Жай өтүп, берекелүү күз келет. Уулдары эгинин оруп-жыйып, сапырып, тазалап, эки жерге үйүп коюп, үйлөрүнө келет. Энеси мал союп, чечкор өткөрөт. Түнкүсүн балдары кезектешип кырманды карамак болушат. Алды менен кароолго кичүүсү келип турат да, агасынын эги-

нин ташып, өзүнүкүнө кошуп коёт. Түн ортосу болгон кезде улуусу кырманга күзөткө кетет. Караса, инисинин кызылы көбөйүп калган.

– Инимди баба дыйкан колдогон экен. Ошондуктан анын эгини көбөйгөн тура. Кичүүсүнтип тигини тигинт, муну минт деп көп жумшачу элем. Ошол эмгегин Баба дыйкан билген экен. Эмгеги акталыптыр, – деп кубанып, таң атарда үйгө келип, инисинин жанына жатып уктап калат.

Кырманды карагани энеси келсе, улуу уулунун эгини кыбыр этип кыбырап, бир даны эки дан болуп, улам көбөйүп отуруп, кичүү баласынын эгинине жетип, ага да дан чачырайт. Дан чачыраган сайын кичүү уулунун даны азая баштайт. Ошондо эгиндин көбөйүшү токтолуп, тымып калат.

Шашып-бушуп аял үйүнө келсе, уулдары дале уктап жатат. Улуу баласынын башында мурдагыдай эле чолпон жанып, кичүүсүнүн башында бир кара ит үрүп турганын көрүп, чочуп кетет. Балдарын ойготуп:

– Балам, түнкүсүн эмне иттик кылдың эле, жашырбай айт? – деп кичүү баласынан сурайт. Кичүү уулу түндө агасынын эгининен алып, өзүнө кошуп койгонун жашырбай айтып берет.

– Балам, түндө сен эмне иш кылдың эле, жашырбай айт? – деп улуу баласынан сурайт. Улуусу көргөн билгенин, ойлогонун айтып берет. Андан кийин энеси өзү барып кырмандан көргөндөрүн, уктап жаткан уулдарынын башын-

да тургандарды, кичүү уулунун башында үрүп жаткан итти көргөнүн балдарына айтып берет.

Мына ошондон кийин кичүү баласы ичи тардыгын коюп, агасына жардам берип, ынтымактуу жашап калышыптыр.

1. *Ага-ининин түн ичинде башында эмне жанып турат экен?*
2. *Алардын эгиндери кандай болду?*
3. *Иниси эмне иш кылды?*
4. *Энеси кандай кеңеш берди?*
5. *Аңгемени сүйлөп берүүгө аракеттен.*

## КӨПӨЛӨК



Кармап алдык талаадан
Калдыркан чаар көпөлөк.
Карагайдын ичинен
Кыргый куудук бөпөлөп.

## КАЙРЫМДУУЛУК

Самат менен Садыр айылда топ ойноп жүрөт. Күн аябай кызыган. Садыр топту Саматка узатып, токтоп калды. Эки көзү учуп жүргөн чабалакейлерге түштү.

– Тигилерди карачы, – деди.

Самат жогору карады. Чабалекейлер төмөндөп учуп, кайра көтөрүлөт. Эки бала бир аз карап турду. Чабалакейлер чырылдап, айланып учуп жүрүштү.

– Ой, – деди сүйүнүп кеткен Самат тизесин сыйпалап, – мынакей, балапанды карачы.

– Кана! Байка, басып кетпе!

Садыр келип карады. Кичинекей балапан жерде жатат. Көздөрүн ачып-жумуп, дир-дир этет. Самат балапанды алаканына салып көрүп:

– Уясынан түшүп кеткен го, – деди.

– Тирүүбү?

– Ооба, тирүү.

– Бизден коркуп жаткандыр?

– Анда уясына салып коёлу, – деди да, шатыны алып келип үйдүн дубалына сүйөдү.

Балдар балапанды уясына салды. Уяда дагы үч балапан бар экен.



– Мына бул балапан тентек экен.
– Аны кайдан билдиң?
– Уядан эмнеге чыгат.

Самат менен Садыр шатыны алды. Чабалакейлер уяга конду. Баягындай эмес, көңүлдүү.

Алар көккө көтөрүлүп, балдардын төбөсүнөн эки-үч ирет айланып өттү.

*Б. Данабеков*

1. *Текстте эмне тууралуу айтылган?*
2. *Балдар чабалакейлерге кандай жардам берди?*
3. *Чабалакейлер эмне үчүн көңүлдүү болушту?*
4. *Тексттин мазмуну боюнча сүрөт тарт.*
5. *Текстти түшүнүп оку.*

Атаны сыйлаган абийир табат,
Энени сыйлаган элге жагат.

Ата сөзү уулга эм.

***Бөлүм боюнча суроолор жана тапшырмалар:***

1. *Жай мезгили сага жагабы?*
2. *Бөлүмдөгү кайсы тексттер сага жакты?*
3. *Жайкы каникулда сен кайда барууну ойлодуң?*
4. *Жай мезгилинде кандай мөмө жемиштер бышат?*

5. *Класстан тышкары окуу үчүн берилген тексттерден пайдаланып, жаңы окуу жылына даярдык көр.*
6. *Жайкы каникулда көргөн-билгендериңди сентябрда классташтарың менен бөлүшкөнгө даярданып жүр.*

Ардактуу окуучу, мына ушуну менен 4-класстын «Окуу китебин» аягына чыгардың. Китептеги ыр, жомок, аңгеме, макал жана табышмактар сага жактыбы? Алар сенин акылдуу, билимдүү, адептүү болууңа жол көрсөтөт. Алардан таалим-тарбия алып жүр.

Мындан ары ушул китепте берилген жана агай-эжекелериң айткан үгүт-насааттарга амал кылсаң Өзбекстан Республикасынын келечеги кең, улуу инсандарынан болуп жетилесиң. Окууларыңа ийгилик каалайбыз!

# КЛАССТАН ТЫШКАРЫ ОКУУ

## КОҢУР КҮЗ

Көк жашыл тартып жаздагы,
Кулпунган таалай бактары.
Мейкинде буудай аңызы
Каймактай өңү сапсары.

Ой-тоого алтын чачкан күз.
Канатташ бардык мезгилден
Жоомарттык жактан ашкан күз...

Карасаң оң, сол буруп жүз,
Карыгың келбейт жашап жүз.
Ырысы жерде жайнаган
Шаанилүү, сыйчыл алтын күз.

*1. Ырда кайсы мезгил сүрөттөлгөн?*
*2. Ырды жаттап келүүгө аракет кыл.*

## ӨЖӨР ЖӨРГӨМҮШ

Илгери бир замандарда жөргөмүш кудум кумурскадай өз эмгеги менен жашачу экен. Жаз келери менен таңдан кечке эмгектенчү. Жашаган үюгун таза кармап, ага данды жык толтурчу. Алар ак көңүлдүү келип, коңшу-колоңдоруна ар дайым карамдуу болушуптур. Ошондуктан ак

көңүл жөргөмүштү бүт баардыгы жакшы көрүп, урматташчу дейт.

Күндөрдүн биринде адаттагыдай эле ата жөргөмүш менен эне жөргөмүш токойго эмгектенгени келишкен. Алар ушунчалык кызуу иштеп жатып, коңшусу аарынын кайдан, качан келгенин да байкабай калышат. Эгер аары өзү үн катпаганда, алар ишин уланта беришмек.

Аары мукактанып келген себебин көпкө дейре айта албады. Жакшы кабар болгондо дароо эле сүйүнчүлөп салмак, жаман кабар алып келгенин тиги жөргөмүштөр дароо эле сезип коюшту. Бир маалда аларга кабар айтканы келген аары болгон ишти төкпөй-чачпай айтып берет.

Көрсө, иш мындай болгон экен. Коңшулардын баары ызы-чуу болуп жатканынан аары эшикке чыкса, жөргөмүштүн үйү алоолонуп өрттөнүп жаткан экен. Эр жүрөк аарылар болбогондо жөргөмүштүн балдары да өрттөнүп кетмек экен. Коңшулардын жардамы менен балдарды куткарып калышыптыр.

Ошондон баштап жөргөмүштөр ачууланып, баарын душман катары сезип калышат. Жадагалса, балдарын өлүмдөн сактап калган аары досторун да жек көрө башташат. Ошол күндөн баштап жөргөмүштөрдө ак көңүлдүктүн жугу да калбайт. Алар үйүн өрттөгөн душманын табабыз деп, көздөрүнө баары душман көрүнө баштайт.

Акыры жөргөмүштөр жан билбеген амалды ойлоп табышат экен. Алар шыпылдата тор согууну үйрөнүшөт.

Анысы бара-бара укмуштуудай чалма тузакка айланат. Ошондон тарта бул балакеттүү тузак далайлардын убалына калды. Бат эле жөргөмүштөр мыкаачынын мыкаачысы болуп чыга келишти. Кандай жан болсун баары бир, иши кылып торуна илинсе болду, дароо канын соруп жеп коёт, алардын кыйналганына карабайт.

Жөргөмүштү алкап жүргөн достору эми каргашчу болду. Ал тургай аарылар бул мыкаачылардын тукумун сактап калгандарына өкүнүп да жүрүштү. Себеби кез-кез аарылар да алардын тузагына илинип калып жатты. Аары ак дилден келип, кулк-мүнөзүн оңдоосун суранды, бирок жөргөмүш кайра күчөй берди. Анын сезимин бир гана ой – душманды табуу бийлеп калды. Бирок күнөкөр ким экенин билбей эле колуна тийгендин баарын жазалаганы жазалаган.

Андан бери жүздөгөн кылымдар өтүптүр. Бирок жөргөмүштүн ачуусу алигече тарабаптыр. Өжөр жөргөмүш дагы эле көпөлөктөн тарта чымын-чиркейдин баарын жеп келет. Курулай өжөрдүк кунарсыздыктын белгиси, деген экен бабаларыбыз. Бул лакап да ушул жомоктон улам жаралган окшобойбу.

**?**

1. *Жөргөмүшкө мүнөздөмө бер.*
2. *Аары жөргөмүшкө кандай кабар алып келди?*
3. *Жөргөмүштүн балдарын ким куткарыптыр?*
4. *Жөргөмүш коңшуларын кантип жазалаптыр?*
5. *Жомок сага жактыбы?*

## ЭНЕКЕМ

Жарык дүйнө, жашоо берген энекем,
Баскан жолуң бийик ашуу бел экен.
Жан кейиткен азаптарга чыдаган,
Кайрат-күчүң аска зоодой бек экен.

Балаң үчүн төккөн ысык мээримиң,
Айтып бүткүс асылдыкка тең экен.
Сен мен үчүн ырыс чачкан шооламсың,
Өмүрүмдө түгөнбөгөн берекем.

Кыйын күндө кыйбас дагы, алмашпас,
Кең ааламда жалгыз гана эне экен.
Турмуш оорун кебелбестен көтөргөн,
Жер үстүндө апа деген «жер» экен.

*А. Чойбекова*

? Ыр жактыбы? Анда мугалимиңерден ушул ырдын обонун үйрөнүп, 8-мартка апаңарга белек катары ырдап берсеңер болот.

## АЛКЫШ

Илгери, илгери бир дүнүйөкор адам болуптур. Мал-мүлкүмө зыян келтирет, тамак-ашымды ичип кетет деп, элден бөлүнүп, бир ээн коктуга барып жалгыз жашайт. Ал коктунун төрүнө жайлап, жакасына кыштап, малын багып жүрө берет. Күн сайын ченеп тамак жасап, малынын туягын көбөйтүү менен алек болот.

Ошентип жүрүп карыйт, кемпири да алдан-күчтөн кете баштайт. Бир күнү алардыкына

чоочун жолоочу келет. Жолоочу алыс жол бара жатканын айтып, тамактанып, тыныгып алгысы келгенин айтат. Дүнүйөкор абышка-кемпир адатынча: «Биз сени кондура албайбыз, араң жан сактап жаткан бизди коюп, ылайыктуу жериңди таап конбойсуңбу. Карыган адамдарды кыйнаба», – дешет. Алар бул жолоочу эмес эле мал уурдап жүргөн немеби деп ойлошуп, тамак да бербей коюшат. Бирок жолоочу да көгөрүп керели кечке кезерип отура берет.

– Жок дегенде улагаңарга эле жатып кетейин? – деп суранат кеч киргенде баягы жолоочу.

– Жатсаң жат, – дешип аргасыз уруксат беришет. Чарчап келген жолоочу тез эле уктап кетет. Тигинин катуу уктаганына көзү жеткен соң, кемпири ченеп суу куюп, ченеп эт салып, тамак бышырат.

Тамак бышкандан кийин экөө шыбыш алдырбай иче баштайт. Экөө тоёт, бирок эмнегедир казандагы тамак артып калат. Мындай кызыкка түшүнбөй абышкасы кемпирин тамакты көп салыпсың деп жемелейт.

– Тиги жолоочуга берейин деген экенсиң го, – дейт абышка.

– Жок, күндөгүдөй эле ченеп жасадым эле, андан көрө сен мага көрсөтпөй кошуп койсоң керек, – дейт кемпири.

Ошол кезде уктап жаткан жолоочу ойгонуп кетет. Сураштырып иштин жайын түшүнгөн соң:

– Бул менин ырыскыма буюрган тамак тура. «Коноктун ырыскысы өзү менен» деген ушул. Мага бербейин дегениңер менен, буюрган тамакка айла жок экен, – деп тамактын калганын ичип жатып алат.

Абышка-кемпир ошондон кийин: «Элден бекер эле бөлүнүп, жалаң мал деп тоодо жүрүппүз. Келген конок өз ырыскысы менен келет турбайбы. Андан көрө кайра эл арасына баралы», деп тогуз жолдун тоомуна көчүп конушат.

Жолдон өткөн арып-ачкандарга колдо бар тамактарын берип, элдин алкышын алат. Алкыш менен кемпир-чал кайра жашарып, жыргап-куунап эл арасында жашап калышкан экен.

1. *Кемпир-чал кайда көчүп кетишти? Эмне себептен?*
2. *Конокко тамак бериштиби?*
3. *Жомокту окуп айтып бер.*

Элдин жолу кенен жол,
Ээрчиген киши адашпайт.

Кой баккан конок күтөт.

## БИЗДИН КОРООНУН БАЛДАРЫ

Балдары биздин короонун
Ынтымактуу келишет.
Калыс болуп оюнда,
Күчтүүлөрү жеңишет.

Балдары биздин короонун
Эстүү дешип баарысы.
Жакшы балдар тура дейт,
Жашы менен карысы.

Балдары биздин короонун
Ата-энени сыйлашат.
Жардам берип улууга,
Отун-суусун жыйнашат.

Балдары биздин короонун
Мекенди сүйүп өссөк дейт.
Көп окуп билим үйрөнүп,
Көп максатка жетсек, дейт.

*Б. Чотурова*

Ынтымактан айрылсаң,
Колуңдагы иш кетет.

## КАЗДАР АГЫП БАРАТАТ

Ар кыл – ак, көк, сары да,
Абасынын каздары.
Барса Камар жанына
Бири калбай каштатта,
Суугa түшө баштады.

Суугa түштү чоңдору,
Ээрчип балапандары.
Турбай Камар ойлонуп
Абасына жетти шарт –
Жүргөн короо жактагы:

– Көрсөтөлүк жардамды,
Шашылыңыз аба бат.
Арык менен жык толуп,
Бири калбай каздардын
Бардыгы агып баратат.

*Б. Чотурова*

## ТАБЫШМАКТАР

Эй-эй, десең качып чыгат,
Кендир капты тешип чыгат.

*(Ч.....)*

Саксайган түрү бар,
Адам коркор үнү бар.

*(А..)*

Токсон катар тону бар,
Тоголок келген бою бар.

*(К......)*

Кирпиги жыгач, көзү көк,
Көзүнөн шоола төгүлөт.

*(Т.....)*

Ата даңкы, эне баркы – балага дем.

Адал эмгек – астыңа ат, үстүңө тон.

## КҮРӨШ

Күрөш сынайт күчүңдү,
Балбансыңбы, жоксуңбу?
Же болбосо тим эле,
Өтө тентек, шоксуңбу?

Ойногула күрөшүп,
Күчкө толсун билегиң.
Бутту дагы иштетип,
Чалмачтыкка үйрөнгүн.

*С. Ишенов*

## ИЙНЕЛИК

Ийнелик, ийнелик,
Иш кылуудан ийменип,
Кыш болгондо карды ачып,
Жатып калат ийменип.
Сен жалкоосуң, ийнелик,
Сени менен дос болбойм.
Тамагыңды ичпедик.
Көйнөгүңдү кийбедик.



*А. Осмонов*

## ЧЫНЧЫЛ ЧЫПАЛАК

Бармак, Сөөмөй, Ортон, Атыжок, Чыпалак деген беш бир тууган болуптур. Бир күнү Бармак: «Уурулук кылалы», деп инилерине кайрылат.

Анда Сөөмөй: «Кылса кылалы», деп макул болот. Ортон карап туруп: «Уятын кантебиз?» дейт. Атыжок Ортондун сөзүн угуп, эмне дээрин билбей туруп калат. Аңгыча Чыпалак: «Сойсо солу, сорпосуна тоёлу», деп кубаттап жиберет.

Беш бир туугандын үчөө уурдаганды колдоп, экөө ыргылжың болуп калат да, көпчүлүк кылган таптын демилгеси менен уурулукка барышат. Айылдагы бирөөнүн семиз коюн уурдап келишет. Түндөп союп, этин жеп, сорпосуна тоюп, терисин ташка жайып коюп уктап калышат.

Аңгыча коюн жоготкон киши келип, беш бир тууганды ойготуп:

– Коюмду жоготуп издеп жүрөм, көрдүңөрбү? – деп сурайт.

– Көргөн жокмун, – дейт Бармак.

– Көргөнүм жок, – деп безеленет Сөөмөй.

– Кандай кой эле? – деп сурайт Ортон.

Койдун ээси койдун өңү-түсүн, эн тамгасын айтып бүтө жаздап калганда Чыпалак чычаланып, бирдеме айтчудай болуп кетет.

Ошондо тигинин өңүн көргөн койдун ээси:

– Чып-чып Чыпалак, чычаңдаган кызталак, чыпылдабай чыныңды айт! – деп катуу айтат.

– Коюңду биз сойгонбуз, сорпосуна тойгонбуз, терисин ташка жайып койгонбуз, – деп Чыпалак чыдабай кетип айтып коёт.

– Жарайсың, Чынчыл Чыпалак, – деп койдун ээси аны мактап, берки төртөөн бирден жаакка чаап, кылмышын ашкерелеп, коюн төлөтүп алыптыр.

**?**

*1. Уурулук кылгандар кандай жазаланды?*
*2. Чыпалак эмне кылды?*
*3. Сенин оюнча алар туура иш кылганбы?*

## МЕН ЧОҢОЮП, ЭР ЖЕТСЕМ

Мен чоңоюп, эр жетсем
Монтёр болом керилген.
Үзүр таап эмгектен,
Өз ишине берилген.

Мен чоңоюп, эр жетсем,
Жаңылыкка ой бурам.
Көптүн көөнүн эңсеткен,
Келиштирип үй курам.

Мен чоңоюп, эр жетсем,
Ардактаймын атамды.
Азбай бешик терметкен
Алпештеймин апамды.

*А. Кыдыров*

## БУЛ КАЙ МЕЗГИЛ, КАЙ УЧУР

Ачылып козо чанагы,
Булайып кебез ак куудай,
Аңызда калган сабагы
Ыргалып турбай ак буудай.
Бул кай мезгил болгонун,
Балдар, өзүң ойлонгун.

Жалбырап куурап, гүл солуп,
Ой-тоону күмүш кар баскан.
Өзөндө суугa муз тоңуп,
Төрт мезгил түрү алмашкан.
Бул кай мезгил болгонун
Балдар, өзүң ойлогун.

*А. Токтомушев*

## АДАМДЫН КАНАТЫ

Ат – адамдын канаты,
Кайда болсо кетесиң.
Ат адамдын чын досу,
Куусаң, жоого жетесиң.

Минсең, учуп шамалдай,
Көңүл ачат, чер жазат.
Агын сууга туш келсең,
Алып өтөт, кутказат.

Ат сыйлаган жөө баспайт,
Камчылабай жемдегин!
Ат жакшысы байге алат,
Текке кетпейт эмгегиң.

Ат адамдын канаты,
Кайда болсо жетесиң.
Ат адамдын чын досу,
Куусаң, жоого жетесиң.

*А. Токтомушев*

# ФУТБОЛ КАЧАН ПАЙДА БОЛГОН?

Футбол оюнун билбеген, көрбөгөн адам жоктур. Бул эң кызыктуу оюндардын бири болуп эсептелет. Аны бардык өлкөлөрдө балдар да, чоңдор да ойногонду жакшы көрүшөт.

Түштүк америкалык индеецтер эки командага бөлүнүп алып, биринчилерден болуп каучук топту тээп, футбол сыяктуу оюнду ойношкон экен. Албетте, бул оюнду ойноодо ар бир өлкө өзүнүн эрежелерин ойлоп чыгарган. Бирок азыркы убакта ойнолуп жаткан футболдун эрежелери XIX кылымда Англияда иштелип чыгып, бардык өлкөлөргө жайылган. 1889-жылы Голландияда футбол боюнча Улуттук Федерация түзүлгөн.

Азыр футболду эркектер гана эмес, аялдар да ойношот. Миллиондогон күйөрмандар стади-



ондорго барып, же болбосо телевизордон футбол боюнча матчтарды көрүшөт.

1. *Футболду биринчилерден болуп кимдер ойношкон?*
2. *Футбол ойнойсуңбу?*
3. *Биздан өлкөбүздөгү кандай футбол командаларын билесиң?*
4. *Үйдөн белгилүү эл аралык калыс Равшан Эрматов жөнүндө билип кел.*

## АТЫР

Илгери убакыттарда атыр жасоо өтө ардактуу кесиптердин бири болгон. Байыркы Египетте атырды атайын адамдар гана жасашкан экен. Атырдан колдонуу Байыркы Чыгышта башталып, кийин Греция, Рим жана Византияга чейин жеткен. Ал убакыттарда мончого келгендер жуунуп бүткөндөн кийин денеге сүртүлүүчү жыттуу майларды колдонушкан.

Өзгөчө орто кылымдарда атырды колдонуу модага айланган имиш. Адамдар майрам күндөрү атырды өздөрү гана себинбестен, аны үй жаныбарларына да куюшкан.

XII кылымда Италияда спиртти ойлоп чыгарышкан. Ушул мезгилден баштап атыр жасоонун жаңы ыкмасы пайда болгон. Эми жыттуу заттарды суюктуктукта, спирттин курамында сактамакчы болушкан. XIV кылымда атырдын жасалышын Европада көптөгөн мамлекеттер билип калышкан. Дагы 300 жылдан кийин гана азыркы

биз колдонуп жаткан атырлар жасала баштаган. Ал эми Францияда болсо XVII кылымдын башында гана чыгарыла баштаган.

Азыркы убакта атырдын ар кандай түрлөрү бардык өнүккөн мамлекеттерде чыгарылып жатат. Бирок эң кымбат баалуу жана жогорку сапаттуу болуп француз атырлары эсептелет.

*1. Эң биринчи атыр кайсы жерде иштеп чыгылган?*
*2. Кайсы мамлекеттин атыры эң кымбат, баалуу, сапаттуу экен?*

## КОЁНУМ



Коёнум, коёнум,
Капустага тойбодуң.
Көлөкөңдү тааныбай,
Коркконуңду койбодуң.

Коёнум, коёнум,
Так секирип ойногун.
Сабиз менен капуста,
Баарын эгип койгомун.

*А. Токтомушев*

## АК КАЛПАКТЫН КАСИЕТИ

Байыртадан эле кыргыз эли баш кийимди кадырлап-барктап, ага өзгөчө мамиле жасаган экен. Кыргыздар күн чыкканга чейин туруп, бети-колун жууп, денесин тазалап, анан калпакты

башына кийгенден кийин гана күндүн чыгышын тосушкан. Андан кийин өзүнө жана башкаларга жакшы тилек каалап, өз ишин башташкан.

Кыргыздар баш кийим киймейинче үйдөн чыкчу эмес. Баш кийимин башка бирөөгө кийгизип же кайсы бир жерге унутуп калтырып койсо, илгеркилер: «Ой, башың каякта? Башыңды барган жериңе калтырып келдиңби?», «Баш кийимди белекке бербейт!» деп айтышкан.

Чет өлкөлүктөр да кыргыз элинин улуттук баш кийими болгон ак калпакка өтө кызыгышат. Ак калпак койдун жүнүнөн жасалат жана ден соолукка абдан пайдалуу. Ал сууктан да, шамалдан да, күндүн нурунан да сактагандыктан, аны кыргыздар жайы-кышы баштан түшүрбөстөн кийип жүрүшөт.

Калпактын формасы эң эле так. Ак калпак 1977-жылы «Эл аралык көргөзмөгө» коюлуп, байгелүү орун алып, күмүш медалга арзыган. Чындыгында эле, кыргыз калпагы кандай керемет, кандай жарашыктуу! Ал – кыргыз элинин улуттук жүзү.

?

*1. Ак калпакты эмне максатта кийишет?*
*2. Ак калпактын касиети кандай экен?*
*3. Көргөзмөгө качан коюлган?*

## АКЫЛМАН КАЗЫ

Илгери бир жигит алыс сапарга жүргөнү жатып, коңшу чалга: «Мен келгенче катып койгун», деп аманат кылып, акчасын таштап кетет. Ара-

дан бир топ жыл өтөт. Жигит сапардан кайтат. Баягы аманат калтырган акчасын чалдан сурайт. Чал каратып туруп:

– Балам, жаңылып жатасың, мен сенден бир тыйын алган эмесмин, – деп акчасын бермек турсун, танып коёт.

Жигит айыл ичиндеги жакшы санаалаш кишилерине кеңешет. Ошентип казыга барып, жигит болгон окуяны айтып берет. Эртеси чалды чакыртып:

– Кана эми, карыя, кудайың төбөңдө турат, чыныңды айт. Мынабу жигиттин акчасын алдың беле? – деп сурайт.

– Туура айтасың, казы балам, кудай өзү көрүп тургандыр, жарым тыйын алган эмесмин. Сакалдуу башым менен кантип калп айтайын, – деп карганып да жиберет чал.

– Сен акча бергениңде көргөн күбөң барбы? – деп сурайт казы.

– Жок, казым, – деп жооп берет жигит.

– Деги сен бул чалга акчаңды кайсы жерден бердиң эле?

– Мына бул жакта бир терек бар. Ошонун жанында туруп бергем.

– Эмесе, ошол теректи суракка ээрчитип алып келгин, – деди казы.

– Урматтуу казы, теректи кантип ээрчитип келүүгө болот...

– Келет! Мына, мобул мөөрдү ага көрсөтсөң келет. Баргын, – деп казы жигитке мөөрүн берип, терекке жиберет.

Жигит катуу капа болуп сыртка чыкты. Кантип эле теректи алып келүүгө болсун. Ал эми чал: «Менин ишим оңунан чыкмак болду. Терек да казыга келчү беле, күлкүнү келтирет», деп сүйүнүп отурду.

Арадан жарым саат өткөндөн кийин казы чалдан:

– Карыя, айтыңызчы, жанагы жигит терекке жетип калдыбы?

– Жок, али жете элек, – деген чал токтолбостон жооп берди. Арадан бир саат өткөндөн кийин казы дагы сурады чалдан.

– Эми жеттиби, карыя?

– Жетип калды көрүнөт, – деди чал, эч нерседен капарсыз.

Арадан дагы бир топ убакыт өткөндөн кийин казы үчүнчү жолу:

– Жигит бери кайтып калгандыр ээ, карыя? – деп сурады.

– Кайтып калды, – деп чал дагы жооп берди эч капарсыз.

Бир кезде жигит капалуу кирди да, казынын мөөрүн берип:

– Мөөрдү терекке кадап койсо да, сиздин алдыңызга келе турган эмес, казы, – деди.

– Келди, капкачан келип кетти, – деп казы жылмайды.

– Качан? – деп чал чочуп кетти. – Келсе мен көрбөйт белем.

Казы чалга тигилип туруп, жай гана айтты.

– Мен сизден үч суроо сурадым: биринчисинде «Жете элек», деп жооп бердиңиз. Экин-

чисинде «Жетип калды», дедиңиз, үчүнчүсүндө «Кайра кайтып калгандыр», деп жооп бердиңиз. Чынбы? – деп чалдан сурады. Чал үн-сөзсүз башын ийкеп жиберди.

– Эгер ошол теректин жанынан бул жигиттен акча албаган болсоңуз, анда теректин кайсы жерде, ага жеткенче канча убакыт керек экенин, жигиттин терекке жетип, кайра кайтканын кантип билдиңиз?

Чал үн-сөзсүз жок шалдайып отурду. Күнөөсүн мойнуна алып, казыдан, жигиттен кечирим сурап, акчасын берген экен.

*1. Жигит акчасын кимге бериптир?*
*2. Чал акчасын бердиби?*
*3. Жигит кимге кайрылды?*
*4. Казы кандай кылып акчасын алып берди?*

## БАЙЧЕЧЕКЕЙ

Күн жылый баштады. Кар тоону карай улам өйдөлөп бара жатты. Мына ушинтип кар алдында жаткан Байчечекей баш көтөрдү. Өзүнүн көпкөк көздөрүн ачты.

– Эх, кандай суук! – деди ал бүрүшкөн түрдө. Анын назик жалбырактары да калтырай түштү. Жаңы жүргөн жел болсо аны эркелеткендей сылап өттү. Байчечекей ылдый жакка – көк-жашыл тукабадай кулпурган майсаңга көз чаптырды. Эмне деген коомдук! Дарактар төрсөйүп, бүчүр байлап алыптыр. Мына жалбырактарын жазып жиберчүдөй көрүнөт. А тээтигинде

бадал түбүндөгү Фиалка гүлү жашырынып калган жылдыздай жылт-жулт этет.

Чөптөр да чыгып калыптыр. Фиалка чымчыктардын тиктегенинен уялгансып, башын бир жагына кыйшайтып алыптыр.

– Фиалка! – деп кыйкырды Байчечекей, – сен уялбай эле кой, сен баарынан сулуусуң. Биз баарыбыз сени жакшы көрөбүз.

Фиалка башын көтөргүсү келди эле, бирок ошол замат кайра түшүрдү. Анын адаты дал ушундай.

Арадан бир-эки күн өттү. Байчечекей кубанычтуу кыйкырды:

– Карасаңар, карасаңар, бизге **Нарцисс** келиптир. Ал кандай назик, кандай жыттуу!

Баары Нарциссти карап калышты. Чын эле өсүп, гүлдөп калыптыр. Көп узабай бажырайып ак гүлдөрү пайда болду, дал эле чөптөрдүн арасында турган Күндөй жаркырады.

Ушунтип күндөр өтө берди, шалбаада улам жаңы гүлдөр пайда болду. Мына кызыл жибек кийинген Кызгалдак гүлүн ачып, алгачкы **аптап** менен кошо айланага жыпар жытын чачты. Берешен Күнгө жүзүн тоскон гүлдөр кубанычка батышты. Алар Байчечекейдин өңү өчүп, солуй баштаганын сезбей да калышты.

Гүлдөр жагдайды сезишкен учурда кеч болуп калган эле. Байчечекей өзүнүн кыска өмүрүн жашап бүтүп, жерге суналып жатып калган. Нарцисс оор үшкүрдү:

– Ал биз гүл ачканда кандай гана кубанды эле! А биз болсок өзүбүз менен убараланып

жатып, анын гүлдөп турган учурун көрбөй калыптырбыз. Эми ал биздин жаныбызда жок. Аптап башталып, ал мындан ары жашай албай калбадыбы.

Гүлдөрдүн баары аябай кайгырышты. Алар Байчечекейдин биринчи болуп гүл ачып, жаздын келишин биринчи болуп билдиргенин айтышып гана өздөрүн сооротушту.

*А. Ахмедова*

**Нарцисс** – гүлдүн аты.
**Аптап** – ысык, күндүн ысый баштаганы.

?

1. *Байчечекей кантип жаралыптыр?*
2. *Байчечекей жаралганда айлана кандай экен? Ал жерди тексттен табалы!*
3. *Байчечекейдин башкалардан өзгөчөлүгү эмнеде?*
4. *Ал эмне үчүн башкалардан мурда солуп калды?*
5. *Башка гүлдөр эмне үчүн Байчечекейди жакшы көрүшөт экен жана ал солуп калганда өздөрүн кантип сооротушту?*

## УЛАГЫМ

Ой улагым, улагым,
Тикчиет сенин кулагың.
Таштан-ташка секирип,
Ойногуң келет, чунагым.

Ой улагым, улагым,
Эң эле чебер туягың.

Жар боорунда ойнобой
Жазылбайт сенин кумарың.

Ой улагым, улагым,
Ойноп турган убагың.
Карышкырга жедирбей,
Кайтарып багып турамын.

Ууруга сени алдырбайм,
Бөрүгө кардың жардырбайм.
Ойносоң ойно, улагым,
Ошончо сени кадырлайм.

*1. Ыр ким жөнүндө экен?*
*2. Үйүңдө улагың барбы?*
*3. Ырды жаттап ал.*

## ТӨЛГӨЧҮ

Илгери бир кедей адам жашаптыр. Бир күнү аялы ага ачууланып:

– Сен эркексиңби деги, бир жерден ичерге тамак, киерге кийим таап келсең боло. Сага чыккандан бери агартып көйнөк кийбедим, алгылыктуу оокат ичпедим. Качанкыга чейин эле эч нерсеге жетинбей, жорудай болуп жүрөмүн! – деп буркан-шаркан түшөт.

– Оокатты мен кайдан таап келем. Бирөөлөр мага оокатын бекер бербесе, эмне кыл дейсиң. Айтчы деги, кайда барып, эмне кылайын? – дейт күйөөсү айласы кетип.

Аялы күйөөсүнө бир жоолук менен кырк бир кумалак берди да: «Ушуларды алып, эки жолдун кошулган жерине барып отургун же базарга баргын. Жоолукту алдыңа жайып кой, кумалакты анын үстүнө чачып ташта. Жаныңдан өткөн кишилер: «Ой, бул эмнең, эмне кылып отурасың?» деп сурашат. Ошондо сен: «Ушул кумалактар менен элдин жоголгон малын таап берем, жаман иштерин айтып берем, бул чачылып жаткан кырк бир кумалакты «төлгө» деп коёт. Андан көрө келип төлгө салдыр», деп жооп бере бергин.

– Жоголгон малын кантип табамын, эч нерсени билбесем эмнени айтамын. Кайсы жаман-жакшы иштерин билмек элем, – дейт күйөөсү.

– Бирөө келет, мен кой жоготтум деп, анда сен кумалактарды колуңа уучтап туруп жоолукка чачып таштагын да, оозуңа эмне кирсе, ошону айта бергин. Ошол айтып бергениң үчүн алар сага акча беришет. Ошол тапканың менен оокат кылабыз! – деп, аялы безилдеди.

Ары ойлонуп, бери ойлонуп, аялынын сөзүнөн чыга албай баягы кедей эки жолдун айрылышына келип отурду. Жоолукту алдына жайып коюп, ага кумалактарды чачып салып отура берди. Бир маалда эшегин жоготкон бир киши келди да:

– Бул жерде эмне кылып отурасың? – деп сурады.

– Мен төлгөчүмүн. Элдин жоготкон малын төлгө салып таап берем! Башка да жаңылыктардан айтып берем, – деди кедей.

– Менин эшегим жоголуп кетти эле, төлгөңдү тартып ошону таап берчи, – деп баягы киши төлгөчүгө беш тыйын таштады.

Төлгөчү кумалактарын уучтап туруп жоолуктун бетине чачып жиберип, аларды тиктеп ойлонуп калат. Эмне айтаарын билбей, оозуна эч нерсе кирбей, тунжурай түшөт. Төлгөчү кедей илгери бир кезде ооруп, ага табып узун жалбырактуу санаа деп аталган чөп берип даарылап, айыктырганы кылт эсине түшөт калат да, эшектин ээсине карап:

– Сен санаа ичкин, – дейт.

– Менин жоголгон эшегим табылабы же табылбайбы, ошону ачык айтпайсыңбы. Санаа ичкидей мен оорукчан белем, эч оорум жок, – дейт.

– Көп сүйлөбөй айтканымды кылгын! – дейт төлгөчү да.

Баягы эшегин жоготкон адам үйүнө барып, төлгөчүнүн айтканы боюнча санаа ичет. Санаа тигинин ичин ала баштайт. Тиги шашылып камыштын арасына барып отура калса, шабыраган дабыш чыгат. Тиги киши шабыраган эмне болду деп карай салса, жоголгон эшеги ошол жерде жүрөт. Ал эшегин таап алып, сүйүнгөнүнөн кайта төлгөчүгө келип: «Сен накта олуя төлгөчү экенсиң, капкачан жоголгон эшегимди таап бербедиңби», деп сүйүнүп дагы акча берип кетет.

Ошентип, бара-бара баягы кедей төлгөчү аталып кеткен экен.

*1. Кемпир чалына эмне үчүн капа болду?*
*2. Чалды эмне кылууга үйрөттү?*
*3. Чалдын колунан келдиби төлгөчүлүк?*
*4. Кандай кылып эшекти таап берди?*
*5. Жомокту сүйлөп бер.*

## КИМ БОЛОСУҢ ӨСКӨНДӨ?

– Жетилесиң, толосуң,
Өскөндө ким болосуң?
Азыртадан алдыңа
Кандай максат коёсуң?
Кай кесипти баалайсың?
Ким болууну каалайсың?

## АГРОНОМ

Кай жакта эмне айдалат,
Эмгекти кай жер кайтарат,
Түшүмү канча болорун
Күн мурун тактап айта алат.

## НААБАЙЧЫ

Аткарып койгон таламды,
Наабайчы болгон жаманбы?
Барсайган ширин нан жасап,
Кубантсам жеген адамды!

## ВРАЧ

Сылык сүйлөө адаты,
Жарашып бойго халаты.
Эл өмүрүн коргогон,
Ырдаса бүтпөс санаты.

## БАГБАН

Бакчасын көрүп багбандын,
Аябай айраң калганмын.
«Кесиппи бакчы», деп айткан
Сөзүмдү кайра алганмын.

## ЭЛЧИ

Көрө билип алысты,
Коргоп элдик намысты.
Элчи болуп барсам дейм
Өлкөлөргө алыскы.

?

1. *Кесиптер көп экен го, ким болууну кааладың?*
2. *Дагы кандай кесиптерди билесиң?*
3. *Кайсы кесип эң жакшы деп ойлойсуң?*

## САМАНЧЫНЫН ЖОЛУ

...Жыйым-теримдин биринчи күнү өзүнчө эле майрам эмеспи. Ушунда болуп, ал күнү кабагы суз адамды көрө албадым. Майрам деп ал күндү эч ким айтпаса да, кандайдыр ар кимдин үнү да шаңдуу, өзү да шаңдуу, айдаган арабасы, минген аты, кылган жумушу – баары тең шаңдуу...

– Ооба, Толгонай. Ал күнү так ушундай болгон. Сен ал күнү таалай дегенди дагы да тереңирээк түшүнүп, мага сырыңды айткансың, Толгонай.

– Мен азыр да ошону айтмакмын. Мен азыр да ал күнкүнү түгөнгүс жомоктой айтам.

Аздан кийин орокчулар жумушуна киришип, аңызда иш кызып, саратан чырылдап, күн кайнады. Бирок эртең мененкиден калган кубаныч улам жүрөктө талпынып, көңүлүмдү өстүрүп, салкын желдей сергитип турду. Ошол күнү болгондун баарысы мен үчүн болгондой, атайлап таалайыма жасалгандай сезилип жатты. Шыңгыраган ороктор, шулдурап жыгылган буудайлар жагымдуу үн алышып жатса, нары жакта Касымдын комбайны кирген суудай күркүрөп, «оп майданын» жаңычасын ырдагандай, эгинди жапырып чаап жатты. Комбайнда алакандарын тосуп, кочушу толгон данды бетине алып келип жыттаганда өзүм да семире түштүм. Жарыктык дандын жытындай асыл жыт эмнеде болсун!

– Ээй арабакеч, бол эрте! – деп Касым тоонун башынан үн салгандай кыйкырды эле, тактай араба жетип келип, комбайн токтой калганда Алиман:

– Суусун жеткире коёюнчу! – деп карапаны алып, Касымга жүгүрдү. Кечке жуук орокчуларга деген жаңы буудайдын наны да даяр болду. Жаңы нандан эң биринчи иретте орокчулар ооз тийиши илгертен салт эмеспи. Ал нанды өгүнү биз аңыздардын четинен органы боолорду токмоктоп даярдашкан болучу. Жаңы буудайдын нанынан ооз тийгенде, ар качан касиеттүү даам татыгандай болом. Өңү кара болгону менен камыры суюк жуурулган-

дай, жаңы нан анча-мынча жашыгыраак болгону менен анын дүмбүл даамына, күн, түтүн жыттанган жытына эмне тең келсин!..

*Ч. Айтматов*

1. *Жыйым-теримдин биринчи күнү кандай болот экен? Эмне үчүн?*
2. *Жаңы нандын даамы кандай экен?*
3. *Таалай дегенди кандай түшүндүң?*
4. *Чыгарманын автору жөнүндө эмне билесиң?*

## БАДЫРАК

Балдар оюндун кызыгы менен апасынын үйгө киргенин байкабай да калышты.

– Нургүл! Бакыт! – деп чакырды эне көтөргөн жүгүн жерге коюп, жеңилдене дем алып. Апасынын үнүн угушкан балдар кубанычтуу чуркап келишти.

– Апабыз кел-ди! Апабыз кел-ди!

Энеси базарлыгын алып чыгып, жайнатып стол үстүнө койду. Экөө эки жагында, колдорунда самаган бадырактары.

– Жей койгула. Кандай таттуу бадырак, ы-ым! – деди апасы ырахаттана эки көзүн чылк жуумп. Нургүл менен Бакыт бадыракты барсылдата чайнашып, бири-бирине көрсөтүшүп: «Меники таттуу! Меники таттуу!», дешип жеп жатышты. Бир гана эненин оозу кыймылдаган жок. Ал балдарынын кубанычтуу жүздөрүнө карап, өзүнчө ыраазы. Апасынын эч нерсе жебей

жөн гана отурганын эң биринчи болуп Бакыт байкай койду.

– Апа сиз эмне жебейсиз? – деди ал топчудай тегерек көздөрүн жалжылдата карап. Уулунун баамчылдыгына кубанган эне:

– Мен өзүмө бадырак алам деп унутуп коюпмун, – деди күлүп.

– Анда менин бадырагымдан алыңыз. Апа, алыңыз!

Эне уулунун бул баамчылдыгына ыраазы боло бадырактан алды.

?

1. *Бакыт менен Нургүлгө апасы эмне алып келди?*
2. *Бакыт апасына эмне деди?*
3. *Сен да бадыракты жакшы көрөсүңбү?*

## БАРДЫК НЕРСЕ ӨСҮҮДӨ

Боюн созот теректер
Жылдыздарга жетүүгө.
Байкоо салсаң жакшылап,
Бардык нерсе өсүүдө.

Жазда гүлдөп, күзүндө
Мөмө берет алма бак.
Чигит өнүп, акыры
«Ак алтынга» айланат.

Күпүлдөтө жагылган
Көмүрүнүн күчүбү?..
Өсүп эле баратат
Паровоздун түтүнү.

Оюн салып көктөмдө,
Козу-улактар торолот.
Уядагы балапан
Учуп чыгат оболоп.

Улам жаңы класска
Жылда калбай көчөбүз.
Мына ушинтип биз дагы
Билим менен өсөбүз.

*Т. Самудинов*

# МАЗМУНУ

## ЭГЕМЕНДҮҮ ӨЛКӨМ МЕНИН


Өзбекстан – Мекеним менин ................................ 4
Ата журт ................................................ 5
Биздин айыл ............................................. 6
Кичи мекеним ............................................ 8
Ташкент ................................................. 8
Ташкент метросу ........................................ 10
Кандай сөз ............................................. 12
Күн желеси деген эмне? ................................. 12
Күн карама неге жерге карайт? .......................... 14
Адилеттүү падыша ....................................... 15


## ӨЗБЕКСТАН – ӨЗ ӨЛКӨМ


Мекен – эне ............................................ 20
«Менин алтыным» ........................................ 20
Кырылдак менен Ырылдак ................................. 22
Көз айнек .............................................. 23
Артезиан кудугу деген эмне? ............................ 24
Каркыралар ............................................. 25
Аюу эне, мамалактар жана алмачык ....................... 26
Ташкентке саякат ....................................... 28


## АЛТЫН КҮЗ


Күз .................................................... 32
Тоодон туруп карасаң ................................... 32
Нан .................................................... 33
Жер байлыгы – эл байлыгы ............................... 33

Эсепжагы силерде ........................................ 34
Банан дарагы кандай өсөт? ................................ 35
Чөптөн өргөн уйкаштар ................................... 38
Картошка алгач каерде пайда болгон? ................. 38
Күз ........................................................... 40
Гүлдөр жана тикендер..................................... 41
Күн салыпжиберейинби, ата?............................. 44
Чемпиондук сыры ........................................... 45

## РУХАНИЯТ – ЖЕҢИЛГИС КҮЧ

Адамдын пейили ............................................ 47
Күзгү ......................................................... 51
Мен акылдуумун,ошол үчүн күнөөлүмүн............... 52
Баатырлык.................................................... 56
«Чымчыктын да уясы бузулбасын...» .................. 57
Атама ........................................................ 59
Жакшы тилек ............................................... 60

## БАБАЛАРДАН КАЛГАН СӨЗ

Бабабыз Амир Темур ....................................... 62
Жомок ........................................................ 62
Нандын жыты ................................................ 63
Алишер менен булбул...................................... 65
Ажыдаар аял ................................................ 68
Балдарга насыят............................................. 72
Калптар ...................................................... 73
Эне тилеги .................................................. 74

## ӨЛКӨБҮЗДҮН ТАРЫХЫНАН

Мөөр менен Мээр ........................................... 76
Шерзаттын «сыры» ......................................... 78
Айбанаттар паркында...................................... 80

Жаштардын чыгармачылык сарайы ..................... 80
Амир Темур жана кумурска ................................ 81

## КҮМҮШ КЫШ

Ак кар ........................................................ 84
Булбул ........................................................ 85
Кар киши ...................................................... 86
Апендинин жоруктарынан ................................ 87
Калптар ....................................................... 87
Логогриф ..................................................... 88
Кичинекей викторина ..................................... 90
Таттуу ......................................................... 90
Ийгиликтин сыры ........................................... 90
Арча ............................................................ 91
Жаңы жыл .................................................... 92
Падыша менен Култемир ................................. 93
Табышмактар ................................................ 96
Таразачы маймыл .......................................... 97

## ЖАКШЫ ДЕГЕН ЭМНЕ, ЖАМАН ДЕГЕН ЭМНЕ?

Ат жакшы көргөн бала ................................... 100
Акылдуу бала ................................................ 103
Сылык болом ................................................. 104
Ушул жазда ................................................... 105
Дыйкан менен доңуз ....................................... 105
Сурапбилүү адеби .......................................... 107
Коркок баатыр ............................................... 107

## ЖАНЫБАРЛАР ДҮЙНӨСҮ

Өрдөгүм ....................................................... 112
Эшек неге айкырып,карга неге каркылдайт? ....... 112
Аары ............................................................ 114

Алданган карышкыр ........................................ 115
Дүйнөдөгү кызыктардан ........................................ 116
Кыргый менен үкү ........................................ 117
Балам,балам,жан балам! ........................................ 118
Апендинин жоруктарынан ........................................ 119

## ЖАРКЫРАГАН ЖАЗ АЙЫ

Эрте жаз........................................ 121
Апама белек ........................................ 122
Нооруз – жаз майрамы ........................................ 123
Жазда ........................................ 124
Май – сулуу ай........................................ 125

## УЛУУ БАБАЛАРЫБЫЗ – БИЗДИН СЫЙМЫГЫБЫЗ

Алтын уя ........................................ 127
Берунийдин эс алуу күндөрү........................................ 129
Мугалим........................................ 130
Акылман сынчы ........................................ 131
Нажмиддин Кубро ........................................ 133
Мекеним ........................................ 136
Умай эне ........................................ 137

## ДҮЙНӨЛҮК БАЛДАР АДАБИЯТЫНАН

Айлакер бала ........................................ 138
Калайдан жасалган чыдамкай аскер........................................ 141
Бапак тиккич жана бир киши ........................................ 149
Эки дос ........................................ 151

## ЖАЙ МЕЗГИЛИ – СОНУН МЕЗГИЛ

Аба ырайынын кабарчылары........................................ 154
Жайкы эс алуу........................................ 154

Жайдын кечи ........ 156
Мээрим ........ 156
Мөмө ........ 158
Адеп ........ 158
Адамдын досу ........ 160
Окугандын көзү ачык ........ 162
Кызыктар кутучасынан ........ 164
Акылдуу дыйкан ........ 164
Эмнеге мен жердемин? ........ 167
Табышмак ........ 167
Үч суроо ........ 168
Суроо ........ 168
Табышмактар ........ 168
Апендинин жоруктарынан ........ 169
Алтын балык ........ 170
Апендинин жоруктарынан ........ 171
Биле жүр ........ 172
Тамгалар ........ 172
Эки күлүк ........ 173
Эки бир тууган ........ 173
Көпөлөк ........ 175
Кайрымдуулук ........ 175

## КЛАССТАН ТЫШКАРЫ ОКУУ

Коңур күз ........ 179
Өжөр жөргөмүш ........ 179
Энекем ........ 182
Алкыш ........ 182
Биздин короонун балдары ........ 184
Каздар агып баратат ........ 185
Табышмактар ........ 186
Күрөш ........ 187
Ийнелик ........ 187

Чынчыл чыпалак .......................................... 187
Мен чоңоюп, эр жетсем ................................... 189
Бул кай мезгил, кай учур ................................ 189
Адамдын канаты .......................................... 190
Футбол качан пайда болгон? .............................. 191
Атыр .................................................... 192
Коёнум .................................................. 193
Ак калпактын касиети .................................... 194
Акылман казы ............................................ 195
Байчечекей .............................................. 197
Улагым .................................................. 199
Төлгөчү ................................................. 200
Ким болосуң өскөндө? .................................... 203
Агроном.................................................. 203
Наабайчы ................................................ 204
Врач..................................................... 204
Багбан .................................................. 204
Элчи .................................................... 204
Саманчынын жолу ......................................... 205
Бадырак ................................................. 206
Бардык нерсе өсүүдө ..................................... 207

*O‘quv nashri*

**Yeraliyeva Gulbayra Abbosovna**
**Zulpixarova Aynagul Anvarjonovna**

**O‘QISH KITOBI**

*(Qirg‘iz tilida)*

Ikkinchi nashri

Umumiy o‘rta ta’lim maktablarining
4-sinfi uchun darslik

«O‘zbekiston milliy ensiklopediyasi»
Davlat ilmiy nashrioyti
Toshkent – 2017

Редактору *А. Зулпихаров*
Дизайнер *А. Якубжанов*
Сүрөтчү *Ж. Бадалов*
Тех. редактор *У. Сапаев*
Компьютерде даярдаган *Ш. Сирожиддинов*

Басма үйүнүн лицензиясы AI № 160, 14.08.2009-ж.
16.06.2017-ж.да басууга уруксат этилди. Форматы 70 x 90 $^1/_{16}$.
Кегль 18. Офсеттик усулда басылды. Шарттуу басма табагы 15,80.
Басма эсеп табагы 13,0. Нускасы 722. 4805-сандуу буюртма.

«O‘zbekiston milliy ensiklopediyasi» Мамлекеттик илимий басма үйү,
Ташкент–011, Навоий көчсү, 30-үй.

«Sharq» басма-полиграфиялык акционердик компаниясынын
басма үйүндө басылды. 100000, Ташкент шаары, Буюк Туран көчөсү, 41.

## Ижарага берилген окуу китебинин абалын көрсөтүүчү жадыбал

| № | Окуучунун аты, жөнү | Окуу жылы | Китептин алынгандагы абалы | Класс жетекчисинин колу | Китептин тапшырылгандыгы абалы | Класс жетекчисинин колу |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | | | | | | |
| 2 | | | | | | |
| 3 | | | | | | |
| 4 | | | | | | |
| 5 | | | | | | |

## Окуу китебин ижарага бергенде жана окуу жылынын аягында кайтарып алганда жогорудагы жадыбал класс жетекчиси тарабынан баалоонун төмөнкү критерийлеринин негизинде толтурулат

| | |
|---|---|
| Жаңы | Окуу китебин пайдаланууга алгачкы жолу берилгендеги абалы. |
| Жакшы | Мукабасы бүтүн, китептин негизги бөлүгүнөн ажырабаган. Бардык барактары бар, жыртылбаган, көчпөгөн, беттеринде жазуу-чийүүлөрү жок. |
| Канааттандырарлык | Мукабасы эзилген, бир аз чийилип, беттери тытылган, китептин негизги бөлүгүнөн ажыраган түрү бар, пайдалануучу тарабынан канааттандырарлуу ремонттолгон. Көчкөн барактары кайра ремонттолгон, айрым беттери чийилген. |
| Канааттандырарлык эмес | Мукабасына чийилген, ал жыртылган, негизги бөлүгүнөн ажыраган же таптакыр жок, канааттандырарсыз ремонттолгон. Беттери жыртылган, барактары жетишпейт, чийип, боп ташталган, окуу китебин калыбына келтирүүгө болбойт. |